This project is funded by
the European Union

Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «КАСТЫК ТИЛИ»

Жогорку окуу жайлардын мугалимдери үчүн
окуу-методикалык колдонмо

Бишкек
2021

Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «Кастык тили»

Жогорку окуу жайлардын
мугалимдери үчүн
окуу-методикалык колдонмо

Бишкек

2021

Воронина Е.А., Токтогулова Э., Кайыпов Э. Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «Кастык тили»: Жогорку окуу жайлардын мугалимдери үчүн окуу-методикалык колдонмо. — Бишкек: «ММК колдоо борбору» КФ, 2020. — 136 б.

Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «Кастык тили» аттуу окуу-методикалык колдонмо Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын жогорку окуу жайларынын мугалимдери үчүн иштелип чыкты.

Колдонмо долбоордун жумушчу тобу тарабынан даярдалды: ММК колдоо борбору (Кыргыз Республикасы), «Medianet эл аралык журналистика борбору» КФ (Казакстан Республикасы), «Өзбекстан Республикасынын заманбап журналистиканы өнүктүрүү борбору» КБ, «Гурдофарид» коомдук уюму (Тажикистан Республикасы) – региондогу төрт өлкөнүн улуттук мыйзамдарынын негизинде ERIM (Equal Rights & Independent Media, Франция) уюмунун катышуусу менен даярдалды.

Окуу-методикалык колдонмонун автордук жамааты медиа, адам укугу жана билим берүү методикасы жаатындагы адистерден куралды.

Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «Кастык тили» аттуу окуу-методикалык колдонмо ЖОЖдордун мугалимдерине, жарандык билим берүү жана маалыматтык сабаттуулук менен алектенген коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле бул тармакты өнүктүрүүгө кызыктар болгон бардык адамдарга арналган.

Колдонмо Европа Биримдигинин финансылык колдоосу астында даярдалды. Колдонмодогу материалдар Европа Биримдигинин расмий көз карашын чагылдырбашы мүмкүн.

Долбоордун командасы

Елена Воронина. Автордук топтун методикалык-тематикалык лидери, долбоордун координатору (Кыргыз Республикасы)

Айчурек Усупбаева. «ММК колдоо борбору» Фонду (Кыргыз Республикасы)

Майра Зейнилова. ERIM (Equal Rights & Independent Media, Франция)

Алена Кошкина. Medianet эл аралык журналистика борбору (Казакстан Республикасы)

Саида Сулайманова. «Өзбекстан Республикасынын заманбап журналистиканы өнүктүрүү борбору» коомдук уюму

Рахбар Маджидова. «Гурдофарид» коомдук уюму (Тажикстан Республикасы)

МАЗМУНУ

Редактордон 4

1-сабак. 9
Тема 1. «Кастык тили»: формалары, белгилери, классификациясы, негизги түшүнүктөр

2-сабак. 35
Тема 2. Сөз эркиндиги vs «кастык тили»

3-сабак. 53
Тема 3. Кастык тили улуттук жана эл аралык укуктардын алкагында

4-сабак. 65
Тема 4. «Кастык тили» Борбор Азия өлкөлөрүндөгү заманбап салттуу жана жаңы медиада

5-сабак. 89
Тема 5. «Кастык тилинин» объектилери. Корголгон мүнөздөмөлөр

6-сабак. 99
Тема 6. «Кастык тилин» колдонууну алдын алуу: методдору жана инструменттери

Тиркемелер

Тиркеме 1. Тесттер 115

Тиркеме 2. Кызыктуу фактылар 125

Тиркеме 3. Интерактивдүү окутуу боюнча глоссарий 134

РЕДАКТОРДОН

Заманбап медиа-коммуникациялык мейкиндиктеги «Кастык тили» аттуу окуу-методикалык колдонмо (мындан ары текстте - «Кастык тили») Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын жогорку окуу жайларынын мугалимдери үчүн иштелип чыкты.

«Кастык тили» курсунун максаты медиа жана маалыматтык сабаттуулукту (мындан ары текстте – ММС), сынчыл ойломду өнүктүрүү аркылуу студенттердин жарандык маалымдуулугун арттырууга салым кошуу. Жаштардын бул көндүмдөрүн өнүктүрүү алардын маалыматты аң-сезимдүү кабылдап, фейктерди, калпты чындык менен фактылардан ажырата билүүсүнө, жана онлайн-мейкиндикте гана эмес, күнүмдүк жашоосунда да ар кандай маалыматтык манипуляцияларга туруштук берүүсүно өбөлгө түзөт.

Заманбап дүйнөнүн шартында жогорку билим берүү системасынан медиа жана маалыматтык сабаттуулугу жогору, жүрүм-турум жана баарлашуу маданиятына ээ чеберчилиги жогору адистерди даярдоо талап кылынат.

«Кастык тили» аттуу окуу-методикалык колдонмо ЖОЖдордун мугалимдерине «кастык тилин» колдонууга байланыштуу темаларды чагылдырууда жана өтүлүп жаткан курстун алкагында ылайыктуу методдор менен ыкмаларды тандоодо жардам берүүгө арналган.

Бул колдонмону иштеп чыккандар курстун максаттарына жана милдеттерине көбүрөөк дал келген, ошондой эле жаш адамдарга билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун интерактивдүү методдорун колдонууну сунуш кылат. Андан тышкары, сунушталган методика дистанттык окуу формасында онлайн-сабактар үчүн да ыңгайлуу.

Интерактивдүү окутуу же өзүн-өзү окутуу, бул же тигил суроолорго жооп табууда студенттердин да, мугалимдердин да процесске бирдей тартылганын камсыздайт. Мугалимдерге бул методиканы лекцияларда да, семинардык сабактарда да максаттуу түрдө пайдалануу сунушталат.

Сабактарды иштеп чыгууда авторлор курстун теориялык жагынан да, практикалык жагына басым жасашты. Практикалык көндүмдөр менен жөндөмдөрдү өнүктүрүү – курстун башкы максаты. «Кастык тили» курсу боюнча ийгиликтүү окуу процессин уюштуруу үчүн ЖОЖдордун мугалимдерине, жана деги эле бул материалдарды пайдалангандардын баарына төмөнкүдөй мүнөздөгү окуу методдорун колдонуу сунушталат:

— Сый-урмат орун алган интерактивдүү чөйрөнү түзүүгө өбөлгө боло турган (курстун темасы, анын бүгүнкү күндөгү актуалдашуусу жана жаштардын онлайн-мейкиндикте активдүү убакыт өткөргөндөрү эске алынат);
— Курстун суроолорун студенттердин Интернеттеги жана офлайн формадагы өз ара сүйлөшүү боюнча жеке тажрыйбаларына жараша коюуга жардам бере турган;
— Студент Интернеттеги баарлашуу учурунда туш болчу реалдуу маселелерди чече турган, мисалы этникалык өзгөчөлүгүнө же пикирине катыштуу «кастык тилине», «жек көрүүчүлүк тилине» кабылганда ж.б.

Мына ушуга байланыштуу сабактардын структурасында окутуунун диалогдук методдору камтылды: аудиторияга суроо берүү, Борбор Азия өлкөлөрүнө тиешелүү кейстерди талкуулоо, «кастык тили» колдонулган кинотасмалардан, ММК же саясатчылардын билдирүүлөрүнөн алынган текстердин мисалдары берилген карточкалар менен иштөө.

Студенттерди окутуудагы аталган ыкмаларды жогорку билим берүү системасында новация катары кароого боло турганын эске алып, окуу-методикалык колдонмонун авторлору толуктоо катары сабактарды өтүүдө сунушталган методдордун сүрөттөмөсүн өтө тыгыз формада глоссарийде камтып кетүүнү туура көрдү. Бирок, бир сабакка бөлүнгөн кыска убакыттын ичинде бат жана эч кандай кыйынчылыксыз колдонууга боло турган гана анча татаал эмес интерактивдүү окутуу методдорун чакан санда берүү менен чектелди. Бул методдордун сүрөттөмөлөрүн башка окуу китептеринен да табууга болот, бирок алардын көбүндө жалпыланган гана сүрөттөмөлөр берилип, көбүнчө айрым бир окуу кырдаалдарында гана колдонулушу талданат. Окуу-методикалык колдонмонун авторлору болсо курстун темасын да, билим берүүдөгү, тренингдерди өтүүдөгү өзүлөрүнүн тажрыйбаларын да эске алышты. Сунушталгандардын арасында теманын өзгөчөлүгүнө, курстун максаттары менен милдеттерине ылайыкташтырылган автордук интерактивдик методдор да бар.

Курстун сабактары үчүн материалдар жергиликтүү жана эл аралык тажрыйбалардын негизинде иштелип чыкты. Негизинен Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан жана Тажикстан Республикаларындагы ММК жана социалдык тармактардагы кастык тилин аныктоого арналган 2020-жылдын апрель-сентябрь айларында BRYCA долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн медиа мониторингдин материалдарына басым жасалды.

Курстун структурасынын өзгөчөлүктөрү

Кастык тили» курсу алты сабактан турат. Бардык сабактар бирдиктүү структурага ээ, алар төмөнкү компоненттерден турат:

— тема жана подтемалар;
— предметтерди интеграциялоо;
— сабактын максаты (калыптандырыла турган билимдерди саноо);
— убактысы (сааттардын саны);
— өткөрүлө турган жери;
— алган билимдери менен көндүмдөрүн баалоо методдору;
— сабактын планы (практикалык көнүгүүлөр жана мугалимге, тренерге кеңештер камтылган);
— маалыматтык обзор (теориялык минимум);
— негизги түшүнүктөр;
— керектүү ресурстар;
— кошумча материалдар;
— негизги булактардын тизмеси.

Предметтердин интеграциясы

Авторлор «Кастык тили» курсунун темаларын же подтемаларын кошуп өтүүгө боло турган окуу сабактарын санап өтүштү.

Сабактын максаты

Курстун ар бир сабагы когнитивдик, социалдык-эмоционалдык жана жүрүм-турумга байланыштуу билимдер менен көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган. Ага жараша ар бир сабактын үч максаты бар.

1. *Когнитивдик максат* — бул окуяларды, кырдаалдарды, процесс, көрүнүштөрдү түшүнүү, билүү, сынчыл ойлом менен талдап түшүнүү, алардын өз ара байланышы менен көз карандылыгын тааный билүү, медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС), маалыматты сынчыл ойлом менен талдай билүү, анализдөө жана баалоо.
2. *Социалдык-эмоционалдык максат* — бул сезимдер, маанай, эмоциялар, бул бирөөгө жан тарта билүү, онлайн жана офлайн баарлашууда акыйкатсыздыкты сезип, түшүнө билүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүү, көп түрдүүлүктү, коммуникациянын ар бир катышуучусунун жекелигин сыйлоо, сүйлөшүү учурунда башкаларды кемсинтпөө, ар-намысына шек келтирбөө.
3. *Жүрүм-турумга байланыштуу максаты* — бул чечимдерди кабыл алуу, жүрүм-турум маданиятын өзгөртүү, анын ичинде онлайн мейкиндикте, бул жоопкерчиликтүү ишмердүүлүк, жопкерчиликтүү коммуникация, анын ичинде Интернетте да.

Сабакты өткөрүү убактысы

Окуу-методикалык колдонмо ЖОЖдордун мугалимдерине иштелип чыкканын эске алуу менен, лекциялар үчүн да, семинарлар үчүн да бир сабактын реалдуу академиялык убактысы – 1 саат 20 мүнөт тандалды.

Сабак өтүү методдору

Авторлор курстун бул же тигил сабагын өтүү үчүн колдонууга боло турган окутуу методдорун санап өтүштү.

Баалоо методдору

Бул жерде студенттер тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер менен жөндөмдөрдү баалоо методдору сунушталды, аларды мугалим сабактын жүрүшүндө колдоно алат (башында, сабак убагында же аягында).

Сабактын планы

Көпчүлүк ЖОЖдордо интерактивдүү методдорду колдонуу менен өтүлчү сабактар төрт этаптан турган пландын негизинде түзүлөт. Сабактын бул же тигил этабынын сүрөттөмөсүндө мугалимге сабактын темасын жарыялоодо эмнеге көңүл буруу керектиги, кайсы маселелерге басым жасоо боюнча сунуштар берилет.

Негизги түшүнүктөр

Сабактын темасын коштоп жүрө турган негизги түшүнүктөрдүн тизмеси берилген.

Керектүү ресурстар

Сабак өтүүдө мугалимдерге да, студенттерге да керек боло турган ресурстар аталды.

Сабактардын этаптары

1. **Чакырык таштоо.** Сабактын биринчи этабынын максаты студенттердин буга чейинки тажрыйбаларын актуалдаштыруу, алардын бар билимдерин жана тема боюнча билгендерин топтоо. Мугалим сабактын ушул этабында колдонуп жаткан бул же тигил окутуу методунун жардамы менен студенттердин билим деңгээлин көрө алат жана андан ары ишти кантип алып баруу керектигин, сабактын структурасында эмнени өзгөртүү керектигин, эмнеге көңүл буруу керектигин аныктап алат. Бир гана лекциялык ыкма эмес, ар кандай көнүгүү түрүндөгү практикалык ыкмаларды колдонуу да кубатталат.

2. **Маалымат менен иштөө.** Сабактын экинчи этабында студенттер сунушталган материалдар менен интерактивдүү формада иштешет: медиадан алынган текстер менен, көнүгүүлөрдү аткаруу ж.б.

3. **Аракеттен.** Үчүнчү этапта курстун маанилүү максаттарынын бири ишке ашырылат – жүрүм-турумга байланыштуу максат. Студенттер сабактын бул этабында «кастык тилинин» ар кандай түрлөрүнө, улутуна, динине жана башка белгилерине карата этикага жатпаган жүрүм-турумга туш болгондогу жеке тажрыйбаларын талкуулашат.

4. **Жыйынтыктоо: жалпылоо, рефлексия.** Сабактын төртүнчү этабында резюме түзүлөт, жыйынтыктар чыгарылат, пикир алмашуу орун алат, берилген маалыматтан, аткарылган иштен алынган таасирлер менен бөлүшүү жүрөт.

Маалыматык обзор

Маалыматтык обзор деп курстун бул же тигил сабагына карата теориялык минимумду түшүнүү керек, ал темаңы сүрөттөгөн текст түрүндө болот, ар кандай көнүгүүлөр, тапшырмалар, кейстер жана суроолор камтылган кыскача конспект. Обзорду жазууда терминдер аз колдонулуп, жөнөкөй тилге басым жасалат. Курстун авторлору мугалимдерге сабак үчүн маалыматты чогултуу принцибин эске салууну сунушташат, бул маалыматтык обзорду кеңейтүүгө, толуктоого, бирок ошол эле убакта негизги ядро же өзөк болгон сабактын темасынан алыстап кетпөөгө жардам берет.

Кошумча материал

Материалдардын тизмеси мугалимге сабактын темасы боюнча жакшылап багыт алууга, «Кастык тили» курсунун мазмунун жакшылап түшүнүүгө жардам берет. Тизмедеги материалдарды студенттерге өз алдынча окууга, илимий иликтөө же долбоордук ишмердүүлүктү уюштуру үчүн сунушоого болот.

Булактардын тизмеси

Тизмеге бул курстун сабактарын өтүүдө мугалим билүүгө жана ээ болууга тийиш болгон негизги булактар киргизилди.

«Кастык тили» курсунун материалдары бир гана журналисттик адистиктеги мугалимдер тарабынан эмес, ошондой эле педагогикалык, филологиялык, лингвистикалык, юридикалык адистиктеги студенттерди окутууда да колдонулушу мүмкүн. Андан тышкары, курстун материалдары өз өлкөсүндө жарандык билим берүү, медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС) идеяларын илгерилетүү менен алектенген коммерциялык эмес уюмдарга, жана ММС өнүктүрүүгө кызыктар болгон бардык адамдарга пайдалуу болушу мумкүн.

«Кастык тили» окуу-методикалык колдонмосу интерактивдүү окутуу боюнча глоссарий жана «Кызыктуу фактылар» аттуу тиркеме менен коштолот. Бул тиркеменин максаты – курстун тематикасына байланыштуу орчундуу окуялар туурасында фактографикалык маалыматтарды сунуштоо. Тиркемеде келтирилген кызыктуу фактыларды мугалим иликтенип жаткан темага иллюстрация катары колдоно алат жана бул студенттерге алынган билимдерин бышыктоого жардам берет.

Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын жогорку окуу жайларынын мугалимдери үчүн «Кастык тили» аттуу окуу-методикалык колдонмону иштеп чыгуу BRYCA долбоорунун аркасында мүмкүн болду. BRYCA долбоору Европа Биримдиги тарабынан каржыланат жана төмөнкү уюмдар тарабынан ишке ашырылат: ERIM (Equal Rights & Independent Media (Франция), ММК колдоо борбору (Кыргыз Республикасы), «Medianet эл аралык журналистика борбору» КФ (Казакстан Республикасы), «Өзбекстан Республикасынын заманбап журналистиканы өнүктүрүү борбору» КБ, «Гурдофарид» коомдук уюму (Тажикстан Республикасы).

1-сабак

Тема 1

«Кастык тили»: формалары, белгилери, классификациясы жана негизги түшүнүктөр

Подтемалар

— «Кастык тили» деген эмне, анын максаты жана формалары
— «Кастык тилинин» белгилери. Эмне үчүн «кастык тили» социалдык тармактар үчүн «пайдалуу» жана ал эмнеге алып келиши мүмкүн
— «Кастык тилинин» классификациясы: «жумшак», «орто», «катаал» жана башка мүмкүн болчу негиздер.

Предметтердин интеграциясы

«Заманбап кыргыз тили», «Заманбап орус тили», «Заманбап казак тили», «Заманбап тажик тили», «Заманбап өзбек тили», «Эне тилдин стилистикасы жана кеп маданияты», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Медиа жана маалыматтык сабаттуулук».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

— студенттер «кастык тили» деген түшүнүккө аныктама бере алышат;
— студенттер «кастык тилинин» максатын, анын белгилерин жана эмне үчүн ал социалдык тармактар жана онлайн-коммуникация үчүн «пайдалуу» экенин аныктай алышат.

Социалдык-эмоционалдык:

— студенттер «кастык тилинин» өз жашоосуна тийгизген таасирин аныктай алышат;
— студенттер «жумшак», «орто» жана «катаал» «кастык тилине» эмне кирээрин аныктай алышат.

Жүрүм-турумдук:

— студенттер «кастык тилинин» лексикасын колдонбоо боюнча өз позициясын жана мотивациясын түшүндүрүп бере алышат;
— студенттер баарлашууда «кастык тилинен» кантип оолак болуу боюнча өз чечимдерин сунуштай алышат;
— студенттер «тынчтык тилин», толеранттуулук жана позитивдүү лексиканы илгерилетүү жолдору боюнча өз сунуштарын бере алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт
Сабак өтүү методу	Дискуссия, мини-лекция, ачык жана жабык суроолор, маалымат булактары менен иштөө, слайддардын презентациясы.
Баалоо методдору	Өзүн-өзү баалоо баракчасы, маалыматты издөө боюнча иштөө.
Негизги түшүнүктөр	«Кастык тили», холивар, троллинг, боттор, флуд, флейм, дискриминация, терсаяктык, стереотип, расизм, ксенофобия, гомофобия, сексизм, коммуникация, астротерфинг.
Керектүү ресурстар	Слайдка же флипчартка жазылган сабактын максаты, видеопроектор, компьютер, түстүү кагаз, кайчы, маркер, доска, скотч.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

«КӨПӨЛӨКТӨР» КӨНҮГҮҮСҮ: САБАКТАН КАНДАЙ КҮТҮҮЛӨР БАР ЭКЕНИН АНЫКТОО

Керектүү материалдар: кагаздан кесилген ар кандай формадагы жана түстөгү көпөлөктөр.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Сабактагы ар бир студентке (катышуучуга) 1 көпөлөк берип, суроо узатылат: «Силер билесиңерби, көпөлөктүн символу эмнени түшүндүрөт?». Бир нече вариант айтылган соң, же туура жооп жок болсо, мугалим айтып бериши керек, жыл сайын 1-мартта дискриминацияга каршы Эл аралык күнү дүйнөнүн булуң-бурчундагы адамдар «Кучагыңды ач, жардамга колуңду сун» деген лозунгдун алдында биригип, ар түрдүүлүктү кубаттап, дискриминациянын бардык түрүн четке кагышат.

Нөлдүк дискриминациянын символу болуп көпөлөк эсептелет, анткени ал өзгөрүүнүн символу катары жалпыга таанымал.

Мугалим студенттерге 1ден көпөлөк таратып берип жана бул эмнени түшүндүрөөрүн кыскача айтып берген соң, аларга сабактын темасын тааныштырып, көпөлөктүн артына бул сабактын жүрүшүндө кандай суроолорго жооп алгылары келээрин, 1-3 суроого чейин жазууну сунуштайт. Студенттерге ойлонуп алууга жана суроолорун жазууга бир аз убакыт берүү керек. Андан соң ар бир студент флипчартка барып, суроолорун окуп жана каалаган жерге көпөлөгүн жабыштыруу сунушталат.

«ЖЕКЕ ТАЖРЫЙБА» КӨНҮГҮҮСҮ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге кайрылып, алардын же жакындарынын жашоосунда туш болгон кастык тилине, дискриминацияга, Интернеттеги баарлашуу учурунда жек көрүүчүлүктү тутандырууга мисал боло турган окуяларды жана алар троллинг, флуд, флейм же холиварга жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөргө күбө болгон окуяларды эстеп же жазууну сунуштайт. Аларды үн чыгарып окуп берүүнүн зарылдыгы жок, эгер студент бул тажрыйбасы менен жалпыга бөлүшкүсү келсе гана окуса болот.

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:

— «Троллинг», «флуд», «флейм», «холивар» деген сөздөргө өз аныктамаңарды бергиле.
— Силер сүрөттөп берген кырдаалдарды «кастык тилинин», «жек көрүүчүлүк тилинин», «дискриминация тилинин» колдонулушунун мисалы деп атоого болобу?
— «Кастык тили», «жек көрүүчүлүк тили» деген эмне, силер кандай түшүнөсүңөр?
— «Кастык тили» кимге «пайдалуу» жана ал эмнеге алып келиши мүмкүн?
— «Кастык тилин» колдонуу кандай коркунучтарды жаратышы мүмкүн?
— Силер кандай деп ойлойсуңар, бүгүнкү күндө Интернетте «кастык тили» көпчүлүк учурларда кандай кабылданат?
— «Кастык тилинин» каражатарын колдонуу атайын жасалат деп эсептейсиңерби же кокустан болобу? Эмне үчүн? Аргументтериңерди келтиргиле.
— Араңарда эч нерсе эстей албай койгон же эч нерсе жаза албагандар барбы? Кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн?

Мугалим үчүн кеңештер.

Ар бир билдирүүнү талдап чыккан соң, мугалим бул же тигил түшүнүктүн аныктамасы берилген слайдды көрсөтүшү керек, б.а. сөзсүз түрдө туура жооп айтылышы керек. «Кастык тили» курсунун биринчи сабагында теориялык базаны мыкты өздөштүрүү менен, студенттер кийинки беш сабактагы маалыматты оңой кабылдай алышат. Ошондой эле, бул студенттерге өз билдирүүлөрүнө сабаттуу түрдө аргументтерин келтире билүүгө жардам берет.

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

«Кастык тилинин» таркашына бүгүнкү күндө социалдык тармактар чоң роль ойнойт.

«БОЛОТ ЖАНА БОЛБОЙТ» КӨНҮГҮҮСҮ

Керектүү материалдар: 2018-жылдагы кейс, «Facebook» социалдык тармагында рохинжа мусулмандарына карата жек көрүүчүлүк тутанып, анын кесепетинде Мьянмадан (Бирма) рохинжа мусулмандары куулган.

Кейстин булактары: БУУнун расмий сайты, BBC сайты, блог habr.com:

— БУУнун тергөөчүлөрү Facebook тармагын рохинжаларга жек көрүүчүлүктү тутандырган деп айыпташууда. — URL: https://news.un.org/ru/story/2018/03/1326172;

— Социалдык тармак бирма тилиндеги жек көрүүчүлүктү тутандырган постторду тез өчүрүүгө жөндөмсүз болуп чыкты. — URL: https://www.bbc.com/russian/features-45499424;

— Мына ушундай интернетти каалайбыз: социалдык медиа кантип киши өлтүргүч куралга айланды. — URL: https://habr.com/ru/company/ruvds/blog/473806/.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге 2018-жылдагы кейс менен таанышып чыгууну сунуштайт, рохинжа мусулмандарына жек көрүүчүлүктү тутандырууда «Facebook» социалдык тармагы кантип колдонулган.

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:

— Кандай деп ойлойсуңар, белгилүү социалдык тармактардын бири өзүнүн кастыкты тутандыруу үчүн колдонулуп жатканын эмне үчүн дароо түшүнгөн жок?

— Кырдаалга баа берүү кыйын болдубу?

— Кырдаалды бир сөз менен мүнөздөөгө болобу?

— Кайсы сөздөрдү силер «кастык тили» деп эсептейсиңер?

— «Кастык тили» колдонулганда силер кандай эмоцияны сезесиңер?

— «Кастык тилин» колдонууда ким утат, ким уттурат?

— Жекече баарлашууда, онлайн-баарлашууда, маданияттар аралык баарлашууда «кастык тили» кандай коркунучтарды жаратышы мүмкүн?

— «Кастык тилин» коммуникация мейкиндигинен жана интернеттен түп тамыры менен жок кылуу үчүн ар бирибиз эмне кыла алабыз?

— Интернетте, социалдык тармакта маалымат менен иштеп жатканда ар бирибиз эмнени эстен чыгарбашыбыз керек?

Мугалим үчүн кеңештер.

«Кастык тилине» каршы туруу ар бир өлкөдө дискриминацияга каршы мыйзамдардын болушу маанилүү экенине басым жасоо керек. Борбор Азия мамлекеттеринин Конституциясында дискриминацияга тыюу салуу боюнча нормалар бар, бирок бул түшүнүктү толук кандуу ачып бере албайт, бардыгын камтыган жалпы дискриминацияга каршы мыйзам жок, ага жараша эл аралык стандарттарга дал келген дискриминациянын аныктамасы жана анын түрлөрү, коргоо механизмдери да каралган эмес. Ар бир өлкөдө дискриминацияга каршы мыйзамдын болушу зарыл. Анда төмөнкүдөй укуктук-ченемдик актылар болушу керек:

— Конституциянын өзүнчө беренелери;
— Кол коюлган жана ратификацияланган эл аралык документтер;
— Өзүнчө дискриминацияга каршы мыйзамдар;
— Азыркы мыйзамдарга, документтерге жана кодекстерге корголгон мүнөздөмөлөрдү эскертүү менен өзгөртүүлөрдү киргизүү.

Европанын тажрыйбасын карап көрүү кызыктуу. Бул чөйрөдөгү милдеттемелер Европа Биримдигине мүчө өлкөлөрдө ар башка чечмеленет: айрым билдирүүлөр үчүн айрым өлкөлөрдө кылмыш жоопкерчилиги каралган, ал эми башка өлкөлөрдө ал эркин пикир билдирүү укугу менен корголгон. «Кастык тили» маселеси боюнча ЕККУнун позициясы мүчө өлкөлөрдүн пикирлериндеги айырмачылыктарды чагылдырат. ЕККУнун Министрлер Кеңешинин № 10/05 чечиминде «жек көрүүчүлүк көрүнүштөрүнө, айрыкча саясий билдирүүлөргө иреттүү түрдө жана эки маани бербегендей кылып мамиле кылуу зарыл» экени белгиленген, бирок ошол эле убакта эркин пикир билдирүү укугу менен дискриминацияга каршы күрөш боюнча милдеттин ортосунда тең салмактуулукту сактоо маанилүү экенин моюндайт.

Нидерланддын тажрыйбасы да көңүл бурууга арзыйт. Нидерландда дискриминацияга каршы катаал мыйзам кабыл алынып жана 95% учурларда авторго же сайттын ээлерине материал мыйзамсыз деп айтуу менен эле аны өчүрүүгө мүмкүн болуп калган. Ал эми мунун баары жергиликтүү коомдук фонддордун биринин «кастык тилине» жооп кылуусунан башталган. «Мажента» фонду өзүнүн Интернеттеги дискриминацияга байланыштуу даттануу бөлүмү аркылуу Интернеттеги «кастык тилинин» миңден ашуун көрүнүшүн өчүртүүгө жетишкен. Бул алардын авторлоруна же сайттын ээлерине «кастык тили» камтылган контентти өчүрүү талабын жолдоо аркылуу ишке ашкан.

Дагы бир жакшы мисал катары Норвегияны атоого болот. Норвегия өкмөтү 2016-2020-жылдарга карата «кастык тили» менен күрөшүү боюнча иши аракеттер Планын кабыл алган. Жергиликтүү башкаруу жана модернизация министрлигинин жетекчилиги астында ведомстволор аралык алкакта дискриминациянын ар кандай формалары менен күрөшүүгө багытталган окуу программалары иштелип чыгууда; толеранттуулук жана ынтымак маданиятын илгерилетүүгө каражат бөлүнүүдө, Интернетте жана күнүмдүк жашоодо дискриминация учурларын иликтөө жана мониторинг жүргүзүлүүдө. Иш аракеттер Планында «билим алуучулар бири-бирин сыйлап жана көп түрдүүлүктү таанып, «макул эместердин коомчулугунда» жашоого үйрөнүүсүндө мектептер менен университеттер абдан маанилүү роль ойноору» өзгөчө белгиленген. Бул демократия жана адам укугу темаларын окутуу менен тыгыз байланышта, бул болсо Норвегиянын билим берүү системасынын негизги милдеттеринин бири болуп саналат жана билим берүүнүн базалык деңгээлинин окуу программасына киргизилген».

Биздин региондогу мамлекеттерде «кастык тилине» каршы туруу үчүн калк арасында медиа-маалыматтык сабаттуулукту (ММС) кеңири жайылтуу маанилүү, айрыкча өспүрүмдөр жана жаштар арасында. Медиа-маалыматтык сабаттуулукту өнүктүрүү жаштарды сынчыл ойломго үйрөтүүнүн негизги амалдарынын бири. Бул болсо маалыматты аң-сезимдүү кабылдоого өбөлгө болот, фейктерди тааный билүүгө, калпты чындыктан жана фактылардан ажырата билүүгө жана «кастык тилинин» таасирине кабылбоого жардам берет. «Кастык тили» өтө көп коркунучтарга ээ. Жана алар туурасында билүү жана аларга каршы турууга үйрөнүү керек. Биринчи кезекте бир факты туурасында белгилей кетүү керек, ачык чөйрөгө сүңгүп кирген «кастык тили» реалдуу душманын издебейт – ал аны активдүү ойлоп табат, бар айлана-чөйрөдөн жаратат. «Кастык тилине» байланыштуу дагы бир коркунуч, заманбап коомдун ааламдашуусунун шартында анын объективдүү баалоо критерийи жуулуп барат: «экстермизм же дискриминация көрүнүштөрү катардагы аң-сезим тарабынан «көз карандысыздыгы үчүн күрөшүү», «улуттук ар-намысын коргоо», «салт-санаасын бекемдөө» катары бааланган учурлар аз эмес. Ошондой эле, «кастык тилинин» манипуляциялык мүнөзүн да белгилей кетүү керек, анын жардамы менен «чыныгы ниетин жашырып, бир нерсени башка нерсе катары көрсөтүү оңой». Бирок бул темага «Кастык тили» курсунун башка сабактары арналган.

3. АРАКЕТТЕН

Керектүү материалдар: түстүү карточкалар, скотч, маркер.

«СТЕРЕОТИПТЕРДИ ЖОК КЫЛУУ ЖАНА «КАСТЫК ТИЛИНЕ» КАРШЫ ТУРУУ ЖОЛДОРУН ИЗДӨӨ» КӨНҮГҮҮСҮ»

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге 3-4 адамдан турган чакан топторго бириги́үнү сунуштайт. Андан соң ар кандай билдирүүлөр жазылган карточкаарды таратып берет. Студенттердин милдети карточкалардагы билдирүүлөрдөн «кастык тилин» табуу жана мүмкүн болушунча аларды «тынчтык тилинде» башкача кылып жазуу. Андан соң жалпы группанын талкуусуна коюлуп, бүтүмдөр чыгарылат.

Мугалим үчүн кеңештер. Биринчи вариант. Мугалим төмөнкү булактарда жарыяланган материалдардан скрин/посттордун сүрөттөрүн колдонсо болот:

— BBC сайты: https://www.bbc.com/russian/features-45499424;
— БУУнун расмий сайты: https://news.un.org/ru/story/2018/03/1326172;
— в блоге: https://habr.com/ru/company/ruvds/blog/473806/,

Бул сайттарда «Facebook» социалдык тармагы тарабынан Мьянмада (Бирма) рохинжа мусулмандарына карата жек көрүүчүлүктү козутуу жөнүндөгү материалдар жайгаштырылган.

Экинчи вариант. Мугалим студенттерди чакан топторго бириктирип, «Кастык тилинин белгилери кандай?» деген суроонун үстүндө ойлонууну сунуштайт, талкуунун жыйынтыктары флипчартка жазылат, алар жалпы группага таанышты́рылат да, бүтүмдөр чыгарылат.

«КАСТЫК ТИЛИНИН» БЕЛГИЛЕРИ:

— «Биз» жана «алар», «биздикилер» жана «чоочундар» деп бөлүнүү.
— Калк ичиндеги топтор ортосундагы ишенбөөчүлүктүн жана кастыктын болушун колдоо, жалпы адамзаттык баалуулуктардын айланасында адамдардын биригишине тоскоолдук кылуу.
— Этникалык же социалдык топ, же бүт мамлекет кокусунан эле «жаман» болуп чыга келет.
— «Биз аларга каршыбыз» деп каршы коюу.
— Фейктердин, жалган маалыматтын болушу.
— Дискриминациянын, дегуманизациянын болушу.
— Дискриминациялык лексиканын болушу.

— Бул же тигил социалдык/улуттук/диний/же башка адамдардын тобуна каршы аракеттерге чакырыктын болушу (ачык, көмүскө).
— Манипуляция.
— Сынчыл ойломдун жоктугу.
— Медиа-маалыматтык сабаттуулуктун жоктугу.

Мугалим үчүн кеңештер.

Студенттерге жаштар арасында «кастык тилин» колдонуу деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган жаштардын ар кандай демилгелеринен мисал келтирүү абдан маанилүү. Бул боюнча «Жек көрүүчүлүк тилине жол жок» (No Hate Speech Movement) кыймылынын тажрыйбасы көңүл бурууга арзыйт. Бул кыймыл Европа Кеңешинин жаштар укук коргоо онлайн-кампаниясы болуп саналат. Кыймылдын максаты «жек көрүүчүлүк тилин» кубаттоо деңгээлин төмөндөтүүгө, Интернеттеги жаштардын жарандык активдүүлүгү менен коомдун жашоосуна катышуусун кеңейтүүгө, анын ичинде Интернетти колдонууну башкаруу процесстерине катышууну кеңейтүү. Программанын алкагында блогерлер үчүн, жаш активисттер үчүн окутуулар өткөрүлөт, анын жүрүшүндө алар достук маанайда Интернетте «жек көрүүчүлүк тилине» туш болгон тажрыйбалары менен бөлүшө алышат жана бул көрүнүш менен күрөшүү амалдары менен бөлүшүшөт.

Интернеттеги «кастык тилине» каршы туруу үчүн биз ар бирибиз эмне кыла алабыз деген суроо бергенибизде, дагы бир өлкөнүн жана дагы бир жаштар уюмунун тажрыйбасын мисал келтирүүгө болот. Сөз АКШ туурасында жана «Жек көрүүчүлүккө каршы өнөктөштөр» аттуу жек көрүүчүлүккө каршы жаштар коалициясы жөнүндө болуп жатат. Коалиция «Интернеттеги жек көрүүчүлүк: мугалимдер жана ата-энелер үчүн маалымдама» иштеп чыккан, ал жаш адамдарга Интернеттеги жек көрүүчүлүктү таануу жана бул көрүнүш менен күрөшүүгө жардам берүү үчүн ата-энелерге, мугалимдерге, китепкана кызматкерлерине жана башка коомчулук мүчөлөрүнө инструментарий болуп саналат.

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Мен эмне билдим? Эмнеге үйрөндүм?

Теманы бышыктоо үчүн студенттерге төмөнкү тапшырманы берүү сунушталат: «жумшак», «орто» жана «катаал кастык тили» камтылган (А. М. Верховскийдин классификациясы), бул же тигил социалдык топтун тематикасын козгогон жана 2019-2020-жылдар ортосунда өлкөнүн алдыңкы ММКларынын сайтында жарыяланган 15 орус тилдүү жана 15 мамлекеттик тилдеги интернет-колдонуучулардын комментарийлерин иргеп чыгуу.

Маалыматтык обзор

Бүгүнкү күндө бардык курактагы адамдардын, айрыкча жаштар үчүн негизги коммуникативдик мейкиндик болуп Интернет эсептелет. Виртуалдык коммуникация үчүн жеткиликтүү электрондук каражаттардын тизмеси алда канча кеңейди. Жаштар күнүгө Интернетте көп убактыларын өткөрүшөт жана алардын көпчүлүгү үчүн бул достору менен баарлашуунун негизги амалы, мындай баарлашуу күн ичинде дээрлик токтобойт. Көпчүлүк жаштар үчүн Интернет негизги киреше булагы, кесиптик ишмердүүлүгү үчүн жана өзүн табуу үчүн негизги аянтча болуп саналат. Электрондук ресурстарды жаштар ошондой эле маалымат издөө, окуу материалдарын даярдоо (презентация, долбоорлор ж.б.) жана көңүл ачуу максаттары үчүн колдонушат.

«Кастык тили» курсу биринчи кезекте ЖОЖдордун студенттерине арналган. Студенттик аудитория көпчүлүк учурларда көп улуттуу, ошондуктан биринчи кезекте студенттерди кептик агрессияда жана «кастык тилинде» орун алган терминдер менен таанышпыруу зарыл, тажрыйба көрсөткөндөй, адатта бул терминдер алар үчүн агонимдер болуп саналат. Бул, баарынан мурда дискриминация, экстремизм, ксенофобия, гомофобия, расизм, сексизм, улутчулдук, антисемитизм, этноцентризм, толеранттуулук, саясий сыпайылык деген терминдер.

Тармактык (вируталдык) коммуникациянын өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Өзгөчөлүктөр деп буларды түшүнү керек: баарлашуунун виртуалдуулугу жана купуялуулугу, өзүн-өзү көп ирет жана динамикалуу түрдө презентациялоо мүмкүнчүлүгү, тармактык коммуникацияда өзүңдү ойлоп табылган ат менен көрсөтүү жана бир убакта бир нече «никнеймдерди» колдонуу. Тармактык же интернет-баарлашуу барган сайын эркин мүнөзгө жана белгилүү бир тилдик өзгөчөлүктөргө ээ болуп барат: жогорку эмоционалдык күчтүүлүгү, вербалдык жана вербалдык эмес маалыматтын айкашы, тил каражаттарын өзгөчө колдонуу. Оозеки жана жазуу речинин чеги жуулуп барат. Тармактык (вируталдык) коммуникацияда агрессивдүү коммуникативдик стратегия менен тактика, ошондой эле кептик агрессия каражаттары, мунун натыйжасы катары «кастык тили» (*англ. hate speech*) кеңири колдонулат.

«Кастык тили» деген түшүнүктү жана анын табиятын карап жатып, Интернетте көп кездеше турган агрессивдүү коммуникативдик тактиканын төрт түрү туурасында айта кетүү зарыл, алар - холивар, троллинг, флуд жана флейм.

Холивар (англ. Holy war — ыйык согуш — кандайдыр бир маселе боюнча карама-каршы пикирди карманган адамдардын ортосундагы талаш, эч кандай чечими жок. Мисалы, эмне даамдуураак: шабдалы же нектарин.

Троллинг — социалдык чагымчылдык же интернет-баарлашуудагы шылдың-

доонун бир формасы, өзүн таанытууга, эл алдына чыгууга, атактуулукка кызыктар жеке катышуучулар тарабынан да, аныктоо мүмкүн болбогон купуя колдонуучулар тарабынан да колдонулат.

Флуд (англ. Flood — суу каптоо) — Интернеттеги баарлашуу амалдарынын бири, анда колдонуучулар талкуу болуп жаткан темага эч тиешеси жок маанисиз билдирүүлөр менен алмашышат. Адатта, флуд троллинг үчүн же көңүлдү башкага буруу үчүн форумдарда же чаттарда колдонулат. Мындай билдирүүлөрдү жөнөткөн колдонуучуларды флудерлер деп коюшат.

Флейм (англ. flame — от, жалын) — «талаш үчүн талаш», көп колдонуучуларга ылайыкташкан баарлашуу аянтчаларында билдирүүлөр менен алмашуу (мисалы, форумдарда, чаттарда, социалдык тармактарда ж.б.), муну сөздүк согуш деп атаса болот, көп учурда талаштын башындагы маселеге тиешеси жок эле темада талаш уланат.

«КАСТЫК ТИЛИ» ДЕГЕН ЭМНЕ, АНЫН МАКСАТЫ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

«Кастык тили» деген термин (жек көрүү речи, жек көрүүчүлүк тили, жек көрүүчүлүктү пропагандалоо, жек көрүүчүлүктү козутуу, жек көрүүчүлүк менен шыктанган билдирүүлөр, англ. hate speech) ар кандай расмий эл аралык документтерде жана көп сандаган иликтөөлөрдө ар башкача аныкталат.

Азыркы учурда негативдүү билдирүүлөрдү атоо үчүн колдонулган бир катар аныктамалар бар: «сөздүк экстремизм», «речтик (тилдик) агрессия», «речтик демагогия», «речтик (тилдик) конфликт», «речтик зомбулук», «речтик (тилдик) манипуляция». «Кастык тилинин» карама-каршысы «тынчтык тили». Жүрүм-турум жана баарлашуу баалуулугу катары тынчтык маанай, пикир келишүү биринчи кезекте пикирлердин, позициялардын, жашоо образдарынын келишүүсү деген түшүнүк менен байланыштуу.

«Кастык тилин» бир адамга же адамдардын тобуна карата басмырлоо мүнөзүндөгү сөз менен кемсинтүү катары аныктоого болот жана ал этникалык, тарыхый жана маданий тиешелүүгү, улуту, дини, жынысы, сексуалдык багыты, майыптыгы сыяктуу мүнөздөмөлөргө негизделген. Ошондой эле, «кастык тили» өз ичине вербалдык эмес да билдирүүлөрдү камтыйт, маселен сүрөттөрдө, видеожазмаларда жана башка Интернеттеги же күнүмдүк жашоодогу коммуникациянын формаларында.

«Кастык тилинин» максаты — коммуникациялык каражаттардын жардамы менен терсаяктыкка негизделген жек көрүүчүлүктүн бардык түрүн козутуу, актоо же түрткү берүү. «Кастык тилинин» коммуникациясы стереотиптерге, негативдүү сенек ынанымдарга жана кандайдыр бир адамдардын тобуна же жеке адамга карата алдын ала түзүлгөн ой-пикирлерге таянат. «Кастык тилинин» жардамы менен каалаган адамды дискриминация кылууга болот.

Кептик агрессияны иликтеген белгилүү иликтөөчү Ю. В. Щербининанын ою боюнча, «жалпы түшүнүктөн алганда «кастык тили» — бул адамдарга карата көмүскө аң-сезиминде же ачык эле агрессияга программалаган сөздөр жана билдирүүлөр, агрессияны күйгүзүүчү механизм болуп саналат». Автор бир нерсеге көңүл бурат, «кастык тили» «бардык башкача нерсеге», адаттан тышкаркы, бул же тигил социалдык же маданий жактан калыптанган стереотиптерден айырмаланган нерселерге жек көрүүчүлүктү билдирүү үчүн кызмат кылат». Белгилей кетчү маанилүү нерсе, «кастык тилинин» тароо чөйрөсү өтө кеңири: ал ар түркүн практикаларда колдонулат — расмий, кесиптик чөйрөдө, күнүмдүк тиричиликте: аны саясатчылардын кебинен да, пенсионерлердин баарлашуусунан да, студенттердин, мектеп окуучуларынын сөздөрүнөн да, жубайлардын сүйлөшүүсүнөн да табууга болот. Ю.В.

Щербинина белгилегендей, «кастык тили» «байкалбай эле заманбап коммуникациянын универсалдуу тилине айланып барат, күнүмдүк тиричилик баарлашуунун деңгээлинен социалдык жалпылыктардин деңгээлине өтө тездик менен көтөрүлүүдө, анын чек арасы жок, ошондуктан, бардык кептик мейкиндикти, коммуникациянын бүт чөйрөсүн каптап баратат».

Биз көңүл бура турган дагы бир аныктама: «Кастык тили» — мыйзам менен тескелген коммуникация, айрым бир топторго жек көрүүчүлүктү билдирүүдөн башка, анын эч кандай мааниси жок, айрыкча мындай коммуникация зомбулукту чакыра турган шартта ал эч кандай мааниге ээ эмес. Бул биринчи кезекте кайсы бир топтун расалык, этникалык, улуттук, жыныстык, диний, сексуалдык белгилерине карата жек көрүүчүлүктү шыкактоо болуп саналат».

Европа Кеңеши «кастык тилин» «расалык жек көрүүчүлүктү, ксенофобияны, антисемитизмди же жек көрүүчүлүктүн терсаяктыкка таянган каалаган формасын, анын ичинде агрессивдүү улутчулдук, этноцентризм, мигранттарга же иммигрант адамдарга карата кастык мамилени жайылткан, шыкактаган, кубаттаган же актаган билдирүүлөрдүн бардык формасы катары аныктайт». Жек көрүүчүлүктүн башка бир формасына исламо-христианофобияны, цыгандарга, еврейлерге жана башкаларга каршы анти маанайды киргизүүгө болот.

Эң популярдуу видеохостинг YouTube «кастык тилин» «айрым бир адамдарга же адамдардын тобуна алардын белгилүү бир белгилерине карата, мисалы расалык же улуттук тиешелүүлүгү; диний ишеними; майыптыгы; жынысы; жаш курагы; ардагерлик макамы, сексуалдык багыты боюнча жек көрүүчүлүктү же зомбулукту чакыра турган билдирүүлөр катары сүрөттөйт».

БУУнун расалык дискриминацияны жок кылуу боюнча Комитети «кастык тилин» «айланадагыларга багытталган негизги адамдык ар-намыс принциптерин жана теңчилик принциптерин четке каккан жана айрым бир адамдарды же адамдардын тобун коомдун алдында кем көрсөтүүгө багытталган речтин формасы» деп түшүнөт.

2016-жылы Европа комиссиясы жана төрт негизги социалдык тармактар платформалары Интернеттеги «кастык тилине» каршы күрөшүү үчүн жүрум-турум Кодексин кабыл алышкан. Бул документте Facebook, Twitter, YouTube жана Microsoft компанияларынын Европада мындай контенттин жайылышына каршы күрөшүү максатында алган бир катар милдеттемелери камтылган.

«Кастык тили» боюнча маалымдуулукту жогорулатуу үчүн жана жек көрүүчүлүктүн бардык түрү менен күрөшүү максатында, анын ичинде кибер-чөлкөмдө да, Европа Кеңешинин Башкы Катчылыгы тарабынан 2013-жылдын 22-мартында «Жек көрүүчүлүк тилине жол жок» (No Hate Speech Movement) аттуу жалпы европалык кампания ишке киргизилген. Кампания бүгүнкү күндө 42 өлкөнүн улуттук комитеттери тарабынан ишке ашырылып келет. Ал Европа Кеңешинин терроризмге алып барган зордукчул экстремизм жана радикалдашууга каршы күрөш боюнча иш аракеттер Планынын жана инклюзивдүү коом түзүү боюнча иш аракеттер Планынын бир бөлүгү болуп саналат. Окуу колдонмолорун иштеп чыгуу, анын ичинде Интернеттеги «кастык тили» менен адам укуктары жаатындагы билим берүү аркылуу күрөшүү боюнча «Bookmarks» (кыргыз тилине которгондо — «китепти белгилеп койчу белгилер») аттуу негизги колдонмонун иштелип чыгышы, «Жек көрүүчүлүүкө каршы кыймыл» кампаниясынын билим берүүчүлүк жагын күчтөндүрдү.

«Кастык тилинин» эки формасын бөлүп көрсөтүшөт. Эгер «кастык тили» таасын чагылдырылган, катуу кыйкырык, стереотиптер, ярлык жана клише менен коштолсо, анда бул *блатанттык формасы*. Мындай формадагы «кастык тили» көпчүлүк өлкөлөрдө мыйзам тарабынан тескелет. «Кастык тилинин» көмүскө, көзгө көрүнбөгөн, түз мазактоолор жок формасы менен күрөшүү алда канча татаалыраак. Мындай формасынын максаты — азчылыктарды делегитимациялоо. Израилдик психолог Д. Бар-Талдын айтымында, «делегитимацияны аталган категориядагы адамдарды адам санына кошуудан баш тартуу катары кароого болот».

«КАСТЫК ТИЛИНИН» БЕЛГИЛЕРИ. ЭМНЕ ҮЧҮН «КАСТЫК ТИЛИ» СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАР ҮЧҮН «ПАЙДАЛУУ» ЖАНА АЛ ЭМНЕГЕ АЛЫП КЕЛИШИ МҮМКҮН

Бүгүнкү күнү «кастык тилинин» деңгээлине эмне таасир бериши мүмкүн? Кайсы белгилери боюнча «кастык тилине» туш болгонубузду аныктоого болот?

Медиа жаатындагы практиктер менен теоретиктердин ою боюнча, «кастык тилинин» пайда болушуна жана жайылышына коомдун жашоосундагы экономикалык, социалдык жана саясий кризис таасир эте алат. Бул коомдогу жек көрүүнүн деңгээлин көтөрүп, агрессияны өстүрөт. Бул дароо виртуалдык мейкиндикте, социалдык тармактарда, Интернет баракчаларында чагылат. «Кастык тили» офлайн-мейкиндиктен чукул түрдө онлайн түргө өтөт. Байкоо жүргүзүүлөр жана иликтөөлөр көрсөткөндөй, «кастык тили» көбүнчө онлайн-мейкиндикте кездешет. Мисалы, Medianet эл аралык журналистика борбору жүргүзгөн «Казакстандагы социалдык тармактардагы «кастык тилине» мониторинг» аттуу иликтөөлөргө ылайык, Facebooktун казак тилдүү сегментинде ачык эле этникалык жана диний дискриминацияны камтыган «катаал» кастык тилинин салыштырмалуу түрдө кеңири жайылганын байкоого болот.

Интернет тармагынын колдонуучуларында «кастык тилинин» пайда болушуна психологиялык көйгөйлөр да таасир этиши мүмкүн, жакырчылыктан, теңсиздиктен, дискриминациядан, жеке жашоонун оң болбогонунан, үй-бүлөдөгү көйгөйлөрдөн, балдардын, ата-эненин айынан, кесиптик жактан өзүн таба албагандыктан туш болчу стресстер таасир эте алат. Бул айтылгандардын баары адамды социалдык тармактардагы агрессия аркылуу өзүн канагаттандыруу муктаждыгына алып келиши мүмкүн, «кастык тили» аркылуу ал реалдуу жашоодо алган стресстеринен арылат. «Кастык тили» социалдык тармактар үчүн ыңгайлуу болуп калды. Жабык ник аркылуу мазактоого, чабуул кылууга болот. Асылуулардын объектиси аялдар, эркектер, гейлер, башка этностогулар, ийгиликтүү таанышы ж.б. болушу мүмкүн. Бул учурда колдонуучу терс энергиясын чыгаруу үчүн каалаган шылтоону колдонот.

«Кастык тилинин» веердик түрдө көбөйүшүнүн максаты — дискурстук мейкиндикти кеңейтүүгө өбөлгө түзүү, айрым топторго карата жек көрүүнү пайда кылуу, коомдогу агрессивдүү маанайды жаратуу. Айрым бир өз алдынча эле айтылган чагымчыл, дискриминациялык, экстремисттик мүнөздөгү бирин-экин билдирүүлөр белгилүү бир мүнөздөгү массалык коммуникативдик аракеттерге айланып кеткенин байкоого болот. Ошол эле «троллинг» деген сөздү алсак, медиа иликтөөчүлөрдүн айтымында, виртуалдык чектен өтүп, оозеки речтен да, ал тургай салттуу басылма ММКлардан да орун тапты, бул албетте азыркы замандын анча жакшы эмес белгиле-

ринен кабар берет: чагымчылдык аракеттерге умтулуу жана өз сөзүнө жооп бербөө мүмкүнчүлүгү.

Ошондой эле «кастык тили» кайсы бир топтогу адамдардын бир нерсени кабылдагысы келбегенде пайда болушу мумкүн. Феминитив менен болгон окуя сыяктуу. Биздин оюбузча, феминитизм эң сонун мисал. Авторка, редакторка, психологиня, блогерка. Эмнегедир «хайп» жана «флекс» сыяктуу жаңы сөздөр коомчулук тарабынан анчалык сын-пикирди жаратпайт. Иликтөөчүлөрдүн ою боюнча, бул бүгүнкү биздин коомдо андроцентризмдин кеңири жайылышы менен байланыштуу, б.а. айтканда дүйнө эркек жүздүү катары кабылданат.

Ошентип, «кастык тили» карама-каршы коюуга, айырмачылыктарга көңүл бурууга басым жасайт, анын мааниси айрым топторго карата жек көрүүнү билдирүү. Бул расалык, улуттук, диний, гендердик белгилери боюнча адамдардын тобуна жек көрүүчүлүктү шыкактоо. «Кастык тили» болуп расалык, этникалык жана диний топтор үчүн, аялдар же башка азчылыктар үчүн мазактоо катары кабылданган билдирүүлөрдүн бардык формасы саналат.

«Кастык тилинин» белгилери болуп бир гана «биз» жана «алар», «биздикилер» жана «чоочундар» деп бөлүү, «биз аларга каршыбыз» деп каршы коюу гана эмес, ошондой эле, бүтүндөй бир өлкөнү, этникалык же социалдык топту, жеке бир адамды «дос эмес», «жаман» деп жарыялоо. «Биздикилер–чоочундар» деп бөлүү заманбап коммуникацияда тиричилик деңгээлинде да, саясатчылардын речинен да, журналисттердин, блогерлердин материалдарынан да көп эле кездешет. Онлайн жана офлайн коммуникациядагы «кастык тилинин» белгилерине манипуляция жана анын бардык көрүнүштөрү, речте дискриминациялык лексиканын болушу да кирет. Сынчыл ойломдун жоктугу, медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС) жаатындагы билимдер менен көндүмдөрдүн жоктугу да «кастык тилинин» заманбап белгилеринен. «Кастык тилинин» белгилери бул фейктер, чындыкка дал келбеген маалымат. Мындай билдирүүлөрдүн аркасы менен аларды жөнөтүүчүлөр өзүлөрүнүн көз караштарын, идеяларын, элестетүүлөрүн жайылтып, коомду белгилүү бир аракеттерге түртөт.

«Сова» маалыматтык-аналитикалык борборунун (Россия Федерациясы) эксперттери «кастык тилин» «тынчтык тилинен» айырмалай турган **белгилердин даражаларын (шкаласын)** иштеп чыгышкан. Алардын ою боюнча, онлайн болобу, офлайн коммуникацияда болобу, эгер төмөнкүдөй көрүнүштөргө күбө болсок, анда биздин алдыбызда «кастык тили» турат:

1) Белгилүү бир кырдаалдарда зордук-зомбулукка чакыруу, зомбулук объектисин белгилеп көрсөтүү менен чакырыктар;
2) Макалаларда, документтерде жол бериле турган каражаттар менен зомбулук кылууну жарыялоо (анын ичинде «Жөөттөрдү ургула!» деген сыяктуу абстрактуу чакырыктар);
3) дискриминацияга чакырыктар, анын ичинде жалпы лозунгдар түрүндө чакыруу;
4) Зомбулукка жана дискриминацияга көмүскө түрдө чакыруу («позитивдүү», тарыхый же заман-

бап зомбулук же дискриминация көрүнүштөрүн пропагандалоо; «бир нерсени бир нерсе кылып койсо жакшы болмок», «эчак эле ошентиш керек болчу...» ж.б. сыяктуу билдирүүлөр);

5) Тексттин же анын фрагментинин белгилүү бир тону аркылуу этникалык же диний топтун негативдүү образын түзүү;
6) Зомбулук же дискриминацияга катыштуу тарыхый окуяларды актоо;
7) Зомбулук же дискриминацияга катыштуу жалпы кабылданган тарыхый фактыларды төгүндөө, күмөн жаратуу (мисалы, Ленинград блокадасынын масштабы, Холокост окуясы);
8) Бул же тигил этникалык же диний топтордун толук кандуу эместигин белгилөө (маданияты жетишсиз, интеллектуалдык жөндөмү төмөн, жаратман эмгекке жарамсыздыгы, мисалы, «кавказдыктар жалаң базарда иштешет», «орустар — аракечтер»);
9) Бул же тигил этникалык, диний топтордун тарыхый кылмыштары туурасында белгилөө;
10) Бул же тигил этникалык же диний топту кылмыштуулукка жакын деп айыптоо (мисалы «цыгандар — ууурулар»);
11) Бул же тигил этникалык же диний топту же анын өкүлдөрүн кемсинткен, мазактаган контекстте эскерүү (мисалы кылмыш хроникасында же жөн гана этнонимин айтке кетүү).

Журналисттер коомдук пикирге таасир эте алаары жалпыга маалым. Жана материал кандай берилгенине жараша коомдун бул же тигил темага, бул же тигил маселеге жараша мамилеси ошондон көз каранды болот. Эгер журналист алдын ала ынанымдарга, стереотиптерге таянып жана «кастык тилин» колдонсо, ал ушундай жол менен жек көрүүчүлүктү жана кастыкты козутууга, натыйжада коомдо зомбулуктун, агрессиянын көбөйүшүнө өбөлгө болот. Тилекке каршы, биздин өлкөлөрдө айрым бир ММКлар жана социалдык тармактар бир гана өкмөттөр ортосундагы эмес, жарандар ортосундагы да гибриддик согуштардын аянтчасына айлануда.

Тилдик агрессиянын эки формасын бөлүп көрсөтүшөт — атайын билип туруп жасоо жана ойлонулбаган түрдө билбей жасоо. Жана ушул тилдик агрессияда жаңы коммуникациялык курал болгон троллинг активдүү колдонулат. *Троллинг* (англ. — тор менен балык кармоо) бүгүнкү күндө интернет-коммуникациянын активдүү өнүгүп жаткан ажырагыс бөлүгүнө айланды. «Кастык тилинин» бул инструментинин ыкмалары — агрессия жана конфликт. Ал эми колдонулган каражаттары: чагымчыл билдирүүлөр, калп, кагыштыруу, шыкактоо, чагым. «Кастык тилинин» бул инструментинин максаты — сүйлөшүүгө катышып жаткан адамдарды каралоо, талкууну башка нукка буруу, талкууланып жаткан маселеден флуд жана флейм аркылуу – талаш үчүн талаш кылып, талкууну эч мааниси жок кыжылдашууга айлантуу аркылуу көңүлдү башка жакка буруу. Мисалы, 2020-жылдын 15-июлунан 15-августка чейинки мезгилди камтыган «Кастык тили Кыргызстандын шайлоо алдындагы дискурсунда» отчетунун биринчи чыгарылышында, «Тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектебинин» эксперттери белгилешкен, журналисттер белгилүү бир адамдарга карата троллинг камтыган маалымат-

ты тыкат текшербей туруп эле, социалдык тармактарын булак катары колдонушат. «Тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектебинин» анализи аныктагандай, ар кандай топторго карата жек көрүүчүлүк жана дискриминациялык билдирүүлөр ММ-Кларда саясий партиялардын тизмеси түзүлгөнү, алардын курултайлары өткөрүлгөнү же талапкерлердин сүйлөгөн сөздөрү жөнүндө жаңылык чыгаары менен кескин көбөйгөн. Андан тышкары, ар кандай адамдарга карата троллинг жана кемсинткен комментарийлер катталган. Бул фактылар коомдогу дискуссия маданиятынан жана конфликт деңгээлинен кабар берет.

Медиа иликтөөчүлөрдүн ою боюнча, троллинг дагы өнүгөт, жаңы коммуникативдик мейкиндиктерди өздөштүрөт (экономика, саясат, илим), атаандаштар менен болгон күрөштүн методдорун жакшыртат.

Соңку жылдары интернет-коммуникацияда «кастык тилинин» дагы бир инструменти активдешти, *астротерфинг* — троллингдин акча төлөнгөн түрү, анын максаты — атайын жасалма колдонуучулар аркылуу жасалма коомдук пикирди түзүү. Адатта мындай «кастык тили» агрессия жана конфликт аркылуу ишке ашат. Колдонулчу каражаттары: чагымчыл билдирүүлөр, перепост, баарына сын айтуу, кагыштыруу, уруш, айтылгандарды төгүндөө. Максаты — талкуланып жаткан теманы «бузуу», флейм уюштуруу, коомдо калыптанып калган эрежелерди көзгө илбөө: кемсинтүү, репутациясын бузуу, имджине шек келтирүү, фейк менен чабуул жасоо, каралоо.

«КАСТЫК ТИЛИНИН» КЛАССИФИКАЦИЯСЫ: «ЖУМШАК», «ОРТО», «КАТААЛ»

«Кастык тили» шарттуу түрдө «жумшак», «орто» жана «катаал» болуп бөлүнөт. «Кастык тилинин» стратегияларын жана каражаттарын камтыган бир нече классификациясы бар. Эң таанымалдары А.М. Верховскийдин, М.В. Кроздун жана Н.А. Ратинованын классификациялары болуп саналат, андан сырткары Санкт-Петербургдагы Европа университетинин классификациясы бар.

А.М. Верховскийдин «кастык тили» боюнча классификациясы

— «*Катаал (орой) кастык тили*» – бул түздөн-түз зордук-зомбулукка, басмырлоого чакыруу. Кээде бул үчүн жалпы лозунгдарды колдонушат, кээде көмүскө чакырык таштоо болушу мүмкүн.

— «*Орто кастык тили*» - бул зордук-зомбулук, дискриминацияга байланыштуу тарыхый окуяларды актоо; бул же тиги этникалык же диний топту кылмыштуулукка жакын деп билдирүү; бул же тиги социалдык топту россиялык же/жана чет өлкөлүк саясий жана мамлекеттик структуралары менен байланышы бар деп каралоо; кандайдыр бир этникалык топтун пропроционалдуу эмес материалдык жактан, бийликтин курамындагы артыкчылыктары туурасында талкуулоо; бул же тиги этникалык же диний топту коомго, мамлекетке терс таасир тийгизип жатат деп айыптоо.

— «*Жумшак кастык тили*» - этникалык, диний же адамдардын башка тобунун негативдүү образын жаратуу; этникалык же диний топтор же алардын өкүлдөрү туурасында кемсинтип же мазактоо маанайы менен сөз кылуу; бул же тиги топтун толук кандуу эместиги же моралдык кемчиликтери туурасында билдирүү; социалдык топту же анын өкүлдөрүн кемсинтип же мазактап сүйлөө; ксенофобия маанайындагы билдирүүлөрдү же текстерди интервью берип жаткан адам менен журналисттин пикирин чегин аныктаган тиешелүү комментарийсиз колдонуу; ачык эле улутчулдук пропагандага редакциялык комментарийи жок же башка полемикасыз гезит бетинен орун берүү.

М.В. Кроз жана Н.А. Ратинованын кастык тили боюнча классификациясы

— «*Жалган идентификация*». Негативдүү этникалык стереотиптерди, улуттун, расанын, диндин терс образын калыптандыруу жана бекемдөө.

— «*Жалган атрибуция*». Кастык аракеттерди жана коркунучтуу ниеттерди бир улуттун, расанын, диндин өкүлдөрүнө таңуулоо.

— *«Үнсүз коргонуу»*. Белгилүү бир улутка, расага, динге ж.б. каршы кандайдыр бир аракеттерге түртүү.

Европа университетинин классификациясы бардык текстерди 2 категорияга бөлөт:

— Салыштырмалуу түрдө «жумшак кастык тилин» камтыган текстер, «БИЗ» жана «АЛАР» деген топко бөлүү белгилери бар;

— Салыштырмалуу «катаал кастык тилин» камтыган текстер, аракеттерге түрткөн, «АЛАР» деген топко каршы терс аракеттерге чакыруу текстери.

«Кастык тили», биз башында айтып кеткендей, бир гана Интернеттин катардагы колдонуучулары тарабынан колдонулбайт. «Зомбулук лексикасын» жогорку мамлекеттик, коомдук ишмерлердин оозунан да көп эле угууга болот, же алардын билдирүүлөрүнөн окууга болот. Бул коомдогу социалдык, саясий процесстердин, билим деңгээлинин, маданий нормалар менен баалуулуктардын күзгүсү. Жана бул жеке бир адамдын жашоосу үчүн да, адамдардын тобу үчүн да, жалпы мамлекет үчүн да (Мьянма кейси) коркунучтуу болушу мүмкүн.

Мындай лексиканы колдонуу менен анын автору түздөн-түз же кыйыр түрдө зомбулук тилин, коомчулук ичинде кастыкты жайылтат. Айрыкча өзүлөрүнүн коомдук кайрылууларында саясатчылардын тоналдуулукту, сөз тандап сүйлөөнү унуткан билдирүүлөрү чоң коркнкучка ээ. Мисал катары АКШнын мурдагы президенти Дональд Трамптын Твиттердеги «кастык тилин» камтыган билдирүүлөрүн алсак болот. Анын айрым бир өлкөлөрдүн дарегине айтылган айдан ачык эле «кастык тили» колдонулган конфронтациялык риторикасы бүлүндүргүч медиа таасирдин негизи болуп калды. 2021-жылдын башында Твиттер Трамптын аккаунтуна биротоло блок койгон, компания бул кадамын, «мындан ары да зомбулукка шыкактоонун орун алышына ыктымалдыктын жогору болгонуна байланыштуу» деп түшүндүргөн. Муну, дүйнөлүк ММКлардын билдирүүсү боюнча, соцтармактын кызматкерлери да талап кылышкан.

«Трамптын моделин» саясатчылар көп колдонушат, анын ичинде оппозициялык саясатчылар да, мисалы азыркы мамлекеттик бийлик өкүлдөрүнө болгон кайрылууларында. Толерант-туулук терсаяктыкка өтөт; сыпайы тон кемсинтүүгө, кенебестикке алмашат; адамдар ортосундагы мамилени мүнөздөгөн сылыктык анын антиподу менен гана алмаштырылбастан, ороолукка, түздөн-түз мазактоого өтөт; мамилелердеги ишеним күмөн саноого айырбашталат; мурдагы өнөктөшү эми каршылашы катары саналат; мурдагы досу эми айыгышкани душманы болот. Фактыларга таянбастан, дискредитация, манипуляция, фейктер «кастык тилинин» «аргументтерине» айланды.

Кошумча материалдар

1. European Commission and IT Companies announce Code of Conduct on illegal online hate speech (Баш сөздүн котормосу: Европа комиссиясы жана санариптик компаниялар Интернеттеги мыйзамсыз ксенофобиялык билдирүүлөргө каршы күрөш боюнча жүрүм-турум кодексин киргизет [Европа комиссиясынын пресс-релизи, 31-май, 2016-ж.] Англис жана башка тилдерде). // URL: http://europa.eu/rapid/press-release_IP-16-1937_ en.htm /

2. Европа Кеңешинин жек көрүүчүлүк кебинин кабыл алынуу деңгээлин төмөндөтүүгө жана жаштардын онлайн-катышуусун, анын ичинде интернетти башкаруу процесстерине катышуусун өнүктүрүүгө арналган Интернеттеги адам укуктары боюнча жаштар кампаниясы. (Англис жана француз тилдеринде). // URL: http://www.nohatespeechmovement.org/

3. Hate on the Internet: A Response Guide for Educators and Families. December 2003 (Баш сөздүн котормосу: Интернеттеги жек көрүүчүлүк: мугалимдер жана ата-энелер үчүн колдонмо. декабрь 2003-ж.) // URL: http://www.partnersagainsthate.org/publications/index.html /

4. «Кастык тилин» түшүндүрүү: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция/ Article 19, 2019. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf

5. Зомбулук экстремизмин алдын алуу боюнча методикалык колдонмо, — ЮНЕСКО, 2016. // URL: http://unesdoc.unesco.org/images/0024/002446/244676r.pdf

6. В. Лихачев. Кастык тили: Ачык дискуссияларда андан кантип оолак болуу керек? Журналисттер үчүн техникалар. [Электрондук ресурс: Тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектебинин долбоорунун тренеринин мастер-классынын видеожаздырмасы (School of Peacemaking and Media Technology)]. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/vebinary/42-yazyk-vrazhdy-kak-izbezhatetogo-v-publichnoy-diskussii-tehniki-dlya-zhurnalistov.html

7. Council of Europe. Bookmarks — A Manual for Combating Hate Speech Online Through Human Rights Education, 2016. (Баш сөздүн котормосу: Закладкалар: Интернеттеги жек көрүүчүлүк тили менен адам укуктары жаатында билим берүү аркылуу күрөшүү боюнча колдонмо). // URL: https://rm.coe.int/168065dac7

8. Уиллаби [Willoughby] Б. Студенттик чөйрөдөгү жек көрүүчүлүк менен күрөшүүнүн 10 амалы: активист-студенттер үчүн жоп кылуу боюнча колдонмо [10 Ways to Fight Hate on Campus: A Response Guide for College Activists]. — Southern Poverty Law Center, 2004.

9. Лидер-теңтуштар: жаштарга өз мектептеринде, коомчулугунда өзгөрүүлөрдүн булагына айлануу кантип жардам берүү керек [Peer Leadership: Helping Youth Become Change Agents in their Schools and Communities] / Жек көрүүчүлүккө каршы өнөктөштөр, июль 2002-ж.

10. Трампка твиттерде биротоло блок коюп салышты — соцтармактардын кызматкерлери да талап кылып чыккандан кийин [Электрондук ресурс: meduza, «Тарых» бөлүмү] // URL: https://meduza.io/feature/2021/01/09/trampa-navsegda-zabanili-v-tvittere-posle-togo-kak-etogo-potrebovali-dazhe-sotrudniki-sotsseti

Негизги булактардын тизмеси

1. Верховский, А.М. Язык мой… Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М. Верховский. — М.: РОО «Центр «Панорама», 2002.

2. Евстафьева, А. В. «Кастык тили» в средствах массовой информации: лингвистические и экстралингвистические факторы функционирования / А. В. Евстафьева: автореф. дис. ... канд. филол. наук. - Тамбов, 2009. - 26 с.

3. Кожевникова Г.В. Кастык тили: типология ошибок журналиста [Электронный ресурс] // Сова [Сайт]. // URL: https://www.sova-center.ru/hatespeech/publications/2006/12/d9803.

4. Кроз, М.В., Ратинова, Н.А. Экспертная оценка материалов, направленных на возбуждение вражды и ненависти / М.В. Кроз, Н.А. Ратинова // Цена ненависти. Национализм в России: сб. ст.; сост. А. Верховский. — М.: Центр «Сова», 2005. — С. 75 –92.

5. Медийная и информационная грамотность //Авторский коллектив: Лайла Ахметова, Дмитрий Шорохов, Айгуль Ниязгулова. Бюро ЮНЕСКО в Алматы, 2015. □ 36 с.

6. Разъясняя «языка вражды»: практическое пособие. Редакция 2015 года // Article19. [Электронный ресурс: публикация в PDF]. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf

7. Чепкина, Э. В. Все как один: язык согласия в корпоративной прессе / Э. В. Чепкина // Известия Уральского государственного университета. — 2006. — № 40. — С. 136 –146.

8. Щербинина, Ю.В. Речевая агрессия. Территория вражды / Ю.В. Щербинина. — М.: Форум, 2012. — 400 с.

9. «Язык вражды» в предвыборном дискурсе Кыргызской Республики». [Электронный ресурс: Школа миротворчества и медиатехнологий. Бишкек: Информация к новости, 9-09-20]. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/5379-yazyk-vrazhdy-v-perdvybornom-diskurse-monitoring-i-analiz.html

10. Следователи ООН обвинили Facebook в разжигании ненависти к рохинджа. [Электронный ресурс: Русская служба новостей ООН, 2018]. // URL: https://news.un.org/ru/story/2018/03/1326172

11. Страна, в которой "Facebook" помог разжечь ненависть к мусульманам. [Электронный ресурс: BBC NEWS. Русская служба, 2018]. // URL: https://www.bbc.com/russian/features-45499424

12. Это такой интернет мы хотим: как социальные медиа превратились в смертельное оружие. [Электронный ресурс: Хабр: Н. Цаплин. Статья, 30.10.19]. // URL: https://habr.com/ru/company/ruvds/blog/473806/

13. Материалы Информационно-аналитический центра «Сова». // URL: https://www.sova-center.ru

2-сабак

Тема 2

Сөз эркиндиги vs «кастык тили»

Подтемалар

— «Кастык тили» менен сөз эркиндигинин ортосундагы чекти аныктоо: эл аралык практика
— Цензуранын, «кастык тилинин» чагылдырылышы, Борбор Азия өлкөлөрүндөгү эркин пикир билдирүү укугу бузулган фактылар.

Предметтердин интеграциясы

«Конституциялык укук», «Политология», «Конфликтология, «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Медиа жана маалыматтык сабаттуулук».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

— студенттер «сөз эркиндиги» жана «кастык тили», «цензура», «башкача ойлом», «дезинформация», «экстремизм», «улут аралык жана региондор аралык ажырым» деген түшүнүктөргө аныктама бере алышат;
— студенттер контентти баалоонун эл аралык практикасы менен таанышат;
— студенттер «сөз эркиндиги» менен тыюу салынган контенттин ортосундагы чекти аныктоо боюнча жергиликтүү практика менен таанышат.

Социалдык-эмоционалдык:

— студенттер өз жашоосунда сөз эркиндиги жана өз пикирин билдирүү менен «кастык тилинин» ортосундагы чек кайдан өтөөрүн түшүндүрө алышат;
— студенттер «кастык тили» адамдын психоэмоционалдык абалына кандай тасир этээрин түшүнүшөт.

Жүрүм-турумдук:

— студенттер өз пикирин эркин билдирүү жана «кастык тилин» колдонбоого карата өз мотицвациялары боюнча позицияларын түшүндүрө алышат;
— студенттер кантип сөз эркиндигин коргоо жана ошол эле учурда «кастык тилин» колдонбой сүйлөшүү боюнча өз чечимдерин бере алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт
Сабак өтүү методу	Дискуссия, мини-лекция, слайддардын презентациясы, ачык жана жабык суроолор, маалымат булактары менен иштөө.
Баалоо методдору	Бышыктоочу суроолор, өзүн-өзү баалоо баракчасы.
Негизги түшүнүктөр	Сөз эркиндиги, өз пикирин эркин билдирүү укугу, адам укугу (жарандык, саясий, универсалдуу), конституция, цензура, улут аралык ажырым, региондор аралык ажырым, экстремизм, дезинформация, фейк.
Керектүү ресурстар	Сабактын максаты (слайдда же флипчартта), видеопроектор, компьютер, карточки, маркер, доска, скотч.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

Керектүү материалдар: сөздөр жазылган карточкалар.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге суроо менен кайрылат, «сөз эркиндиги» жана «кастык тили» деген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Андан соң өз жашоосунан мисал келтирүүнү сунуштайт. Андан ары «сөз эркиндиги жана эркин пикир билдирүү», «кастык тили», «цензура», «башкача ойлом», «маалыматтын жеткиликтүүлүгү», «дезинформация», «экстремизм», «улут аралык жана региондор аралык ажырым» деген түшүнүктөрдүн аныктамаларын талкуулоо орун алат.

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Керектүү материалдар: эл аралык жана жергиликтүү практикадан алынган кейстер.

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР:

- АКШда эркин пикир билдирүү укугу менен «кастык тилинин» ортосундагы чекти кантип аныкташкан? (бир кейстин мисалында).
- Эмне үчүн кызматкерлеринин өлүмүнө жана дүйнөдөгү негативдүү эбегейсиз реакцияга карабай Charlie Hebdo аттуу француз журналы дагы деле чагымчыл публикацияларды жарыялап жана бийликтин колдосуна ээ болуп келет?
- Цензура киргизип жана сөз эркиндигин чектөөнүн кооптуулугу эмнеде? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).
- Чексиз сөз эркиндиги кооптуубу? Анын маниси эмнеде? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).
- Сөз эркиндиги менен «кастык тилин» кантип тең салмактоо керек? (курстун студенттеринин өлкөсүнүн контекстинен алынган мисалдар менен).

3. АРАКЕТТЕН

Керектүү материалдар: кейстер/сүйлөмдөр жазылган карточкалар

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге 3-4 адамдан турган топторго биригүүнү сунуштайт. Андан соң аларга билдирүүлөр жазылган карточкаларды таратат. Студенттер «кастык тилин» таап, ал билдирүүнү кайра «тынчтык тилине» айландырып жазып чыгышы керек. Аягында студенттер жоопторун жалпыга тааныштырат, талкуу жана жыйынтыктоо менен аяктайт.

Карточкалар үчүн кейстердин мисалдары (грамматикасы жана автордун постторунун стили сакталды):

1. КЭР элчисинин Кыргызстанга гумжардам тапшырып жатканы жөнүндөгү жаңылыктын алдындагы комментарий, элчи өз сөзүндө эки элдин бир туугандыгын белгилеген: «Качантан бери тууган болуп калдык эле? Улуу Калыгул керек болсо айтып кеткен – кыргыздардын биринчи душманы - кытайлар» (орус. - «С каких пор мы стали родичами? Еще великий Калыгул говорил, что китайцы — первые враги кыргызов»).
2. Тажикстанда солдат уй уурдаган кылмышы үчүн абак жазасын алганы жөнүндө жаңылыктын алдындагы комментарий: «Байкуш солдаттар ачка да, буга командирлеринин өзүлөрү күнөөлүү. Акмактар, качан токтойсуңар, андан көрө өлүп калсаңар жакшы болмок» (орус. - «Бедный солдаты они голодные, в этом сами командиры виноваты. Мерзавцы, когда вы остановитесь, пусть лучше (бы вы) умерли») .
3. Өзбек тилин күчтөндүрүүгө карата орус тилдүү колдонуучулардын терс реакциясына байланышту жазылган посттон алынган цитата : «Алар дагы деле биздин өлкөгө өз колониясы катары карашат, а бизди кулдары катары көрүшөт» (орус. - «Они до сих пор смотрят на нашу страну, как на свою колонию, а на нас, как на рабов»).
4. Казакстандык университетте иштеген профессордун соцтармактагы комментарийи: «...аялдарды урууга болот, кээде уруп коюу да керек» (орус. - «...бить женщин можно, иногда нужно», — и высказался «за многоженство»), — жана «көп аялдуулук» боюнча пикирин кошумчалаган.

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Сабактын темасын студенттер канчалык деңгээлде түшүнгөнүн билүү үчүн кайтарым байланыш катары «Жарк этүү» методун колдонуу сунушталат (Тиркеме 1 «Интерактивдүү окутуу боюнча глоссарий»).

Керектүү материалдар: талап кылынбайт.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим ар бир студентти сабактын аягында берилген суроолордун бирине кыскача пикирин билдирүүнү сунуштайт (бир сүйлөм менен):

— Бүгүнкү сабакта силер үчүн эң маанилүү нерсе эмне болду?
— Бүгүнкү сабакта өздөштүрүлгөн көндүмдөрдүн кайсынысы силер үчүн эң маанилүү?
— Өз жашооңордо силер сөз эркиндиги менен «кастык тилинин» ортосундагы чекти кантип аныктайсыңар?

Мугалим үчүн кеңештер.

Студенттердин жооптору башка студенттер тарабынан талкууланбайт жана комментарий берилбейт. Студенттердин айткандарына мугалим баа бербейт. Албетте, мугалим студенттердин жооптору үчүн, кайтарым байланыш үчүн ыраазычылык билдирсе болот.

Маалыматтык обзор

«КАСТЫК ТИЛИ» МЕНЕН СӨЗ ЭРКИНДИГИНИН ОРТОСУНДАГЫ ЧЕКТИ АНЫКТОО: ЭЛ АРАЛЫК ПРАКТИКА

Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 19-беренеси эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүү укугуна кепилдик берет жана аны негизги адам укугу катары белгилейт: «Ар бир адам эркин ой-пикирге жана аны эркин билдирүүгө укуктуу; бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин камтыйт». Бул укук демократиялык багыт алган өлкөлөрдүн конституцияларында бекитилген. «Кастык тилин түшүндүрүү» (Article 19) колдонмосунун авторлору мындай деп белгилешет: «Жеке адамдын деңгээлинен алганда пикирин эркин билдирүү адамдын өнүгүшүнүн, кадыр-баркынын жана өзүн инсан катары табуунун ачкычы болуп саналат. Мамлекеттик деңгээлде эркин пикир билдирүү талаптагыдай мамлекеттик башкаруу үчүн зарыл, анын натыйжасында экономикалык жана социалдык өнүгүү үчүн зарыл. Пикирин эркин билдирүү укугунун аракеттенүү чөйрөсү абдан кеңири, мисалы, башка адамдар үчүн мазактоо катары кабылданган, дискриминациялык мүнөздөгү пикирлер менен идеяларды билдирүү укугу».

Бир нерсени түшүнүү керек, пикирин эркин билдирүү укугу абсолюттук түшүнүк эмес жана мамлекеттер белгилүү бир кырдаалдарда адам укуктары жаатындагы эл аралык мыйзамдардын чегинде бул укукту чектей алат. Эч кандай дискриминациясыз бардык адамдын ар-намысын коргоо «кастык тилине» карата чара көрүүдө көп учурда мотивация болуп берет. «Кастык тилине» карата чаралар, анын ичинде ага тыюу салуу ошондой эле көп учурда улуттук коопсуздукту коргоо, коомдук тартипти сактоо жана коомдук адепахлак маселелерине негизделет. Бирок, бул максаттар жеке адамды дискриминациядан коргоо максаттары менен аралашып кеткенде, пикирди билдирүүнү чектеген чаралар өтө эле кеңири мүнөзгө ээ болуп жана кыянат пайдалануу туш болушу мүмкүн.

«Кастык тили» боюнча бирдиктүү аныктаманын жоктугу, сөз эркиндиги менен пикир билдирүү эркиндигинин ортосундагы чекти түшүнбөстүк дайыма курч талкуулардын чыгышына, чыр-чатактуу кырдаалдарга тасир этип, бул түшүнүктөрдү чечмелөө жана алардын пайда болуусуна карата позициялар кагышып же сөз эркиндигин коргоо жана «кастык тили» менен күрөшүү деген ураандын алдында кыянат пайдалануу ишке ашат.

Эл аралык уюмдар жарандардын эркин ой-пикирге ээ болуу жана аны эркин билдирүү укугуна доо келбегендей

кылып «кастык тилин» азайтууга карата натыйжалуу аракеттерди көрүүгө жардам берүү үчүн «кастык тилин» колдонууну алдын алуу боюнча инструменттерди иштеп чыгышууда.

Article 19 (Артикль 19) уюму «Эркин пикир билдирүү жана теңчилик боюнча Кемден принциптерин» иштеп чыккан. Бул документте эркин пикир билдирүү укугун сыйлоо жана теңчиликти кубаттоодо кеңири консенсусту колдоого багытталган 12 принцип менен кеңештер камтылган. Принциптер эркин пикир билдирүү жана теңчилик базалык укуктар экенине жана алардын аткарылышы жалпы эле бардык адам укуктарын коргоону ишке ашырууга зарыл экенин түшүнүүгө негизделген. Муну менен бирге принциптер айрым бир сүйлөнгөн сөздөргө, мисалы атайлап расалык жек көрүүнү пайда кылуу боюнча, алар абдан коркунучтуу болгондуктан аларга тыюу салат. Мындай сөз сүйлөөлөргө тыюу салуу эрежелери, алар кыянат пайдаланылбашы үчүн так аныкталууга тийиш.

БУУнун адам укуктары боюнча Башкармалыгынын жетекчилиги менен 2012-жылы Рабат иш аракеттер планы иштелип чыккан, анда кылмыш-жаза мыйзамдары боюнча тыюу салынган речтин формаларын текшерүү үчүн тест камтылган. Ал ошол сөз эркиндиги менен эркин пикир билдирүү укугу бүтүп, тыюу салынган контент башталган чекти аныктоого жардам берет.

Рабат иш аракеттер планы жек көрүүчүлүктү тутантуу деген түшүнүктү аныктоодо пикирди эркин билдирүүгө чектөөлөрдү киргизүү үчүн жогорку баскычты бекитүүнү сунуштайт. Ал баскычтан өтүү критерийинин оордугу өтө орой жана эмоционалдык чыңалууга ээ мазактоолор гана жек көрүүчүлүктү тутандыруу катары каралышы керек дегенди түшүндүрөт. Жек көрүүнүн даражасын баалоо үчүн мүмкүн болчу параметрлер өз ичине айтылган сөздүн ачуулугун, сөз сүйлөөчү тарабынан жасоого чакырылган зыяндын даражасын, андай сөздөрдүн канчалык жыш айтылганын жана санын, жана ал сөздөрдүн канчалык ачык айтылганын камтыйт. Буга байланыштуу кылмыш-жаза мыйзамдарынын негизинде жоопкерчиликке тартууга боло турган билдирүүлөрдү аныктоо үчүн 6 бөлүмдөн турган тест иштелип чыккан.

1. *Контекст.* Бул же тигил билдирүүлөр дискриминацияга, кастык же зомбулукка түрткү берээрин, мындай аракеттерге же/жана себептерге түздөн-түз тиешеси бар экенин аныктоодо контекст абдан маанилүү. Контексттик анализде ошол билдирүү ал айтылган же жарыяланган учурга мүнөздүү болгон социалдык жана саясий контекстке салынышы керек.

2. *Оратор.* Билдирүү жасаган адамдын коомдогу ордун жана статусун эске алуу керек, тактап айтканда, ал адамдын же уюмдун билдирүү айтылган аудиторияга карата абалын же ордун эске алуу зарыл.

3. *Ниети.* Жарандык жана саясий укуктардын эл аралык пактынын (МПГПП) 20-беренесинде атайын ниеттин болушу айтылат. Шалакылык же аңдабастык 20-беренени пайдаланууга жетиштүү негиз боло албайт, бул беренеге ылайык жөн гана таркатуу эмес, «пропаганда»

жана «жек көрүүчүлүктү тутандыруу» да орун алышы керек. Буга байланыштуу аталган беренеге ылайык, билдирүүнүн объектиси, субъектиси жана аудиториянын ортосундагы мамилелердин үч бурчтугу болушу керек.

4. *Мазмуну жана формасы.* Айтылган сөздүн мазмуну — соттук териштирүүнүн негизги объектилеринин бири жана жек көрүүчүлүктү тутандыруунун негизин түзөт. Мазмунуна анализ жүргүзүү деген ал айтылган сөздөр канчалык деңгээлде ачык жана чагымчылдык мүнөзгө ээ экенин аныктоо болуп саналат, андан сырткары, формасы менен стилин, сөздүн ээси келтирген аргументтердин мүнөзүн, аргументтеринин тең салмактуулугун ж.б. талдоо болуп саналат.

5. *Канчалык калың катмарга тараганы.* Бул пункт өз ичине төмөнкү элементтерди камтыйт: ал айтылган сөздөрдүн ачык жеткиликтүүлүгү, адресаттын мүнөзү, маанилүүлүгү жана аудиториянын көлөмү. Андан кийин: ал билдирүү ачык элге карата айтылдыбы, кандай каражатар аркылуу таркатылган. Ошондой эле төмөнкү учурду да эске алуу керек: ал айтылган сөздөр жалгыз баактын жардамы менен таркатылдыбы, массалык маалымат каражаттары аркылуубу же Интернет аркылуубу, маалыматтын кайталануу жыштыгы, саны жана канчалык кеңири таркаганы, аудиторияда чагымчыл чакырыктарга ылайык аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк бар беле, билдирүү (же искусство чыгармасы) тар чөйрөдө таркатылдыбы же жалпы ачык коомгобу.

6. *Чакырыкта айтылган нерселерди ишке ашыруу мүмкүндүгү, анын ичинде кайра оңдоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.* Жек көрүүчүлүктү тутандыруу негизи эле кылмыштын башаты болуп саналат. Билдирүү кылмыштык аракет деп таанылышы үчүн анда айтылган чакырыктар сөзсүз түрдө эле ишке ашышы милдет эмес. Бирок кайсы бир деңгээлде зыян келтирүү ыктымалдыгы бар экени аныкталышы керек. Бул - соттор билдирүүдө айтылгандар максаттуу топко каршы чыныгы аракеттерге түрткү бериши мүмкүн болгон реалдуу коркунуч болгонун аныктап бериши керек дегенди түшүндүрөт, бул учурда алар түздөн-түз себеп-натыйжа байланышы так көрсөтүлүшү керек экенин эске алуулары керек.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Студенттерди 2 топко бириктирип, студенттердин арасынан модератор дайындоо керек. Эки топ тең кейсти изилдеп, Рабат иш аракеттер планынын 6 критерийи боюнча анализ кылышат:

1. *Контекст.*
2. *Оратор.*
3. *Ниет.*
4. *Мазмуну жана формасы.*
5. *Канчалык калың катмарга тараганы.*
6. *Ишке ашуу ыктымалдыгы, кайра оңдоого болбостугу.*

Биринчи топ өз жыйынтыктары менен таанышты рып, ар бир пункт боюнча аргументтерин келтирет. Экинчи топ аларга оппонент болот. Эгер биринчи топтун аргументтери ишенимсиз болуп калса, же аны менен макул эмес болсо, алар өз аргументтерин сунушташат.

Кейстерге мисалдар:

1. Россиялык TikTok-блогер Владимир Горяинов, ал ошондой эле Володя XXL деген ник менен таанымал, өзүнүн YouTube каналында катталуучуларынын гейлерге мамилеси кандай экени жөнүндө суроолорона жооп берип жатып мындай деп билдирет: «*Эгер менде мүмкүнчүлүк болгондо (...), мен ал жийиркеничтүү адамдардын баарын атып салмакмын. Мен түшүнбөйм, аларга жашап эмне кереги бар*» (*орус. - «Если бы у меня была возможность (...), я бы расстрелял всех этих вонючих людей. Я не понимаю, зачем им вообще жить*»). Бул постту жарыялаган учурда блогердин ар кайсы платформаларда жана социалдык тармактарда 300дөн 700 миңге чейин катталуучулары бар болгон.
2. Франциянын президенти Макрон: «*ислам — "кризистеги дин", жана Франциядагы ислам сепаратизмине каршы күрөшү күчөтүүгө багытталган мыйзамдарды катаалдаштыруу пландары туурасында жарыялады*» (*«ислам — религия, "находящаяся в кризисе"*). Анын айтымында, Франция жашаган болжол менен 6 миллион мусулман өзүлөрүнүн «контр-коомун» түзүүнү каалашат. Ал башка чаралар менен катар мектептердеги окуу программалары менен француз мечиттеринин чет өлкөдөн каржыланышын катаал көзөмөлгө коюуну сунуштайт.

Мугалим үчүн кеңештер.

Студенттерге бул же тигил өлкөдө пикирин эркин билдирүү укугу менен кастык тилинин ортосундагы чек кандайча аныкталганын көрсөткөн эл аралык тажрыйбалардын мисалдарын көрсөтүү керек. АКШ менен Франциянын тажрыйбасын талдоо пайдалуу болот. Бирок Борбор Азия өлкөлөрүнүн тажрыйбаларына басым жасоо керек.

АКШнын тажрыйбасы

Холокостту башынан кечирген Сол Голдстайн 1977-жылы Чикагонун четиндеги (Иллинойс штаты) Скокиде Американын улутчул-социалисттик партиясы марш өткөргөнү жатканын угуп катуу ачууланган. Скокиде көп сандагы еврейлер жашаган, жана алардын алты миңи Голдстайн сыяктуу Холокостту башынан кечиргендер. Алардын шаарынан улутчулдардын марш менен өтүшү жол берилгис нерсе катары кабылданган. Скокидеги еврей общинасынын мүчөлөрү улутчул-социалисттик партияга каршы доо арыз берип, соттук териштирүүдө күбө катары тартылган. Голдстайн концлагердеги туткундардын жашоосун кенен сүрөттөп, анын шаарындагы парадда Германиянын улутчулдук символдорун көрүү канчалык оор экенин түшүндүргөнүнө карабай, еврей коомчулугу шаар бийликтеринен маршка тыюу салган чечимге жетише алган эмес. Ал сот чечиминен кийин башка да инстанциялардын чечимдери, анын ичинде АКШнын Жогорку сотунун да чечими жарык көргөн. Алардын баары улутчул-социалисттердин пайдасына чечилген. Соттор алардын марш өткөрүүгө, ал тургай свастика жана башка атрибуттарын демонстрация кылууга болгон укуктары Конституция менен корголгон деп эсептешкен.

АКШнын Конституциясына киргизилген биринчи өзгөртүүлөргө ылайык, федералдык өкмөттүн кимдир бирөөнүн пикирин билдирүүгө тоскоол болушуна жана айткан сөзү үчүн жазалашына тыюу салат: «*Конгресс сөз жана басылма эркиндигин чектеген же элдин тынч жыйынга чогулуу укугун чектеген бир дагы мыйзам чыгарбашы керек*». Алгач бул саясий билдирүүлөрдү жасоо эркиндигине кепилдик катары жана өкмөттүн оппозициялык гезитерди жаап салышына жол бербөө максатында кабыл алынган, бирок кийинчерээк анын күчү Жогорку сот тарабынан марш, демонстрация, нааразылык билдирүүнүн башка формаларына карата да таркатылган. Концепция дагы кеңейтилип, ага жек көрүүнү чакырган жана мазактоолорду камтыган билдирүү жана жүрүм-турумдар кошулган. Бул кайсы бир идеялар кимдир бирөөлөрдү мазактап жатканына карабай, кандайдыр бир сүрөттөр кимдир бирөөлөрдү кыжырдантканына карабай, Биринчи өгзөртүүлөр андай пикирлерди билдирүү жана демонстрацияга чыгуу укугун коргойт дегенди түшүндүрөт.

АКШны түптөгөн негиздөөчүлөр сөз эркиндигин чындап коргоонун жалгыз амалы – аны баардыгы үчүн коргоо, ал тургай көпчүлүк үчүн жол берилгис болгон пикирди кармангандар үчүн да коргоо деп эсептешкен. Бул соттор Мартин Лютер Кинг жана анын жактоочуларынын акыйкатсыздык жана АКШдагы расисттик бөлүүгө каршы марш өткөрүү укугун жактап чыкканда тастыкталган. Жергиликтүү бийлик

органдарынын каршы аракеттерине карабай, Кингдин сөз сүйлөшүнө, демонстрация жана нааразылык акциясына уруксат берилген, анткени зомбулукка чакыруу болгон эмес. Биринчи өзгөртүүлөр Кингдин жактоочуларынын аракеттерин коргогон. Прецденттерди жараткан көп учурлар орун алган: активисттердин айта турган сөздөрү жакпаганы үчүн гана жарандык укук үчүн кыймылдардын жакточуларын марш өткөрүү укугунан ажыратууга шаарлар мыйзамдык негизге ээ эмес болчу.

Ак түстүү расисттердин Ку-клукс-клан уюмунун лидери Огайо штатында сөз сүйлөп, кара түстүүлөрдөн, еврейлерден жана АКШ өкмөтүнөн өч алууга чакырганда, Жогорку сот ал конкреттүү бирөөнү коркутпаган соң камакка алынууга тийиш эмес деген бүтүмгө келген. Бирок Ку-клукс-клан мүчөлөрү Виржинияда белгилүү бир афроамерикалык үй-бүлөнү коркутканда, Жогорку сот аларды Биринчи өзгөртүүлөр коргой албасын билдирип, күнөөлүүлөрдү кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча токтом чыгарган.

Ошентип, Биринчи өзгөртүүлөрдүн күчү бардык билдирүүлөргө эле тарабайт. Бул учурда жек көрүүнү пайда кылган риторика зомбулукка же башка мыйзамга каршы иш аракеттерге алып келет деген негиздүү божомолдордун болушу негизги критерий катары эсептелет. Негизи, эгер соттор белгилүү бир адамга карата коркутуу-үркүтүү орун алды же башка адамдарга карата зомбулук аракеттерине тукуруу болду деп аныкташса, мындай билдирүүлөр же айтылган сөздөр мыйзам чегинде тескелип, өкмөт чара көрүүгө мыйзамдуу мүмкүнчүлүк алышат.

Франциянын тажрыйбасы

Charlie Hebdo (Шарли Эбдо, кырг. «Чарлинин күндөлүгү») — франциядагы саясий сатиралык журнал. Нонконформистикалык мүнөздөгү карикатураларды, репортаждарды, дискуссия жана анекдотторду жазат. Солчул светтик позицияда болгондуктан франциялык да, чет өлкөлүк да ультра оңчул саясатчыларды, ислам жана христиан өкүлдөрүн шылдыңга алат, дайыма чуулганды, эл аралык талаш-тартышты жаратып турат. 2015-жылы Charlie Hebdo чабуулга кабылган: журнал экстремисттик исламдык уюмдун лидеринин карикатурасын жарыялагандан кийин Париждеги редакциясында 12 кызматкери атылган. Бул да журналдын кызматкерлерин токтото алган жок, алар курч жана чагымчыл карикатураларын чыгарууну улантып келишет. 2020-жылдын октябрь айында 18 жашар диний фанатик мектепте сөз эркиндигине арналган сабак учурунда Charlie Hebdo журналынын карикатурасын талкуулаган тарых мугалими Самюэль Патинин башын кесип салган. Франциянын президенти Эмануэль Макрон экстремизмди, исламисттерди сынга алып, Франциядагы сөз эркиндигин коргоп чыккан, ал Франция эли сөз эркиндигин коргоону дагы да уланта берет жана мусулмандардын ар-намысына тийген карикатуралардан баш тартпайт деп убада кылган. Бул позиция Франциянын башка чоң-чоң саясатчылары тарабынан колдоого алынып, алар жеке Макронду эмес, Франциянын президентин колдоп жатканын белгилешкен, анткени жалпы мамлекет жана анын баалуулуктарына чабуул болуп жатканын айтышкан.

Буга жооп катары өлкөдө дагы бир катар чабуулдар орун алган: Ниццада бир адам бычак менен сыйынуу жайына кирип барган, Лиондо храмдын кызматкерине ок атылган. Ислам дүйнөсүнүн бир бөлүгү расмий Париждин позициясына массалык наарызылык акциялары менен жооп берген, соцтармактарда глобалдык кампаниялар башталган: #BoycottFranceProducts жана #BoycottFrance («франциялык продукттарга бойкот жарыяла» жана «Францияга бойкот»). Египеттин президенти Абдель-Фаттах ас-Сиси эгер 1,5 миллиард адамдын ар-намысына шек келтирилип жатса, анда Франциядагы сөз эркиндигин чектөө керек деп билдирген: «*Биздин да укугубуз бар. Биздин диний сезимдерибизди жана баалуулуктарыбызды коргоого укугубуз бар*».

Өз принциптеринен кайтпаган Charlie Hebdo 2020-жылдын ноябрь айында жаңы чыгарылышынын мукабасын ачыктаган: анда башы жок кабаренин бийчи кыздары чагылдырылган. Карикатуранын алдында мындай деп жазылган: «Франция дайыма Франция бойдон калат». Франция өкмөтүнүн өкүлү Габриэль Атталь «коркутуу-үркүтүү жана тополоң чыгаруу аракеттерине карабай», Франция «эч качан өзүнүн принциптеринен жана баалуулуктарынан кайтпайт» деп билдирген. «*Мухаммед пайгамбардын каррикатурасына байланыштуу мусулмандардын сезимдерин мен түшүнөм, бирок ал каррикатуралардын артында өкмөт турган жери жок, ал эркин жана көз карандысыз өкмөт менен эч байланышы жок ММК тарабынан басылып жатат*», — деп айткан Макрон «Аль-Джазира» телеканалына берген интервьюсунда.

ЦЕНЗУРАНЫН ПАЙДА БОЛУШУ, ПИКИР БИЛДИРҮҮ ЭРКИНДИГИНИН БАСМЫРЛАНЫШЫ, БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ «КАСТЫК ТИЛИ»

2020-жылдын башында «Тынчтык орнотуу жана медиа технологиялар мектебинин» эксперттери Борбор Азия өлкөлөрүндө пикир билдирүү эркиндигине кысым болгон фактыларды аныкташкан – алардын саны 2019-жылга салыштырганда эки эседен ашуун көбөйгөн. 2020-жылдын 4 айында гана журналистердин, блогерлердин жана Интернеттеги пикирлер лидерлеринин жана жөнөкөй колдонуучулардын пикирин билдирүү эркиндигин чектеген ар кандай түрдөгү 38 учур катталган. Казакстан, Кыргызстан, жана Өзбекстан Республикаларындагы анализ жүргүзүлгөн кейстердин динамикасы көрсөткөндөй чектөөлөр менен цензуранын эң жогорку чеги өзгөчө чаралар киргизилген мезгилге туш келет.

Кырдаалга карата жүргүзгөн анализинде Мектептин эксперттери белгилегендей, пандемияга каршы кескин чараларды киргизүүнүн чукулдугу жана зарылдыгына карабай, бир катар тенденциялар пикир билдирүү эркиндигине олуттуу коркунуч келип жаткынан кабар берет жана анын кесепеттери карантин бүткөндөн кийин дагы узакка сакталышы мүмкүн экенин белгилешет алар.

Киргизилген өзгөчө чаралар пикир билдирүү эркиндигин чектөөдө жана режимди сындоону басууда актануу катары колдонулган. Өкмөттөрдүн тактикалары пикир билдирүү эркиндигин кысымга алуунун ар түрдүү методдорун камтыды: «өзгөчө кырдаал шартында алдын ала жалган маалымат таркатуу үчүн» санкциялардан тартып, «элдин улуттук менталитетине каршы келген» контенттин цензурасына чейин, ошондой эле пандемияны чагылдырууда журналисттерге аккредитация берүүдөн баш тартуулар.

Кабарчылар расмий маалыматты мамлекеттик органдардын онлайн-брифингинен гана маалыматка ээ болуп жатышты, ал эми алардын ары-бери жүрүүсүнө тыюу салынышы толук кандуу материал даярдап, коомчулукту кабардар кылып туруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратты, бул кризис боюнча түшүнүк алууну жана пандемиянын таркашын алдын алууну кыйындатты. «Негизги сокку жарандык активисттер менен колдонучуларга тийди», — деп жазылган Анализде.

Казакстан Республикасы

Казакстан Республикасынын түштүк борбору болгон Алматыдагы жарандык активист жана блогер Альнур Ильяшев апрель айында кылмыш кодексинин «өзгөчө абал шартында алдын ала жалган маалымат таркатуу» беренеси боюнча эки айга камакка алынган. Шымкенттик журналист Зауре Мирзаходжаева сыртка чыгып кетпөө тил кат менен өлкө ичинде кармалды. Ага

карата «алдын ала жалган маалымат таркаткан» деген негизде расмий тергөө иштери жүргүзүлдү. Жарандык активист Арман Хасенов тарткан видеосу үчүн УКК СИЗОсуна салынып, биринчи президенттин ар-намысына шек келтирди деп айыптап жатышат.

2020-жылдын март айында казакстандык колдонуучу Диас Молдалимов YouTube каналына видео чыгарып, анда ал бийликке кайрылып, бөлүнгөн каражат ала албаган, жумушун жоготкон же карантиндин айынан айласыз эс алууга чыгарылган адамдардын тагдыры туурасында ойлонууга чакырган. Ал да «алдын ала жалган маалымат таркатуу» беренеси боюнча жоопкерчиликке тартылды.

Ошол эле убакта жарандык активист жана блогер Геннадий Крестьянский социалдык тармактарда түз эфирде Алматы шаарынын ичинде ары-бери жүрүүгө тыюу салына электе, шаардын айланасындагы блокпосттор туурасында чагылдырган. Бирок ал өзгөчө абал режимин бузду деп административдик мыйзамдар боюнча айыпталган.

Кыргыз Республикасы

Кыргыз Республикасындагы өзгөчө чаралар киргизилген мезгилдеги пикир билдирүү эркиндиги бузулган фактылардын эң олуттууларына мисал катары эксперттер Интернетте пайда болуп турган онлайн-өкүнүү билдирүүлөрүн айтышат, анда атайын кызматтар тарабынан камалган колдонуучулар ага чейинки чыгарган посттору же билдирүүлөрүн төгүндөп, кечирим сурашкан.

Айрым учурларда аларга фейк тараткан деп айып коюлса, башка учурларда чагымчыл постторду жазышты деп айыпташты. Профилактикалык сүйлөшүүлөрдөн кийин, кармалгандардын баары, УКМКнын билдиргени боюнча, «жалган маалымат таркатканы үчүн өкүнүчүн билдирген».

Жалпысынан ошол мезгилде 28 кыргызстандык колдонуучу кармалган, анын ичинде Twitter микроблогун алып барган врач Бектур Апышев да бар, ал өзүнүн ооруканасында медиктердин коргоонуу каражаттарынын сапатсыздыгын айтып чыккан эле. Январь айында Kloop.kg редакциясынан Эльдияр Бакиров жана Хамидулла Узаков Кыргыз Республикасынын бажы кызматынын мурдагы төрагасы Р. Матраимовдун кичүү инисинин арызы боюнча Ош шаарынын ички иштер Башкармалыгына чакыртылган. Арыз берүүчү анын үйүн дрон менен тартып, «жеке жашоо кол тийбестигин бузгандыгы үчүн» бул адамдарга карата чара көрүүнү талап кылган. «Чындык» гезитинин редактору Турсунбек Бейшенбековду «2016-жылдан бери чиновниктерди сындаганы үчүн» аскердик прокуратурага суракка чакыртышкан.

Март айында блогер Элмир Сыдыманов соцтармакка чыгарган посту

үчүн «региондор ортосундагы кастыкты козутуу (Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодексинин 313-беренеси)» беренеси боюнча СИЗОго камалган. Бул иш дагы деле каралууда.

Тажикстан Республикасы

«Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк (МППЧ)» жана Article 19 уюмдарынын 2020-жылдын июль айында жарыяланган биргелешкен докладында Тажикстан Республикасындагы көз карандысыз журналисттер менен массалык маалымат каражаттары туш болгон чектөөлөр менен тоскоолдуктардын мисалдары келтирилген.

Докладда айтылгандай, 2020-жылдын март-апрель айларында массалык маалымат каражаттарындагы жана социалдык тармактардагы өлкөдө пандемия тездик менен тарап жатканын далилдеген билдирүүлөргө карабай, тажик бийлиги өлкөдө коронавирус жайылып жатканын четке кагып келишти. Бийлик өз аракеттерин ачыктагандан баш тартып жана журналисттердин суроолоруна жооп бербей келишти. ММКлардагы COVID-19 боюнча алгачкы учурлар болушу мүмкүн деген билдирүүлөргө өз убагында көңүл буруп, массалык маалымат каражаттарын элди кабардар кылуунун, вирустун таркашын жайлатуунун куралы катары колдонгондун ордуна, бийлик негативдүү жаңылыктарды тараткандар «жоопкерчиликкке тартылат» деп эскертишти. 2020-жылдын 30-арелинде коронавирус жуктуруп алган учур расмий түрдө тастыкталгандан кийин да, бийликтегилер COVID-19 боюнча кырдаалды чагылдырган массалык маалымат каражаттарын калк арасында «дүрбөлөң салып жатат» деп айыптаганды улантышты.

Fergana.news интернет-ресурсу Германияда жашаган тажик студентине 2018-жылдын декабрь айында YouTube каналына хижаб кийүүгө тыюу салууну сынга алган видеоролик чыгарганы үчүн өз мекенинде экстремизмге байланыштуу кылмыш иши козголгонун кабарлаган. Ушул эле берене боюнча Москвада жашаган белгилүү укук коргоочу Иззат Амонго карата да кылмыш иши козголгон. Ал YouTube каналына «Эмне үчүн өкмөт хижабга тыюу салууда?» деген ролик чыгарган.

Өзбекстан Республикасы

Үч жаш өзбекстандык блогерлер «карантин эрежелерин бузгандыгы жана майда бейбаштык кылганы үчүн» 15 суткага камалган. Алар Амир (тарыхый инсан, аскердик кол башчы, XIV кылым) эстелигинин жанынан видео тартып, Интернетке чыгарышкан. Өзбекстандык блогер, гендердик зомбулуктардын бетин ачып аларды документтештирген «Не молчи» онлайн-долбоорунун автору Ирина Матвиенко, үч жашында сексуалдык зомбулукка кабылган аялдын окуясын жарыялаган. Бийликтер бул окуя «улуттук моралдык нормаларга» каршы келет деген негизде аны өчүрүүгө милдеттендирген..

Кошумча материалдар

1. Кожевникова Г.В. Язык вражды: типология ошибок журналиста / Г.В. Кожевникова // Прикладная конфликтология для журналистов; под ред. М. Григорян. — М.: Адам укугу, 2006. — С. 95–105.

2. Верховский А.М. Язык мой... Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М.Верховский. — М.: РОО «Центр 'Панорама'», 2002. — 200 с.

3. Дубровский Д.В., Карпенко О.В. Кастык тили в русскоязычном Интернете: материалы исследования по опознаванию текстов ненависти / Д.В. Дубовский, О.В. Карпенко. — СПб: Издательство Европейского университета в Санкт- Петербурге, 2003. — 72 с.

4. Евстафьева А.В. О некоторых лингвистических маркерах «языка вражды» в манипулятивных приемах в средствах массовой информации / А.В.Евстафьева // Вестник башкирского университета. — Том 13. — No 4. — 2008. — С. 994–996.

Булактардын тизмеси

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы. // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/declhr.shtml

2. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакт. // URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

3. Rabat Plan of Action on the prohibition of advocacy of national, racial or religious hatred that constitutes incitement to discrimination, hostility or violence. [Котормосу: Рабат аракеттер планы — жек көрүүчүлүктү козутууга каршы күрөш үчүн практикалык каражат. БУУнун адам укуктары боюнча Башкармалыгынын жыйынында 2012-жылы, октябрь айында Рабатта (Марокко) кабыл алынган]. // URL: https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Opinion/SeminarRabat/Rabat_draft_outcome.pdf

4. «Кастык тилин» түшүндүрүү: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция, — Article 19, 2019 г. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf

5. Бириккен Улуттар Уюмунун жек көрүүчүлүк риторикасына каршы күрөш боюнча стратегиясы жана аракетер планы. //

URL: https://www.un.org/en/genocideprevention/documents/advising-and-mobilizing/Action_plan_on_hate_speech_RU.pdf

6. Эркин пикир билдирүү жана теңчилик боюнча Кемден принциптери, — Article 19, 2009. // URL: https://clck.ru/Tpegd

7. Сөз эркиндиги кастык тилине каршы. [Электронный ресурс: ShareAmerica] // URL: https://share.america.gov/ru/свобода-слова-против-языка-вражды

8. Кырдаалдын анализи: Борбор Азиядагы бийлик тарабынан киргизилген пандемия мезгилиндеги пикир билдирүү эркиндигин чектөөлөр узак мөөнөттүү кесепеттерге ээ болот. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби] // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/ru_news/5370-ogranicheniesvobody-vyrazheniya-v-period-pandemii-budet-imet-dolgosrochnye-posledstviya.html

9. Борбор Азиядагы пикир билдирүү эркиндиги: регионалдык тренддер жана өзгөчөлүктөр: жылдык доклад. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби, 2019] // URL: www.ca-mediators.net

10. Казакстандагы социалдык тармактардагы кастык тилине мониторинг, — МЦЖ Medianet, 2017. // URL: https://www.academia.edu/35894758/Мониторинг_языка_вражды_в_социальных_сетях_в_Казахстане_2017.

11. Үн катпай коюунун баасы менен эркин пикир билдирүү үчүн төлөнчү бааны салыштыруу. Тажикстандагы ММК эркиндиги, — IPHR, Article 19, Июль 2020. // URL: https://www.iphronline.org/wp-content/uploads/2020/07/RU-Media-Report-TJ.pdf

12. «Алар көрүнбөйт, бирок алар дайыма бул жерде». Өзбекстандагы цензура жана ММК эркиндиги, — Human Rights Watch, 2018, // URL: https://www.refworld.org.ru/pdfid/5ae3310c4.pdf

13. Тажикстан: массалык маалымат каражаттарынын эркиндигин чектөө айрыкча COVID-19 пандемиясы учурунда өзгөчө курч сезилүүдө. // URL: https://www.iphronline.org/tadzhikistan-ogranicheniya-svobody-sredstv-massovoj-informatsii-naibolee-ostro-oshhushhayutsya-vo-vremya-pandemii-covid-19.html

14. Кастык тили Кыргыз Республикасындагы шайлоолор алдындагы жана андан кийинки дискурста. Соңку доклад, 4.12.20г. [Электрондук ресурс: Борбор Азиядагы тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби]. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/

3-сабак

Тема 3

Кастык тили улуттук жана эл аралык укуктардын алкагында

Подтемалар

- Борбор Азиядагы ачык дискурстагы дискриминация көрүнүштөрү жана эркин пикирге ээ болуу, пикир билдирүү эркиндиги
- Эл аралык жана улуттук мыйзамдардагы «кастык тилин» чектөө

Предметтердин интеграциясы

«Адам укугу», «Эл аралык укук», «Конституциялык укук», «Кылмыш-жаза укугу», «Медиа укук», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Заманбап казак/кыргыз/тажик/өзбек/орус тили» (өлкөгө жараша), «Конфликтологиялык журналистика», «Лингвистикалык экспертиза», «Саясий лингвистика», «Журналисттин ишиндеги социалдык тармактар», «Маданияттар аралык коммуникациянын теориясы жана тажрыйбасы».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

- студенттер «дискриминация» деген түшүнүккө аныктама бере алышат;
- студенттер «ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү экркиндиги» деген түшүнүккө аныктама бере алышат;
- студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигинин эл аралык стандарттарын түшүндүрүп бере алышат;
- студенттер эл аралык жана улуттук мыйзамдардагы «кастык тилине» чектөөлөрдү айтып бере алышат;
- студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигина байланыштуу адам укуктары жаатындагы улуттук жана эл аралык мыйзамдардын жоболорунун катыштарын аныктай алышат;
- студенттер улуттук мыйзамдарга ылайык, «мазактоонун» укуктук кесепеттерин билишет.

Социалдык-эмоционалдык:

— студенттер теңчилик жана дискриминациясыз жашоо принциптерин сактоонун маанилүүлүгүн билишет;
— студенттер адамдардын бардык укуктары менен эркиндигин сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
— студенттер ой-пикир эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндигине байланыштуу укуктарды сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
— студенттер улуттук мыйзамдардын нормаларын адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү маанилүү экенин түшүнүшөт.

Жүрүм-турумдук:

— студенттер өз өз сөзүндө «кастык тилин» чектей алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт.
Сабак өтүү методу	Ачык суроолор, дискуссия, мугалимдин лекциялык презентациясы, чакан топтордо иштөө.
Баалоо методдору	Бышыктоочу суроолор.
Негизги түшүнүктөр	«Кастык тили», «жек көрүүчүлүк тили», «дискриминация», «теңчилик», «мазактоо», «кастыкты козутуу/тутантуу».
Керектүү ресурстар	Топ менен иштөө үчүн кагазга чыгарылган материалдар, флипчарт, проектор, экран, ноутбук, маркер, доска, кагаз скотч.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге суроо менен кайрылып, дискриминация, мазактоо, социалдык топтор ортосундагы кастыкты козутуу/тутантуу, укуктук актылар, улуттук коопсуздук, коомдук тартип, улутук адеп-ахлак дегенде эмнени түшүнөсүңөр деп сурайт. Талкуу жүрөт.

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим улуттук мыйзамдардын нормалары (конституция, кылмыш кодекси) жана эл аралык укуктук актылар (жалпы декларация, жарандык жана саясий укуктар боюнча пакт) боюнча презентация жасайт жана төмөнкү суроолордун айланасында талкуу өткөрөт:

1. Эмне үчүн сөз эркиндиги демократиянын негизги баалуулугу болуп саналат?
2. Биздин өлкөдө сөз эркиндиги чектелгенби?
3. Сөз эркиндигине байланыштуу улуттук мыйзамдардын нормалары (конституция, кылмыш кодекси) адам укуктары жана эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келеби?
4. Сөз эркиндигин чектөөнүн кандай терс кесепеттери бар?
5. Сөз эркиндигин чектөөнүн кандай жакшы жактары болушу мүмкүн?

3. АРАКЕТТЕН

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерди 2 же бир нече топко бириктирет, топтун бири жүз пайыздык сөз эркиндигинин жакшы жактарын жана сөз эркиндигин чектөөгө каршы аргументтерди тапканга аракет кылат. Башка топ/башка топтор жүз пайыздык сөз эркиндигинин терс жактарын жана сөз эркиндигин чектөөну колдогон аргументтерди табышат. Майда топтор өз иштеринин жыйынтыктарын жалпы топ менен бөлүшөт.

Мугалим үчүн кеңештер.

Эстен чыгарбоо керек, бул этапта студенттердин жоопторуна комментарий берүүнүн кереги жок. Топтор бири-бирин угушу керек.

Андан кийин жыйынтыктап жатып, бүтүмдөрдү чыгаруу менен мугалим студенттер өзүлөрүн алар кирген топтун пикирине байлангандай сезип калбашы үчүн мугалим аларды бул же тигил топко тийиштүүлүгүнөн «бошотот».

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге өтүлгөн сабакты жыйынтыктоону сунуштап, үч кыска сурооого жооп берүүнү өтүнөт:

1. Бүгүнкү сабактан мен эмне билдим?
2. Бүгүнкү сабакта эмнени үйрөндүм?
3. Бул сабакта мен үчүн эмне маанилүү болду?

Маалыматтык обзор

КАСТЫК ТИЛИ УЛУТТУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК УКУКТАРДЫН АЛКАГЫНДА

Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Өзбекстан Республикаларынын улуттук мыйзамдарында теңчилик нормалары камтылган, бирок дискриминация деген түшүнүк талаптагыдай ачылган эмес, баарын толук камтыган антидискриминациялык мыйзамдар жок, аны менен бирге эл аралык стандарттарга жооп берген дискриминациянын аныктамасы жана анын түрлөрү да жок, ошондой эле андан коргонуунун натыйжалуу механизмдери да каралган эмес.

Борбор Азия өлкөлөрү мүчө болуп кирген Эл аралык келишимдер, ошондой эле жалпы кабылданган эл аралык принциптер менен нормалар улуттук укуктук системаларынын бир бөлүгү болуп саналат.

Адам укуктары жаатындагы эл аралык укук бардыгына жана ар бир адамга теңчилик жана дискриминациясыз жашоого кепилдик берет. Мамлекеттер адам укуктарын колдонууда жана мыйзам тарабынан коргоого алууда теңчилик сакталаарына кепилдик берүүгө милдеттүү. Дискриминациясыз принциби өз ара байланыштагы үч бөлүктөн турат. Дискриминация дегенди төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот:

1) Саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана башка коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө адам укуктарынын жанан эркиндиктеринин бирдей ишке ашырылышын, колдонулушун жана таанылышын жок кылууну же басаңдатууну максат кылган же ошондой натыйжага умтулган,

2) Адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктар тарабынан таанылган жана коргоого алынган мүнөздөмөлөргө негизделген,

3) Бир адамга же адамдардын тобуна каршы бөлүү, өзгөчөлөнтүү же чектөө же артыкчылык берүү.

Мына так ошол бардыгы үчүн бирдей дискриминациясыз ар-намысты коргоо «кастык тилине» («жек көрүүчүлүк тили») карата чара көрүүгө түрткү боло турган негиз болуп бериши керек, анын ичинде эркин пикир билдирүү укугун чектөөгө да. «Кастык тилине» карата чаралар, анын ичинде тыюу салуулар, иш жүзүндө көп учурларда улуттук коопсуздукту коргоо, коомдук тартипти сактоо, саламаттыкты сактоо жана улуттук адеп-ахлак менен негизделет. Бирок, бул максаттар адамдарды дискриминациядан коргоо максаттары менен аралашып калганда, пикир билдирүүнү чектеген чаралар оңой эле өтө кеңири мүнөзгө ээ болуп жана кыянат пайдалануурга туш болот.

Ой-пикир эркиндиги жана эркин пикир билдирүү укугу «Адам укуктарынын жалпы декларациясынын» (АУЖД) 19-беренеси тарабынан кепилдик кылынган жана «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык пакттын» (ЖСУЭП) аркасында юридикалык күчкө ээ болгон негизги адам укуктарынын бири болуп саналат.

АУЖД 19-беренеси талап кылат, мамлекеттер ар бир адамга пикирин эркин билдирүү укугуна кепилдик бериши керек; бул укук өз ичине бул укук өз ой-пикирлерин тоскоолсуз жактоону жана маалыматтар менен идеяларды ар кандай каражаттар жана мамлекеттик чек араларга карабастан оозеки, жазуу жүзүндө же пикирин билдирүүнүн көркөм формалары аркылуу же өзү каалаган башкача амалдар менен таркатуу эркиндигин камтыйт. Бирок эркин пикир билдирүү укугу абсолюттук укук болуп саналбайт жана мамлекет белгилүү бир шарттарда адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктардын талаптарына ылайык бул укукту чектей алат. «Кастык тилин» чектөөгө багытталган мамлекеттик чаралар (АУЖД 19-беренеси) төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1) Мыйзам менен бекитилет;
2) Укуктук максаттарды көздөйт:
   а) башка адамдардын укуктары менен кадыр-баркын сыйлоо үчүн;
   б) мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, саламаттыкты жана улуттук алеп-ахлакты коргоо үчүн;
3) Демократиялык коомдо зарылдыгы болушу керек (ченемдүү жана пропорционалдуу).

ЖСУЭП 20-беренесинин 2-пунктунда мүчө-өлкөлөрдөн «жек көрүүчүлүк тилинин» өтө орой формаларына тыюу салуу талап кылынат: «Улуттук, расалык, же диний жек көрүүчүлүктү кубаттаган, дискриминацияны, кастыкты же зомбулукту козуткан кандай билдирүүлөр болбосун, мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек».

Бул беренени ишке ашыруу иш жүзүндө көптөгөн талаштарды, түшүнүксүз жагдайларды жаратты. Көп сандаган мамлекеттер ЖСУЭП 20-беренесинин 2-пунктундагы эркин пикир билдирүү укугуна байланыштуу тынчсызданууларын билдиришти. Улуттук мыйзамдар менен тажрыйбалар 20-бер 2-п. жобоолорун чечмелөөдө жана ишке ашырууда бири-биринен айырмаланат, бул маселе улуттук деңгээлдеги соттордун баш аламан иштеринин натыйжасында ого бетер тереңдейт жана БУУнун адам укуктары боюнча Комитети бере турган жетектөөчү түшүндүрмөлөрдүн дээрлик жоктугу абалды оорлотот.

Жоболорду иш жүзүндө пайдалануга байланыштуу көйгөйлөр эки

тараптан тең кездешет: бир жагынан козутууга байланыштуу олуттуу учурларда жазасыз калуу, экинчи жагынан мыйзамдуу пикир билдирүү үчүн жазалоо максатында так эмес мыйзамдык жоболорду өтө эле активдүү колдонуу (маселен азчылыктарды куугунтуктоо).

ЖСУЭП 20-бер. 2-п. боюнча тыюу салуу төмөнкү элементтердин болушун талап кылат:

1. Сөз сүйлөөчүнүн жүрүм-туруму. Ал адам ачык эл алдында сүйлөшү керек жана анын сөзүндө төмөнкүлөр камтылышы керек:

— жек көрүүчүлүктү кубаттоо/пропаганда кылуу,
— корголгон мүнөздөмөлөрдүн негизинде бир адамга же адамдардын тобуна багытталышы керек,
— дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка түрткү бериши керек.

2. Сөз сүйлөөчүнүн ниети. Сөз сүйлөөчү төмөнкүдөй ниетте болушу керек:

— иметь специальное намерение к выступлению в пользу ненависти,
— атайын жек көрүүчүлүктү кубаттоо үчүн сөз сүйлөө ниетинин болушу,
— аудиторияны дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка шыкактаган ниети же аудитория ошондой аракеттерге азгырылышы мүмкүн экенин алдын ала билиши.

3. Жек көрүүчүлүктү кубаттап сүйлөнгөн сөздүн натыйжасында аудитория чындап эле тыюу салынган аракеттерге барууга шыкактайт деген коркунучтун бардыгы же ыктымалдыгы.

Тыюу салынган иштер чыныгы иш жүзүндө аткарылбаса деле, «шыкактоо» деген термин жек көрүүчүлүктү пропагандалоо белгилүү бир топко кирген адамдарга карата дискриминация, кастык же зомбулук коркунучун жаратышы керек дегенди түшүндүрөт. Так мына ушул, аудитория өзүнө бута катары тандап алган адамга же адамдардын тобуна алардын корголгон мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу аларга каршы аракеттерди көрөт деген коркунуч 20-берененин негизги көңүл чордону болуп саналат, бул бута катары тандалып алынган топ кандайдыр бир чыр-чатактардан улам кабылышы мүмкүн болгон мазактоо же нааразылануудан айырмаланат.

Эгер сөз сүйлөөчү башка адамдарды корголгон мүнөздөмөлөрүнө байланыштуу кимдир бирөөгө каршы аракеттерге шыкактоону көздөбөсө, мындай «жек көрүүчүлүк тили» жогоруда аталган критерийлерге жооп бербейт.

Бирок айрым учурларда сүйлөнгөн сөз 20-беренеде көрсөтүлгөндөй олуттуу көйгөйлөрдү жаратып, мамлекет тарабынан мындай билдирүүлөрдү чектөө боюнча конкреттүү чара көрүлө тургандай «шыкактоо» деңгээлине жеткирилбеши керек.

Адам укуктары жаатындагы универсалдуу стандарттарга ылайык, мындай «жек көрүүчүлүк тили» ЖСУЭП 19-беренесинде саналган бир катар негиздер боюнча чектелиши мүмкүн, маселен, башка адамдардын укуктары менен ар-намысын коргоо үчүн, ошондой эле мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, саламаттыкты жана улуттук адеп-ахлакты коргоо үчүн.

Айрым учурларда «кастык тили» кандайдыр бир «жек көрүү пропаган-

дасы» жок эле конкреттүү адамдарга багытталышы мүмкүн. Мындай сөздөр көп учурларда аялдарга, ЛГБТ коомчулуктарга же башка маргиналдуу топтор менен азчылыктарга багытталат. Алар көп учурда орой дискриминациялык мүнөздө болот жана бутага алынган адамдар үчүн өтө мазактоочу жана зыяндуу болот. Айрым учурларда алар сөз чабуулу формасында, зомбулук көрсөтүүгө коркутуу түрүндө же алардын объектиси болгон адамдарга дене жагынан же психологиялык жактан зыян келтирүү формасында кездешет.

Мындай жүрүм-турум дене жагынан же/жана психологиялык олуттуу зыян алып келүүсү мүмкүн болгон жерлерде тыюу салуулар орундуу болушу мүмкүн, эгер алар жашоого болгон укукту, ырайымсыз жана ар-намыска шек келтире тургандай мамиледен эркин болуу укугун, жеке жашоо кол тийбестигин жана тең мамилеге болгон укукту коргоо үчүн зарыл болсо.

Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Кыргызстандын Конституциясы ар бир жаранга пикирин эркин билдирүү укугун, сөз жана басма сөз эркиндигин берет. Ал эми бул өлкөлөрдүн кылмыш кодексинде кастыкты же араздашууну козутуу, тутантуу үчүн кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Кыргыз Республикасынын КК. 313-берене, «Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу»:

«Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамдарынын жардамы менен жасалса...».

Тажикстан Республкасынын КК. 189-берене, «Улуттук, расалык, аймактык же дини кастыкты козутуу»:

«Улуттук, расалык, аймактык же диний кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту, расасы же аймактык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн пропагандалоо, эгер бул аракеттер ачык же массалык маалымат каражаттары аркылуу жасалса...».

Казакстан Республикасынын КК. 174-берене, «Социалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну козутуу»:

«Социалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну козутууга, жарандардын улуттук ар-намысына же диний сезимдерин кемсинтүүгө багытталган атайын аракеттер, ошого тете жарандардын диний көз карашы, тектик-топтук, улуттук, уруулук же расалык белгилери боюнча алардын айырмачылыгын, артыкчылыгын же толук кандуу эместигин пропагандалоо, эгер бул аракеттер ачык же массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен же телекоммуникация тармактары аркылуу, ошого тете со-

циалдык, улуттук, уруулук, расалык, тектик-топтук же диний араздашууну пропаганда кылган адабияттарды же башка маалымат жеткиргичтерди даярдоо же таркатуу жолу менен жасалса...».

Өзбекстан Республикасынын КК. 156-берене, «Улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты козутуу»:

«Улуттук, расалык, этникалык же диний кастыкты пропагандалаган материалдарды таркатуу же таркатуу максатында даярдоо, сактоо...

Улуттук ар-намысты кемсинтүүгө, жарандардын диний же атеисттик көз карашына байланыштуу мазактоого, улуттук, расалык, этникалык же диний белгилери боюнча кастыкты, жактырбоочулукту же араздашууну козутуу максатында жасалган, ошого тете улуттук, расалык, этникалык таандыктыгына же диний көз карашына жараша укуктарын түз же кыйыр чектөө же түз жана кыйыр түрдө артыкчылыктарды берүү боюнча атайын аракеттер».

Нормалар кылмыш-жаза мыйзамдарынын төмөнкү бөлүмдөрүндө чагылдырылган:

Кыргыз Республикасы

— IX бөлүк. Мамлекеттик бийликке каршы кылмыштар.

— 43-бөлүм.Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар.

Тажикстан Республикасы

— VIII бөлүк. Коомдук коопсуздукка жана калктын саламаттыгына каршы кылмыштар.

— 21-бөлүм. Коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар.

Казакстан Республикасы

— 4-бөлүм. Тынчтыкка жана адамдын коопсуздугуна каршы кылмыштар.

Өзбекстан Республикасы

— Экинчи бөлүк. Тынчтыкка жана коопсуздукка каршы кылмыштар.

— VIII бөлүм. Тынчтыкка жана адамзатынын коопсуздугуна каршы кылмыштар.

Ошентип, аталган кылмыштык аракеттер жеке инсанды коргоо жана адамдын конституциялык укуктары менен эркиндигин коргоо деген көз караштан эмес, мамлекетти жана анын коопсуздугун коргоо жагынан каралат. Ал эми корголгон мүнөздөмөлөр расалык, этникалык, улуттук, диний, регионалдык, аймактык, социалдык, уруулук жана тектик-топтук белгилер менен чектелген.

Жогоруда аталган нормаларды кеңири чемелөөгө болот, аларда «кастык тили» («жек көрүүчүлүк тили») же «дискриминациялык билдирүүлөр» деген түшүнүктөр жок. Мындан тышкары, мыйзамдарда публикациялардагы жек көрүүчулүктүн айынан кылмыштарга алып келе турган терс баалана турган (жол берилчү) жана мыйзамга каршы (кылмыштуу) контент деген түшүнүктөр да жок. Бул факторлор жактырбоочулукту, жек көрүүчүлүктү пропагандалоого каршы туруунун жетишсиздигине жана дагы

саясий, социалдык жана маданий азчылыктардын Конституция тарабынан берилген укуктарын ишке ашыруусуна таасир этет.

Эл аралык укук мамлекеттердин автор тарабынан атайлап жасалган жана ага шыкактоого жөндөмдүү болгон учурларда өзгөчө оор жана калыбына келбес зыян келтирүүнү алдын алуу үчүн «кастык тилинин» («жек көрүүчүлүк тили») олуттуу формаларына тыюу салууну талап кылганына карабай, Өзбекстан, Тажикстан жана Казакстан Республикаларынын кылмыш-жаза мыйзамдарында «мазактоо» кылмыш катары каралган. Мазактоо деген төмөнкүлөрдү түшүндүрөт:

— «Мазактоо, башкача айтканда адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына атайлап абийирсиз формада шек келтирүү». (Өзбекстан Республикасынын КК: 140-берене. Мазактоо. VI бөлүм. Эркиндикке, ар-намыска, кадыр-баркка каршы кылмыштар);

— «Мазактоо, башкача айтканда, башка адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына абийирсиз формада шек келтирүү». (Казакстан Республикасынын КК: 131-берене. Мазактоо. 1-бөлүм. Инсанга каршы кылмыштык мыйзам бузуулар).

Ал эми Тажикстандын Кылмыш кодексинде «Тажикстан Президентин ачык мазактоо же анын дарегине жалаа жабуу» кылмыштуу аракет катары каралган (17-бөлүм. Жеке эркиндик, ар-намыс жана кадыр-баркка каршы кылмыштар) жана «Тынчтыктын жана улуттук биримдиктин негиздөөчүсүн – улуттун Лидерин ачык мазактоо же анын дарегине жалаа жабуу» (137[1]-бер.). Ошондой эле Тажикстан Республикасынын кылмыштык мыйзамдарында «бийлик өкүлүн мазактоо» (330-бер.) жана «аскер кызматкерин мазактоо» (372-бер.) үчүн да кылмыш жоопкерчилиги каралган.

Бул жерде бир нерсени белгилей кетүү маанилүү, айтылган сөздөр чагымчыл же мазактоо мүнөзүндө болушу мүмкүн, бирок ал кандайдыр бир ынанымдар менен мүнөздөлүп жана терсаяктык, жактырбоочулук маселесин козгоп, бирок олуттуу деңгээлге жетпеши мүмкүн, бул учурда пикир билдирүүгө чектөө орундуу болот.

Кылмыш жазасы акыркы айла катары гана колдонулушу керек жана өтө олуттуу учурларда гана, «кастык тили» («жек көрүүчүлүк тили») үчүн санкциялар негизинен жарандык жана административдик укуктун чегинде каралууга тийиш жана материалдык жана материалдык эмес зыянды калыбына келтирүү, ошондой эле эгер мыйзам бузуу ММКларда орун алган болсо фактыларды оңдоо, жооп кайтаруу укугу камтылышы керек.

Азчылыктарды жана социалдык топторду жерүүдөн, зомбулуктан, стигматизациядан коргоонун натыйжалуу амалдарын илгерилетүү жана регионду адам укуктарына байланыштуу кырдаалды жакшыртуу үчүн адам укуктарын коргоо жана илгерилетүү боюнча эл аралык механизмдер мамлекеттерге бардыгын камтыган антидискриминациялык мыйзам кабыл алууну бир нече ирет сунуштаган.

Булактардын тизмеси

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы / БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы 10-декабрда 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган.

2. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт / Башкы Ассамблея тарабынан 1966-жылы 16-декабрда 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган.

3. Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы №19 Кылмыш-жаза кодекси (КР 2017-жылдын 24-январындагы № 10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет).

4. Казакстан Республикасынын Кылмыш Кодекси (РК 24.11.15-ж. № 422-V мыйзамы менен колдонууга киргизилет, 06.10.2020-ж. карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

5. Тажикстан Республикасынын Кылмыш Кодекси, 21-май, 1998-ж. № 574 (07.08.2020-ж. карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

6. Өзбекстан Республикасынын Кылмыш Кодекси (Өзбекстан Республикасынын 1998-жылдын 22-сентябрындагы мыйзамы менен бекитилген № 2012-XII, 05.11.2020-карата карата өзгөртүү жана толуктоолору менен).

7. «Жек көрүүчүлүк тилин» түшүндүрүү: Практикалык колдонмо, 2015-жыл, Article 19 — Free Word Centre 60 Farringdon Road London, EC1R 3GA United Kingdom.

4-сабак

Тема 4

«Кастык тили» Борбор Азия өлкөлөрүндөгү заманбап салттуу жана жаңы медиада

Подтемалар

— ММКларда жана социалдык тармактарда «кастык тилинин» пайда болуу себептери жана өзгөчөлүктөрү
— Заманбап маалыматтык согуштар: фейктер, боттор жана троллдор «кастык тилинин» булагы катары
— Борбор Азия өлкөлөрүндөгү социалдык тармактарда жана ММКларда «кастык тилинин» пайда болуу өзгөчөлүктөрү

Предметтердин интеграциясы

«Заманбап казак/кыргыз/тажик/өзбек тили» (өлкөгө жараша), «Эне тилдин кеп маданияты жана стилистикасы», «Этнолингвистикага киришүү», «Заманбап орус тили», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Конфликтологиялык журналистика», «Конфликтология», «Медиа укук», «Текст теориясы», «Лингвистикалык иликтөөлөрдүн заманбап методдору», «Лингвистикалык экспертиза», «Саясий лингвистика», «Заманбап чет өлкөлүк ММК», «Интернет-журналистика», «Стилистика», «Журналисттин ишиндеги социалдык тармактар», «Социалдык журналистиканын типологиясы», «Журналистиканын социологиясы», «Журналистиканын психологиясы», «Маданияттар аралык коммуникациянын теориясы жана практикасы».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

— Студенттер «кастык тилинин» пайда болуу себептерин билет жана анын Борбор Азиянын ар бир өлкөсүндөгү өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;
— Студенттер фейк жаңылыктардын технологиясын тааный билишет, алардын авторлорунун максатын, таркатуу себептерин түшүнүшөт;
— Студенттер манипуляциянын, пропаганданын, агитациянын, психологиялык агрессиянын табиятын жана «кастык тилин» колдонуу максатын тааный билишет;
— Студенттер заманбап медиа чөйрөдөгү процесстерди сүрөттөө үчүн колдонулган терминдердин маанисин билишет жана түшүнүшөт.

Социалдык-эмоционалдык:

— Студенттер ар бир адамды анын кайсы группага таандык экенине, көз караштары дал келбегенине, этникалык жана расалык айырмачылыгына, дене жана менталдык өзгөчөлүктөрүнө карабай алардын укуктарын сыйлоо керек экенин түшүнүшөт;
— Студенттер пикирди ачык айтуунун соңку максаты болгон сөз аркылуу кимдир бирөөгө зыян келтирип алуу коркунучу бар экенин түшүнүшөт;
— Студенттер адамдар менен баарлашууда, кесиптик чөйрөсүндө, медиа мейкиндикте сөздү тандап колдонууга аң-сезимдүү мамиле кылышат.

Жүрүм-турумдук:

— Студенттер эл алдында ачык сөз айтууда, дискуссияларда «кастык тилинин» болушуна чектөө коё алышат;

— Студенттер жаңы терминдерди орундуу пайдалана алышат, алардын заманбап нормаларга шайкештигин текшерип, адистердин кеңештерин аткарышат;

— Студенттер формалдуу эмес коммуникацияда, кесиптик чөйрөдө тилдик агрессияны төмөндөтүү амалдарын таап жана колдоно алышат;

— Студенттер «кастык тилинин» пайда болуу себептерин анализдей алышат, автор эмне үчүн ага барганын, чыныгы максаттарын талдай алышат;

— Студенттер конфликт же талаш учурунда маектешинин жеке адамдык сапаттарына өтпөстөн, маданияттуу түрдө талкууну жүргүзө алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт
Сабак өтүү методу	Өз алдынча иштөө (сабакка чейин): тема боюнча булактар менен иштөө (публикациялар, теле-, радиопрограммалар, иликтөөлөр, мониторингдун отчеттору ж.б.), дискуссия, ачык жана бышыктоочу суроолор, мугалимдин презентациясы, талкуу, онлайн-тестирлөө. **Мугалим үчүн кеңештер.** Мугалим алдын ала студенттер изилдей турган булактардын тизмесин даярдап коёт.
Баалоо методдору	Көнүгүүлөрдү аткаруу, бышыктоочу суроолор, онлайн-тест, мисалы Kahoot (Qlever) мисалында.
Негизги түшүнүктөр	«Дискриминация», «экстремизм», «ксенофобия», «гомофобия», «расизм», «сексизм», «улутчулдук», «антисемитизм», «этноцентризм», «толеранттуулук», «инклюзивдүүлүк», «саясий сыпайылык», «троллдор», «буллинг», «хейт», «фейк», «дезинформация».
Керектүү ресурстар	Флипчартка же слайдка жазылган сабактын максаты, видеопроектор, компьютер, түстүү кагаз, кайчы, маркер, доска, скотч.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

Керектүү материалдар: Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кейстерди, «кастык тили» кездешкен тасмалардан, ММК программалардан жана публикациялардан, саясатчылардын сөздөрүнөн, заманбап аткаруучулардын чыгармачылыгынан, көңүл ачуучу шоу программалардан мисалдарды алдын ала даярдап коюу керек.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим өз тандоосуна жараша мисалдарды келтирет: тасмалардан, «кастык тили» кездешкен ММК программалардан жана публикациялардан, саясатчылардын сөздөрүнөн, заманбап аткаруучулардын чыгармачылыгынан, көңүл ачуучу шоу программалардан мисалдар.

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Эмне үчүн бул материалдарда адамдар «кастык тилин» колдонушкан?
2. Социалдык тармактарда же жашоодогу кодулоо көрүнүштөрү силерге таанышпы? Силердин оюңарча, массалык кодулоо, агрессия эмнеге негизделет?
3. Кандай сөздөр контекстке жараша ар кандай кабылданышы мүмкүн? Мисал келтиргиле.

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Борбор Азия өлкөлөрүндөгү кейстер менен иштеп жатканда мугалим студенттерге төмөнкү суроолорго жооп берүүнү сунуштайт:

1. Конфликтсиз коом мүмкүнбү?
2. Социалдык тармактарда кездешчү «кастык тилине» мүнөздүү кандай көрүнүштөрдү байкайсыңар? Анын булагы ким жана анын максаты кандай?
3. «Троллдор фабрикаларынын» активдүү аракеттери коомдогу кандайдыр бир окуялар менен байланыштуубу? Мисал келтиргиле.
4. «Кастык тилин» колдонуунун жана фейк маалыматты таркатуунун кандай кесепеттери силерге тааныш?

3. АРАКЕТТЕН

ПУБЛИКАЦИЯЛАРДЫН БАШ СӨЗДӨРҮН АНАЛИЗ КЫЛУУГА КӨНҮГҮҮ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге бир публикациянын баш сөзүн окуп чыгып, аны анализ кылууну сунуштайт: «*Ушуга жетип калдык! Россияда мигранттардын бутун өбө башташты*» (Россия Федерациясындагы активисттин Борбор Азиядан келген мигранттын алдында чөгөлөп, бут кийимин тазалап бергени жөнүндө макала).

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Кандай деп ойлойсуңар, бул баш сөз кандай максатты көздөйт?
2. Бул баш сөз автордун (же редакциянын) публикациянын каармандарына болгон кандай мамилесин билгизип жатат?
3. Силердин оюңарча, бул баш сөз окурмандар тарабынан кандай кабылданышы мүмкүн: бейтарап, терс, оң маанайда. Өз тандооңорго аргументтерди келтиргиле.
4. ММК мындай баш сөздү эмне үчүн колдонду, буга эмне түрткү кылды, себебин атагыла?
5. Кастык мамилени чагылдырбаган баш сөз боюнча өз вариантыңарды сунуштагыла.

Мугалим үчүн кеңештер.

Студенттердин мындай түшүнүгүн калыптандыруу керек, «кастык тили» эч кандай кемсинткен же мазактаган сөздөрдү колдонбой эле терс мамилени чагылдырууга жол берет. Баш сөздөгү бир дагы сөз кандайдыр бир терс мааниге ээ эмес, бирок алардын баары биригип келип эмгек мигранттарына болгон жаман мамилени билдирип жатат. Ошондуктан публикациялардын авторунун себептерин, максатын аныктоого, публикациялар менен посттордун контекстин изилдегенге, андай текстердин аудиторияга таасирин баалоого үйрөнүү керек: бул текст толеранттуулукка түртөбү, агрессияны азайтабы, коомдогу жек көрүүчүлүктү төмөндөтө алабы.

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге өтүлгөн сабактын жыйынтыгын чыгарып, кыскача эки суроого жооп берүүнү сунуштайт:

1. Бул сабактан мен эмне билдим?
2. Бүгүнкү сабактан эмнени үйрөндүм?

Маалыматтык обзор

ЗАМАНБАП МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНДА ЖАНА КОММУНИКАЦИЯ МЕЙКИНДИГИНДЕ «КАСТЫК ТИЛИНИН» ПАЙДА БОЛУУ ЖАНА АНЫ КОЛДОНУУ СЕБЕПТЕРИ

«Кастык тили» — бул конфликттин сөз колдонулган тили. Конфликттер, өз кезегинде, карама-каршы позициялардын, көз караштардын, дүйнө таанымдын, лидерлер ортосундагы, коомчулуктардын, этностордун, мамлекеттердин ортосундагы келишпестиктердин натыйжасы, башкача айтканда, ар түрдүүлүктөрдүн ортосунда пайда болгон келишпестиктер. Конфликттер дайыма болуп келген, болууда жана боло берет, адамзатын ал дайыма коштоп жүрөт, коомдо, индивиддер ортосунда, ал тургай адамдын өзүнүн ичинде да конфликт болуп турат, демек кептик агрессия адамдын жашоосундагы коммуникациянын байыркы жана ажырагыс бөлүгү, адамдын өзүн инсан катары чагылдыруусунун бир формасы.

Байыркы Римде эле риторикага «жеке сапаттарга өтүү» (*лат. ad personam*) деген термин киргизилген — түз сын айтуу же атаандашты мазактоо. Бул метод ачык дебаттарда аудиторияны ынандыруунун натыйжалуу амалы катары коллонулган, анткени бул метод эмоцияны, жашоого болгон көз караштарды жана угуучулардын жеке ынанымдарын козгойт. Ыкма риторикадагы кадыресе көрүнүш катары саналган, ал азыркыга чейин эл алдында сүйлөөдө активдүү колдонулуп келет. Муну менен бирге, бир нерсени түшүнүү керек, кастык тили — бул коомдун өнүгүшүнүн бул же тигил учурунда социалдык норма сызып бере турган чек. Ал белгисиз бир жактан пайда болбойт, кайсы бир учурларда нормалар өзгөрөт жана тилдин кайсы бир бөлүгү тыюу салууга кабылат же тескерисинче. Бул жандуу процесс, ал коомдогу өзгөрүүлөрдү чагылдырып турат, ар бир өлкөнүн контексти эске алынат, анын коомчулуктарынын, маданий нормаларынын, баалуулуктары менен салттарынын ошол учурдагы өнүгүү контекстин чагылдырат.

Мисалы Кыргыз Республикасында денени көрсөтпөй жабуу жана сакал коюу сыяктуу талаптарды аткарган, салттуу араб кийимин кийген мусулмандардын көбөйүшү менен, мурда «кастык тили» катары эсептелбеген кадимки сөздөр, азыр башкача эмоционалдык боёк менен колдонула баштады. *Сакалчан*, *дамбалчан*, матрешка (орус. Жоолук салынган кызды сүрөттөгөн жыгач оюнчук) деген сөздөр эч кандай терс мааниси жок бей тарап сөздөр катары колдонулуп келген. Бүгүнкү күндө алар эки мааниде колдонулат:

1) Бейтарап мааниде: «Апасы кызына дүкөндөн матрешка сатып берди», «Азыр сакалчан жаш эркектер модага айланды, хиппстер деп аталып»;

2) Жаңы терс маанисинде: светтик мектептерде бетин жапкан кыздарды оюнчукка окшоштуруп матрешка деп шылдыңдашат; дамбал кийген жергиликтүү мусулмандарды, — дамбалчан, сакалчан деген сөздү «сакалчан-мусульман» же «диний фанат» деген мааниде колдоно башташты.

Бул учурда «кастык тилинин» булагы — «арабдашуунун», «диний фанатизмдин» каршылаштары, светтик нормаларды же жергиликтүү улуттук салттарды кармангандар, алар турмушка чыкканга чейин кыздарына жоолук салынтпайт, эркектер улгайган куракка чейин узун сакал койбойт, ич кийимин элге ачык көрсөтүүнү уят иш катары көрүшөт.

Негр, инвалид деген сөздөр орус тилинде, адабиятта жана оозеки речте бейтарап мааниде эле колдонулуп келген, бирок азыркы учурда толеранттуулук саясатынын жана саясий сыпайылыктын таасири менен бул сөздөрдү колдонбоого чакырышат, анткени бул сөздөр бул же тигил топту кемсинткендиктен аларды башка сөздөргө алмаштыруу сунушталат: инвалид же майып эмес, майыптыгы бар адам, негр эмес – афроамерикалык адам. Борбор Азия өлкөлөрүндө расалык дискриминация АКШдагыдай анча актуалдуу эмес, жана майыптыгы бар адамдардын укуктары да коомдогу маанилүү маселелердин катарына али кире элек, бардык эле журналисттер дана тармактын колдонуучулары жогорудагы кеңештерди аткара беришпейт, мисалы, эл аралык тажрыйбада орой деп эсептелген сөздөр ММК публикацияларында көп эле кездешет. Бирок айрым ММКлар адамдын аныктап атоо үчүн бейтарап сөздөрдү колдоно башташты, мисалы Tengrinews.kz ресурсу публикациясынын каарманын ким экенин айтууда, анын өлкөсүн, кайдан келгенин нигериялык (нигериец) деп көрсөткөн.

Адистер кабатыр кылган тенденцияны белгилешет: адабий тил нормасы медиа мейкиндиктен акырындап кетип, анын ордун көчө тили же түрмө жаргондору ээлеп жатат. Нормадан тыш лексик, кылмыш чөйрөсүнүн сленгдери түстүү мүнөздө жана эмоционалдык жактан көркөмдүү болгондуктан аларга суроо-талап өсүүдө. Мындай лексикалык тон саясатчылардан башталган: «Будем мочить в сортире!» (бул сөздү В. В. Путин 1999-жылы 2-сентябрда Астанада өткөн пресс-конференцияда айткан, ал кезде Путин Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы болчу), ошондон кийин ММК кайра-кайра нускалап чыгарып, башка саясатчылар туурап, токшоу продюсерлери, киноиндустрия, шоу-бизнес, соцтармактардын колдонуучулары улап кетишти.

Ошентип социалдык-маданий нормалардын алмашышы, баалуулуктардын багытынын өзгөрүшү тилдик нормаларга таасир этет, бир жагынан «кастык тилинин» пайда болушун чектеген чектерди коет, экинчи жагынан анын лексикасын байытып жана колдонуу аймагын да кеңейтет.

ЗАМАНБАП МААЛЫМАТТЫК СОГУШТАР: ФЕЙКТЕР, БОТТОР, ТРОЛЛДОР «КАСТЫК ТИЛИНИН» БУЛАГЫ КАТАРЫ

Заманбап саясий технологиялар медиа аркылуу «кастык тилин» колдонуу менен коомдук пикирди манипуляция кылуунун стратегиясын иштеп чыгышууда. Салттуу ММК жана социалдык тармактар мамлекеттердин өкмөттөрүнүн ортосундагы гибриддик согуштардын аянтчасына айланды, саясий атаандаштарын каралай турган маалыматтарды жайгаштыруу жайы болуп калды, айрыкча шайлоо кампаниялары убагында, сясий кризис учурунда, чек ара чыр-чатактары же соода согуштары орун алган мезгилдерде. Биз тилдик агрессиянын эки түрүн белгилей алабыз – ойлонулуп, атайлып жасалган түрү жана ойлонбостон, байкабастан жасалган түрү.

«Троллдор фабрикасы», боттор — бул жаңы медиа инструменттери саясатта жана бизнесте виртуалдык согуштардын, «кара» пиардын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Мындай «фабрикалардын» карамагында реалдуу адамдардын тобу иштейт, алардын ондогон-миңдеген фейк аккаунттары бар, алар аркылуу акы төлөнчү заказдар аткарылат. Мындай жергиликтүү «фабрикалардын» иши туурасында Борбор Азиянын ар бир өлкөсүндө ММКлар жазышат. «Троллдор» менен боттор методу — заказ кылган адамдын жакшы имиджин агрессивдүү түрдө таанытуу, анын атаандашын каралоо, кандайдыр бир баалуулуктарды, чечимдерди пропагандалоо же антипропаганда кылуу, коомдо ажырымды пайда кылуу жана ага шыкактоо, жек көрүүчүлүк очокторду жаратуу. Мындай «фабрикалардын ишине» көп учурларда ар кандай форматтагы салттуу ММКлар да, жаңы медиа (YouTube-канал, соцтармактардагы баракчалар) жана өзүнүн ник аты менен заказ аткарган реалдуу колдонуучулар да тартылышат.

Адатта талкуу учурунда конфликтти жаратышы мүмкүн болгон темалар колдонулат: улуттар менен этностор, дин, саясий көз караштар, гендер жана сексуалдык багыт, геосаясат, патриоттуулук, кыскасы, талаш чексиз улана бере турган, жеңүүчүлөр болбой турган темалар. Бул үчүн эң ыңгайлуу тилдик каражаттар жек көрүүчүлүк тили, фейк маалыматтар (текст, жасалма фото-, видео), мемдер. Фейк никтердин алдындагы массалык комментарийлер белгилүү бир ынанымды пайда кылууга багытталган – бир нерсе же кимдир бирөө жөнүндөгү оң же терс коомдук пикирдин багытын калыптандыруу. Мунун менен бирге массалык түрдө кылып көрсөтүү илююзия үчүн жасалат, коомдун көп бөлүгүнүн пикирин көрсөтүү жана кандайдыр бир аракеттерге түртүү үчүн. Соңку максат – колдонуучулардын аң-сезимине, пикирине таасир этүү, аларды белгилүү бир чечим кабыл алууга түртүү, мисалы – кайсы бир талапкерге же партияга добуш берүү же добуш бербөө, оппозиция лидерин колдоо же колдобоо, кандайдыр бир продукцияны же кызматты сатып алуу же баш тартуу, бийликтин чечимдерине колдоо же каршы чыгуу ж.б.

Мындай максаттуу кызытуу коомдун бөлүнүшүнө алып келет, реалдуу колдонуучулар чагымчыл контентке эмоициялары менен жооп берип, оппоненттери менен жалаң гана «кастык тилинде» сүйлөшүүгө өтүшөт, мазак-

тоо жана зомбулукка радикалдуу чакыруулар орун алат. Бул айрыкча Борбор Азия мамлекеттеринин ортосундагы чек арага байланыштуу чыр-чатактар убагында көп байкалат. Окуя болгон жерден тартылган видеолор WhatsApp аркылуу таркатылып, YouTube, Instagram, «Одноклассники» ресурстарына жайгаштырылып, аларды комментарийлер, «жазасын берүү, ордуна коюу, үйлөрүн өрттөө, жок кылуу» ж.б. чакырыктар менен коштолот. Бул албетте коомдогу жек көрүүчүлүктүн деңгээлин жогорулатат, айрыкча чыр-чатак орун алган чек ара аймактарында, ансыз да кыйнап келген экономикалык, социалдык чөйрөлөрдөгү көйгөйлөрдүн, чыр-чатактарды алдын алып, тынчтык жолу менен чечүүгө жөндөмсүз бийлик өкүлдөрүнүн аракетсизидиги менен кесипкөй эместиги буга кошул-ташыл болуп берет.

Интернеттеги сөз эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндиги, купуялык, форумдун жана социалдык тармактардын катышуучулары менен аралыктан туруп баарлашуу, жазаланбайм деген ишеним, дароо эле массалык түрдө адамдарды тартканга боло турган виртуалдык мүмкүнчүлүк «кастык тилин» колдонуу менен эки тараптуу агрессияны оңой эле пайда кылганга жол берет, кандайдыр бир белгисине карата – кийингени, көз караштары, сексуалдык багыты ж.б. боюнча массалык кодулоону (буллинг, моббинг) мүмкүн кылып берет. Бойго жетүү курагындагы балдардын арасында онлайн-кодулоонун (кибербуллинг) натыйжасында суициддин - өз өмүрүн кыйгандардын саны өсүп жатканы байкалат. Мындай окуялар кибербуллицид деген аталышка э болду. Кибербуллингге чоңдор да кабылышат — артисттер, активисттер, элге таанымал адамдар. Терс баасын же пикирин дароо айткан адамдар — хейтерлер деген атка ээ болушту (англ. hate — жек көрүү). Социалдык тармактарда ар кандай адамдар, ар түрдүү лексика, ар башка маданий деңгээлдер, ар кандай тарбиядагы жана билимге ээ адамдар, түрдүү дүйнө таанымдар аралашып калды. Мындай көп түрдүүлүк чыр-чатактарды жаратып жана өз ара бири-бирине таасир этүү ишке ашат. Кастык тилинин активдүүлүгү ошондой эле, бул же тигил адам туурасында же талкуу болуп жаткан предмет жөнүндө толук маалыматтын жоктугунан же чындыкка дал келбеген маалымат менен алмаштырылгандыктан коомчулукта стереотиптер менен сенек ынанымдардын пайда болушуна да байланыштуу. Адатта, сенек стереотиптер, ынанымдар, ишенимдер билими төмөн жана маданий жактан өнүкпөгөн чөйрөдө, теңчилик, көп түрдүүлүк, толеранттуулук, инклюзия, социалдык интеграция принциптери туурасындагы маалыматка ээ болуу чектелген шартта, айрыкча ар кандай маданияттардын, диндердин, этностордун ж.б. тынчтыкта жашаган тажрыйбаларынан оолак болгон жабык коомчулуктарда өнүгүүгө абдан жакшы мүмкүнчүлүк алат.

Бул контекстте ойлонулбаган же түшүнбөстүктөн «кастык тили» жаралышы мүмкүн — катардагы колдонуучулар тарабынан да, ММКларда да. Журналист же редактор да стереотиптердин тузагына илиниши мүмкүн, бул же тигил терминди колдонууга болбой турганын же кооптуулугун билбегендиктен, аларды көркөмдүү текст үчүн, элди өзүнө тарткан анонс, сенсация үчүн, аудиториянын күтүүлөрүн аткарууга умтулуп жана көп катталучуларды же көрүүчүлөрдү тартуу үчүн колдонушу мүмкүн.

БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНДӨГҮ МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНДА ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДА «КАСТЫК ТИЛИНИН» ПАЙДА БОЛУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Колуңардагы «Кастык тили» курсунда Борбор Азиянын 4 өлкөсүндө BRYCA долбоорунун алкагында 2020-жылдан 2022-жылга чейин ММК, социалдык тармактарда, пикирлер лидерлеринин ачык сүйлөнгөн сөздөрүнө карата жүргүзүлгөн мониторингдин жүрүшүндө катталган айрым фактылар келтирилди. Комментарийлердин авторлорунун стили, грамматикасы жана орфографиясы сакталды.

Казакстан Республикасы

«Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Улутчулдук (дээрлик бардыгы жөнүндө, айрыкча, дунгандар, кытайлар жана орустар), салафизм, синофобия, тил (казак, орус), өзүн-өзү шылдыңдоо, дин, салыштыруу (терс мааниде) жана гендердик теңсиздик.

Контекст жана триггерлер

Пандемия COVID-19. Мониторинг учурундагы казакстандык медиада негизги тема — коронавирустун жайылышы болду. Калк ичинде активдүү пайдаланылган WhatsApp мессенжеринде мониторинг учурунда вирус жуктуруп алгандардын саны, вакцина, укмуш кереметке ээ элдик дары-дармектер жөнүндөгү фейктер кеңири жарык көрдү.

Синофобия. 2020-жылдын 14-апрелинде Казакстан Республикасы кытайлык www.sohu.com сайтындагы «Эмне үчүн Казакстан Кытайга кайтууга умтулууда» деген макалага байланыштуу Кытай Эл Республикасына (КЭР) наарзылык нотасын жөнөттү. Макалада Казакстан мурда Кытайдын аймагы болгон жана көптөгөн казактар азыркыга чейин КЭР менен кошулууну каалашат деп айтылган. Макала чоң чуулганды жаратты жана ансыз да Кытай өлкөнүн эгемендүүлүгүнө кол салууда деген чочулоолорду ого бетер кызытты. Мындай публикациялардын алдында комментарийлер абдан көп болду жана негизинен жактырбоо риторикасы орун алды: “*Кайтаруу??? Вирус үчүн бүт дүйнө менен биригип тартып алыш керек. АКШ жана британдар тарабынан эми эле ушуга аракет көрүлүп жатат. Биз болгону аларга кошулушубуз керек. Коммунягдар даана эле четте калат. Помпое сөз жок колдойт, керек болсо, кызматташуу үчүн акча берет*” (*«Вернуть???нужно отжимать вместе с остальным миром ущерб за вирус. уже готовится почва со стороны США и британцев. Нам нужно просто задвигаться. тут уже без шансов оставим коммуняг. помпео поддержит однозначно. еще бабла подкинет за сотрудничество»*).

Булагы:
Tengrinews.kz

Ошондой эле бул тренд биринчи жолу Кытайда катталган коронавирустун жаңы түрүнө байланышту адамдардын коркунучутарынан улам пайда болду.

Дискриминация, коронавирус менен ооруп калгандардын өмүрүнө жана ден соолугуна кооптонуулар

Тбилисиден Алматыга учуп келген казакстандык блогер кызды кодулоо кейси. Ал коронавирус жуктуруп алганы тастыкталгандан кийин бир нече интервью берип, бул туурасында элге айтууну чечкен. Ошондон кийин ал хейт жана жек көрүүчүлүктүн толкунуна кабылган. Адамдар аны чет өлкөгө барганы үчүн сынга алышты. Айрыкча аны аэропорттон алып келген таксистке вирус жугузду деген терс маанайдагы комментарийлер көп болду. Кийинчерээк WhatsApp аркылуу жалган маалымат таркатылып, ал кыз Мальдивада эс алып келиптир, Алматыда эмес, Павлодарда жашайт экен деп чыгышты. *«Таксистке вирус жугузду деп айрым адамдар мени өрттөп жибериш керек деп, түрмөгө да салгылары келишти. Бирок бизди аэропорттон дароо эле чыгарышкан». «Кимдир бирөө WhatsApp аркылуу таркатуу жөнөтүп, менин Instagram баракчама шилтеме кылып, мени Павлодарлык кыз экен, Мальдивадан учуп келип, бийлик өкүлдөрүнон качып жүрөт, адамдарга оору жугузуп жатат деп маалымат таратышты. Мага толтура каргыш жаады».*

Булагы:
Tengrinews.kz

Дагы бир кейс Казакстандын айрым региондорундагы коронавирус жугузуп алгандарга каршы агрессивдүү маанайды ачык көрсөтөт. Кызыл-Ордо облусунда бейтапканада иштеген вирус жугузуп алган медсестранын жеке маалыматтары Тармакта тарап кеткен. *«Бардык маалыматтар камтылган расмий документ соцтармактарда тарап кетти. Эми үй-бүлөмдү туш тараптан телефон чалып тынчын алып жатышат: "А, көрсө силер турбайсыңарбы". Кырдаал оор болду. Агрессияга туш болдум. Айылда баары бири-бирин билишет, телефон чалышат. Алар чогулуп келип, алардын үйлөрүн карашат. Эмне үчүн экени түшүнүксүз. Азыр баарын үйлөрүнө тарагыла деп сурандык. Бирок абдан жагымсыз болду».*

Булагы:
Tengrinews.kz

Мониторингдин эксперттери белгилегендей, мындай агрессивдүү мамиле Казакстандын алыскы региондоруна мүнөздүү. Негизинен калк арасында катуу дүрбөлөң болгон жок, адамдар бири-бирин колдоп, кары-картаңдарга жардам берүүгө аракет кылышты. Муну жаңылыктарга карата жазылган комментарийлерден көрүүгө болот, ал жакта окурмандар негизинен кызды кодулоону сынга алышып, бул орто кылымга таандык жосун экенин айтып жатышты.

Улуттар аралык араздашуу

Кордайдагы тополоң: бир нече адамдын ортосундагы чатак жергиликтүү жашоочулардын – казактар менен дунгандардын кагылышына, массалык өрт-

төөлөргө, айрым жашоочулардын Кыргыз Республикасына качуусуна алып келди. Өкмөттүн жумушчу комиссиясы чатактын себептеринин бири деп тиричиликке байланыштуу чатак жана дунгандар менен казактардын чек ара аймагындагы мыйзамсыз кылмыштуу ишмердүүлүгү деп көрсөттү. Президенттин казак эли менен казак тилин урматтоо керек деген билдирүүсү калк ичинен кеңири колдоо тапты: «*Президент казак тили боюнча туура айтты. Башка улуттагылар, казак тилин үйрөнгүлө, ошондо баары жакшы болот, казактарды, салт-санааларды сыйлагыла*». Бул 2020-жылдын февралындагы негизги трендди таасын көрсөтөт, коомдук талкууларда катаал «кастык тили» абдан күчөгөн. Зомбулукка чакырыктар айтылып, дунгандарды жана казак тилин билбеген башка этносторду басынтууга чакырып жатышты.

Аялдарга карата дискриминация

Аялдарга карата дискриминация мезгил-мезгили менен баш создөрдө, эксперттердин сөздөрүндө байкалып, ал окурмандардын комментарийлеринен колдоо таап жатты: «*Гендердик теңсиздикти жоюуда жетишилген прогресске карабай, Казакстанда калктын 96%да дагы деле аялдарга катыштуу ынанымдар бар, аларды анализдөө менен аялдар кесиптик чөйрөдө да, жеке жашоосунда да теңчиликке жетүүдө туш болгон көзгө көрүнбөгөн тоскоолдуктарды түшүнүүгө болот*", — *деп белгилейт БУУӨПдүн Казакстандагы туруктуу өкүлү Якуп Бериш.*

Булагы:
Sputnik Казахстан

Казак тилиндеги материалдардын көбү кыздарды маркер менен товарга салыштырган Омар Жалел менен байланыштуу.

Булагы:
Tengrinews.kz:
Кош бойлуу кыздын айынан Алматынын жанындагы “Асыл Арман” турак-жай комплексинин подъездин курчоого алышты.

Булагы:
Instagram: Бүгүн Алматыда аялдардын укугун коргогон марш өттү.

Казакстан Республикасындагы «кастык тили» көп кездешкен веб-сайттар жана социалдык тармактар:

— zakon.kz
— Abai.kz
— Qamshy.kz
— Alashainasy.kz
— stan.kz
— qazaquni.kz

Казакстан Республикасындагы дезинформация көп кездешкен веб-сайттар жана социалдык тармактар:

— total.kz
— zakon.kz
— Abai.kz
— Qamshy.kz
— jasqazaq.kz
— stan.kz
— sn.kz
— рассылка в WhatsApp
— Facebook

Кыргыз Республикасы

«Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Китайлар, коронавирус, тажик-кыргыз мамилелери, башка этносторго карата мамиле (өзбектерге, уйгурларга, дунгандарга, казактарга ж.б.), кайсы бир кесип ээлерине карата мамиле (дарыгерлерге, милиционерлерге ж.б.), трайбализм (түндүк жана түштүк), ички мигранттар темасы («айылдыктар», «мырктар», «ушул баскынчылар» («эти понаехавшие»), «жапайылар» ж.б.), педофилия, аялдарга карата зордук-зомбулук.

Контекст жана триггерлер

Аялдарга карата дискриминация жана ЛГБТ

Шылтоо —2020-жылдын 8-мартында фем-активисттери тарабынан Бишкекте өткөрүлгөн аялдарга карата зордук-зомбулукка каршы марш милиция тарабынан жана белгисиз агрессивдүү эркек адамдардын жардамы менен оройлук менен таркатылган. Көпчүлүк колдонуучулар терс маанайда кабыл алышты: «*ушул аялдар тажаты, митингге чыкпай үйүндө эле отурушса, аларга бул жарашпайт, баарына коронавирус жугузуп салса, милиция азаматтар (орус. - достали, пусть сидят дома, не выходят на митинги, им это не идёт, вот бы их всех заразить коронавирусом, милиция-молодцы)*». Мониторингдин эксперттеринин баамында мындай терс маанай аялдар укугун коргоо боюнча ага чейинки маршка байланыштуу болду, ага ЛГБТ өкүлдөрү катышып, гейлер коомчулугунун эл аралык символикасын чагылдырган желекчелерди көтөрүп чыгышкан. Феминисттердин маршы жергиликтүү эл арасында ЛГБТ коомчулугу менен чаташтырылып, ошондуктан алар марштын куулганын колдоп чыгышты. Активистердин «Бүгүн гүл белекке алып атасың, эртең очоктун жанында туруп каласың» (орус. - Сегодня ты принимаешь цветы, а завтра ты стоишь у плиты) деген лозунгдары феминисттик жана коомдогу салттуу баалуулуктардын ортосунда карама-каршылык жараткандыктан терс реакцияны жаратты. Чабыштыруу үчүн Тармакка фейк сүрөттөр чыгарылды, феминисттердин плакаттары чагымчыл текстерге өзгөртүлүп берилди: «Мен аялдарга карата зомбулукка каршымын», «Зомбулукту токтотуу керек» дегендин ордуна — «Мен чай куйбайм», «Мен күйөөгө тийбейм», «Мен төрөбөйм» деген текстер пайда болду, бул да комментаторлордун кыжырдануусун күчөтүп, алардын дарегине карата «кастык тилин» колдонууга түрткү болду.

Пандемия COVID-19, синофобия

2020-жылдын 9-апрелинде Кытай Эл Республикасы (КЭР) Кыргыз Республикасынын медициналык кызматкерлерине коронавирус менен күрөшүүдө гуманитардык жардам көрсөттү. Бул иш чарага саламаттыкты сактоо министри менен анын орун басары катышкан. Кытай элчиси Ду Дэвень эки элдин бир туугандыгын жана жардамдашуунун маанилүүлүгүн белгилеген. Бирок интернет-колдонуучуларынын комментарийлери өтө негативдүү болду. Вирустун Кытайда пайда болгону соцтармактарда синофобиянын өсүшүнө тасир этип, бийликти Кытай-

дан жардам кабыл алганы үчүн сынга алышты: «*Алгыла элге тараткыла оору жугузгула кырып салгыла элдин баарын силерге не акча эле болсо болду да, кытайлар кыргызга качан бир тууган болду эле, Калыгул айткандай кытай кыргыздын биринчи душманы*».

Пандемия COVID-19, исламофобия

Умрага баргандарга, жана жалпы эле исламдагы диний адамдарга карата агрессия, жек көрүүчүлүк кескин өскөнү байкалды. Коронавируска байланыштуу коркуу, дүрбөлөңгө түшкөн абалдан улам, айрымдары вирус жугузуп келип, анализ жана дарылануудан баш тартып, күч менен карантинге салуу, элден бөлүү чараларынан качууга аракет кылган зыяратчыларга карата агрессиянын күчөшүнө түрткү берди. Колдонуучулар аларды бир катар болушу мүмкүн болгон көйгөйлөр үчүн айыпташты: «*ошолордун айынан эми бүт Кыргыз Республикасынын калкы коркунучта*» (орус. – "*из-за них теперь всё население Кыргызской Республики под угрозой*") . Адамдар зыяратчылар дүйнөдөгү коронавируска байланыштуу кырдаалды билип туруп Меккеге баргандары үчүн жек көрүүсүн, кыжырдануусун ибилдирип жатышат: "Алар ойлошсо керек, Кудай аларды ошол жактан сактап калат деп", "биротоло ошол жакта калышпайт беле, өлгөнчө" (орус. – «*они, наверное, думали, что Бог их там спасёт*», «*оставались бы там до конца, до смерти*»).

Булагы:
Facebook.com

Кыргыз медиасындагы көпчүлүк жаңылыктардын баш сөзүндө коронавирус жугузуп алгандар ажылыктан келгени туурасында айтылып турду. Ошондой эле чагымчыл мүнөздөгү баш сөздөр да орун алды: "*Ажылыктан коронавирус жугузуп келгендер үйлөрүнө коё берүүнү суранып жатышат*", "*Аэропорттон алар текшерүүнүн зарылчылыгы жок, алар ыйык адамдар экенин айтышкан*", "*Коронавирус жугузуп алгандар Бишкекке 2020-жылдын 2-мартында эле келип, 150 адамга той өткөрүп да жетишкен*" (орус. – «*Вернувшиеся из хаджа зараженные коронавирусом просят их отпустить домой*», «*В аэропорту они говорили, что их не надо проверять, потому что они святые*», «*Заразившиеся коронавирусом вернулись в Бишкек еще 2 марта 2020 года и успели провести тои в 150 человек*»). Канча адам ажылыкка кеткени, дагы канчасы кайтып келээри туурасында жаңылыктарда дайыма айтылып турду. Мындай жаңылыктар Тармактагы колдонуучулардын өтө терс жана агрессивдүү комментарийлерин пайда кылды.

Пандемия COVID-19, чек ара чатактары

«*Кыргыздарды көрсөңөр, кабарлагыла*». Тажикстанда Кыргыз Республикасы менен чектешкен айыл изоляцияга алынды.

Булагы:
Kaktus.media

Тажикстандын Согди облусунун Хистеварз айылында коронавирусту жайылтпоо максатында бийлик өкүлдөрү Тажикстан менен Кыргыз-

стандын Лейлек районуна караштуу Борбордук айылын байланыштырчу бардык жолдорду убактылуу жабуу-ну чечти: «Биздин кыштактагы бардык көчөлөр, жолдор жабылды, Хужандка кетчү чоң трасса дагы жабык. *Биздин кыштактын жашоочулары кыргыз айылдарынын жашоочулары менен байланышпашы үчүн, айылдагы айрым жолдордо аңдар казылган, айрымдарында шагыл төгүлгөн, кээ бир жерлерде тосмолор орнотулган». Бул жаңылык кыргызстандык колдонуучулардын негативдүү комментарийлерин пайда кылды: "Биздин коңшуларыбыз менен душмандын да кереги жок! Биз ӨА бүткөндөн кийин Кыргыз Республдикасында Тажикстандык жүктөрдү ташууга жана алардын жарандарынынын ары-бери жүрүүсүнө катаал көзөмөл киргизишибиз керек, анткени таң калычтуусу аларда коронавирус жок деп жатышат, бул Тажик өкмотүнүн айткандарынын чын экенине күмөн жаратат", "Тажиктер иран туугандарынан жана гастер-жамшуттарынан вирус жугуза элекпи? Силер буга ишенесиңерби? Пакистанда, Индияда, Афганистанда алардын боордош индоиран туугандары жашайт, түшүндүрүп берейин, индустар менен ирандар тектеш тилде – индо-иран тобундагы тилде сүйлөшөт! (орус. – «При наших соседях и врагов не надо! Нам следует после завершения ЧП в Кыргызской Республике поставить под жесткий контроль перемещение грузов из Таджикистана и их граждан, так как у них, к большому удивлению, нет коронавируса, что вызывает большое сомнение в правдивости слов правительства Таджикистана»; «Таджики не заразились от родственных иранцев и от своих гастеров-джамшутов? Вы в это верите?! В Пакистане, Индии и Афганистане живут их собратья-индоиранцы, поясняю — индийцы плюс иранцы, шпрехают на близкородственных языках индо-иранской группы!»* Кыргыз Республикасындагы «кастык тили» эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Kaktus Media (комментарийлерде)
— delo.kg (негизинен америкалыктарга карата hate speech)

Кыргыз Республикасындагы дезинформация эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— super.kg (Супер Инфо)
— maalymat.kg - Instagram
— WhatsApp

Тажикстан Республикасы

«Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Тажикстан менен Кыргызстандын чектешкен аймактарындагы чыр-чатактар, эмгек миграциясы, коронавирус, кытайлар, гендер, ислам, Өзбекстандык студенттер.

Контекст жана триггерлер

Пандемия COVID-19, башка жактан келген жарандарга карата дискриминация

Веб-сайттардын бири коронавирустан каза болгон биринчи учур туурасындагы жалган маалыматты кайра басып чыккан.

Бул маалыматты саламаттыкты сактоо министрлиги төгүндөгөн.

Источник:
Pressa.tj

«Озоди» радиосунун башка материалы, АКШдан кайтып келген журналист жөнүндө, ал ыктыярдуу түрдө коронавируска тест тапшырып көрүүнү чечкен: «*Мага жардам көрсөткөндүн ордуна, алар (врачтар) менден оолактап, мага жакындагандан коркуп жатышты*», — деп жазган журналист. Бул материал көп талаштар менен комментарийлерге себеп болду, анда колдонуучулар медкызматкерлерди сындап, аларды коррупцияга күнөөлөп, эгер өлкөдө коронавирус пайда болсо медиктер биринчи качып кетишет деген коркунучтарын билдиришти.

Булагы:
Радио «Озоди»

Пандемия COVID-19, ксенофобия, диний араздашуу

Тажикстан Республикасында коомдук жайларда намаз окуганга кайрадан уруксат берилип, мечиттер эшиктерин ачышты. Бул маалымат тармакта жергиликтүү мусулмандардын башка дин өкүлдөрүнө, башка этносторго – христиандар менен еврейлерге карата терс комментарийлерин пайда кылды. Окурмандар мечиттер ачылганына кубанып, бул Аллахтын ырайымы деп кабылдашты. Башка өлкөлөрдө коронавирустун жайылышына байланыштуу кырдаалды алар башка динди тутунганы жана башка улутка таандыктыгы менен байланыштырышты. Сүйлөгөн сөздөрүндө «таза мусулман» деген терминди артыкчылык тону менен колдонушту, башка конфессияларды басынтуу иретинде айтылды: «*алардын баары каапырлар. Бардык тажиктер бейишке барат, анткени, тажиктер – таза мусулмандар*» (орус. – *все они кафиры. Все таджики попадут в рай, потому, что таджики — чистые мусульмане*”).

Источник:
Facebook.com

Улуттар аралык араздашуу

Казак ТВсындагы телешоу, казак актерлору тажиктерди сындашат.

Источник:
Facebook.com

Тажиктер бул видеону улутту мазактоо катары кабылдап, Тажикстандын Казакстандагы элчисинен бул маселени чечүүнү талап кылышты. Комментарийлерде тажиктер ушул күнгө чейин казактарды сыйлап, жакшы мамиле кылып келгени, бирок бул телешоудан кийин алардан терс бурулганы туурасында ыр саптары пайда болду, ошондой эле комментарийлерде казактарга карата орой лексика жана кемсинткен сөздөр айтылды. «*Фикр мекунам назди миллати сарбаланди точик ин сагбачахо ба зуди узр мепурсанд*», «*Какой-то казах катори радился в пустинах не выдел кроми верблюдах и пил грязного и ванючего кумиза нет ни каковаго прошдого хочит покажит себе что они крутие!*»

Булагы:
Радио Азаттык

Тажикстан Республикасындагы «кастык тили» эң көп камтылган веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Asiaplustj.info
— Ozodi.org
— Avesta.tj
— Khovar.tj

Тажикстан Республикасындагы дезинформация эң көп камтылган веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Ittiloot.com
— Asia-times.org
— Asiaplustj.info
— Ozodi.org
— Avesta.tj
— Khovar.tj
— Tj.sputniknews.ru
— WhatsApp
— Facebook.com

Өзбекстан Республикасы

«Кастык тили» жана дезинформация камтылган темалар

Эмгек миграциясы, коронавирус, кытайлар, гендер, дин, медиктер жана пандемия учурунда чет өлкөдөн кайтып келгендер, махаля (өзбек кварталы) кызматкерлери, облус жашоочулары жана борбордун жашоочулары.

Контекст жана триггерлер

Пандемия COVID-19, фейктердин тарашы жана ага карата мамилелер

Май куючу бекеттер жабылат экен деген имиштер узун кезектерди пайда кылды. Бул имиштер дароо эле төгүндөлүп, кийинки күнү эле кезек күткөндөр байкалган жок. Фейктер активдүүлүк менен өндүрүлүп, бийлик ага дароо кайтарым байланыш кылып жатты: ММКларда Telegram-каналында фейк жарыялаганы үчүн кармалган колдонуучу туурасында чагылдырышты. Сенат фейк үчүн жазаны катаалдаштыруу маселесин карады. Франциядан келген биринчи коронавирус менен түшкөн биринчи оорулуу Нигора Муратова, социалдык тармактарда кибербуллингге кабылды.

«Мурад Билдингс» компаниясынын негиздөөчүсү Мурад Назаров коронавируска шектелип үй карантинге алынды.

Булагы:
Telegram

Facebook баракчасында «Мурад Билдингс» компаниясы менен байланышы бар NRG компаниясы карантин убагында деле элиталык турак-жайдын курулушун токтотпогону туурасында публикациялар пайда болду. Бул фейк балким, атайын алагды кылуу, маалыматтык фонду буруу үчүн чыгарылышы мумкүн. «Мурад Билдингс» — Өзбекстандагы ири курулуш компанияларынын бири. Анын негиздөөчүсү – элге таанымал адам, аталган фейк атактуу адамдар коронавирус жугузуп алганы

туурасында кабарланганда пайда болчу эл аралык фейктерди туураган фейк болушу да мумкүн.

Пандемия COVID-19, гендердик белгилерине карата дискриминация

Коронавирустан айыккан кыз «Узбекистан 24» каналына интервью берди.

Булагы:
Upl.uz

Материалга карата жазылган комментарийлерде ал кыз Турцияда сойкулук менен алектенип келгенин кыйыткан маанидеги сөздөр айтылган "*өзүнүн пирожкисин сатканы барды да*" (*орус. – «ездила пирожок свой продавать»*): өзбек аялдары Турцияга, Араб Эмираттарына сойкулук менен алектенгени барышат деген стереотиптик ынанымдар бар). Комментарийлерде ооруп калгандарга, чет өлкөдөн учуп келгендерге карата негативдүү маанай байкалат: "*Жөнөкөй адамдар ал жакка бармак беле*", *Ал жактан көңүл ачып жүргүшөт да, бизге көйгөйлөрдү алып келишет*" (*орус. – «Простые люди туда не ездят», «Они там развлекаются, а нам привозят проблемы»*) мындай маанай этноско, дин ишенимдерине карата да акырындап өтөт: "*Өзбекстанды уят кылып жатасың*", "*Өзүңдүн Азербайжаныңа кет*", "*Келесоо фанатиктер*", *Мунун бары силердин айынардан, кудайсыздар*" (*орус. – «Позоришь Узбекистан», «Езжай в свой Азербайджан», «Тупые фанатики», «Это из-за вас, безбожники»*). Жетишсиз деңгэлде маалымдалган коомчулук белгисиз коркунучтун алдында мындай жаңылыкты агрессивдүү кабылдады.

Пандемия COVID-19, ксенофобия

Лондондогу АКШ элчиси, Кытай бүт дүйнөнү коркунучка салганын билдирди.

Булагы:
Upl.uz

Карантинге байланыштуу жалпы маалыматтык мейкиндик чыңалууда турганда жана веб-сайттын жалпы риторикасына Россия-АКШ тиреши мүнөздүү болгон шартта, комментарийлерде мунун баары бири-бирине кошул-ташыл болуп, америкалыктарга карата «кастык тилин» пайда кылды: "*Эми Штаттагылар да көрүшсүн. Айбандар, атайлап башка өлкөлөрдүн экономикасын талкалап жатышат. Кытайдыкын өзгөчө. Атаандашы да*", "*Эгер америкалыктар улут катары кырлып жок болсо же Штаттар суу алдына чөгүп кетсе, вулкан алдында калса, калган дүйнө эркин дем алып, рахмат айтмак*" (*орус. – «Пусть теперь и Штаты в заднице побудут. Твари, специально подрывают экономики других стран. А Китая - особенно. Ибо конкурент», «Если вымрут американцы как нация или Штаты уйдут под воду, накроет их вулканом, весь остальной мир вздохнет свободно и скажет только спасибо»*).

Пандемия COVID-19

Ырчы Мавлуда Асалхужаева, карантинге карабай, үйлөнүү тоюнда колкап жана беткап менен ырдады.

Булагы:
Upl.uz

Публикациянын авторлору мындай агрессивдүү реакция болоорун алдын ала билиши керек эле, анткени ага чейин да бул окуя туурасында эки публикация жарык көргөн: 1) жаңы үйлөнгөндөргө айып салынганы жөнүндө жана 2) үйлөнү тою кандай өткөнү жөнүндө. Эки публикация тең кастык маанайда кабылданган. Жаңылыкка карата комментарийлерде колдонуучулар мындай «жоопкерчиликсиз» адамдарга карата агресивдүү лексика колдонушкан: "*акмактар канча көп болгон сайын, акмактар ошончо аз болот*" "*мээси жоктор*" (*орус. – «чем больше дебилов, тем меньше дебилов, «тупоголовые»*), аларды эч кандай коргоочу каражаты жок оорулуулар-ды бакканга жөнөтүүгө чакырыктар орун алды, "*эгер эле ошондой эр жүрөк болушса, эл душманы катары атуу керек*" (*орус. – «раз они такие смелые и расстрелять как врагов народа»*).

Улуттар аралык араздашуу, русофобия

Россиялык блогер Лебедев Өзбекстан туурасында мазактаган пикирин билдирген ролик: карантинге байланыштуу көрүлгөн чаралар, вирус жугузуп алган адамдарга карата өзбектердин мамилеси жөнүндө. Өзбекстандагы кырдаал менен тааныш эмес, же айрым бир үзүкүзүк маалыматы бар, эскирген штамптары менен гана тааныш болгон автор карантиндик чаралар менен жарандардын этияттыгын бурмалоо менен мазактаган маанайда чагылдырат. Өз сөзүндө блогер Лебедев орой лексиканы активдүү колдонот. Өзбекстандык блогер Шухрат Мусаев россиялык блогердин асылгандарына аргументтүү жооп кайтарып, Өзбекстандагы көрүлгөн чараларды түшүндүрүүгө аракет кылган. Лебедевдин жооп катары чыгарган видеосу мурдагыдай эле жетиштүү деңгээлде агрессивдүү мүнөздө болуп, тактап айтканда, анын сөздөрүнүн агрессивдүүлүгүнүн деңгээлин катылуу же асылууга барабар деп баалоого болот.

Улуттук негиздеги тирешүү документтерди жүргүзүү өзбек тилинде (мамлекеттик тилде) болбосо айып салынаары жөнүндөгү мыйзам долбоорун кабыл алууга алып келди. Орус тилдүү калк муну алардын укуктарынын бузулушу катары карайт, ал эми өзбек тилдүүлөр үчүн - өзбек тилинин ордун бекемдөө чарасы болуп саналат. Комментарийлерде төмөнкүдөй сөздөрдү кезиктирүүгө болот: «ватник», «шовинист», «националист», «русский мир», «русские — враги», «зомби», «узбекмисан» (өз. - «сен өзбексиңби же жокпу?»).

Булагы: Facebook.com
(иштебейт)

Белгилүү укук коргоочу жана журналист Карим Бахриевдин «Өзбекстандагы орус шовинизминин экстерьери жана интерьери» аттуу публикациясы.

Булагы:
Facebook.com

Комментарийлерде өзбек тилин билбегендерге жарандык берүүдөн баш

тартуу чакырыктары айтылат. Тил маселеси – Өзбекстанда негизи эле курч маселе. Ошондой эле 1864-жылы Ташкентти алууда курман болгон орус солдаттарынын урматына курулган чакан чиркөөнү калыбына келтирүү боюнча маалыматты талкуулоодо да улуттук сезимдер кызыды. Комментарийлерде колдонуучулар «кастык тилин» колдонуу менен, башка сезимтал темаларды да козгошту: «узбекский хлеб ешь, а языка не знаешь» (орус. – "өзбектин нанын жеп жатып, өзбек тилин билбейсиң") ж.б. ушул эле толкундун эпикини менен «орус», «Россия», «Советтер Союзу» деген сөздөр бар башка публикациялар да агрессивдүү кабылданды.

Булагы: Facebook.com (иштебейт)

Өзбекстан Республикасындагы «кастык тили» эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Upl.uz (каттоодон өтпөгөн ММК)
— Vesti.uz

Өзбекстан Республикасындагы дезинформация эң көп кездешкен веб-сайттар менен социалдык тармактар:

— Upl.uz (каттоодон өтпөгөн ММК)
— Ok.ru
— Telegram
— Чадра
— Facebook.com

Кошумча материалдар

1. Дубровский Д.В., Карпенко О.В. Язык вражды в русскоязычном Интернете: материалы исследования по опознаванию текстов ненависти / Д.В. Дубовский, О.В. Карпенко. — СПб: Санкт- Петербургдагы Европа университетинин басмаканасы, 2003. — 72 б.

2. Верховский А.М. Язык мой... Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М.Верховский. — М.: РОО «Центр 'Панорама'», 2002. — 200 б.

3. Евстафьева А.В. О некоторых лингвистических маркерах «языка вражды» в манипулятивных приемах в средствах массовой информации / А.В.Евстафьева // Башкыр университетинин кабарчы-гезити.— Том 13.— No 4. — 2008. — С. 994–996.

4. Backgrounds, Experiences and Responses to Online Hate Speech: A Comparative Cross-Country Analysis. // URL: http://www.unicri.it/special_topics/ hate_crimes/ Backgrounds_Experiences_and_Responses_to_Online_Hate_Speech_A_Comparative_Cross-Country_Analysis.pdf

5. Mapping and analyzing hate speech online: Opportunities and Challenges for Ethiopia. // URL: http://pcmlp.socleg.ox.ac.uk/wp-content/uploads/2014/12/ Ethiopia-hate-speech.pdf

6. Islamophobia on Social Media: A Qualitative Analysis of the Facebook's Walls of Hate, Imran Awan1 Birmingham City University, United Kingdom. // URL: http://www.cybercrimejournal.com/ImranAwanvol10issue1IJCC2016.pdf

Булактардын тизмеси

1. БУУнун майыптардын укугу боюнча Комитетинин кеңештери. // URL: https://perspektiva-inva.ru/en/protec-rights/oon/2018-05-04-09-09-09

2. Щербинина Ю. В. Речевая агрессия: территория вражды. — М.: Форум, 2013. — 400 б. — библиогр.: С. 366-388

3. Зомбулук жана анын ден соолукка таасири. ДСУ (2003). Дүйнөдөгү кырдаал боюнча доклад. // URL: http://www.who.int/violence_injury_prevention/violence/world_report/en/WRVH%20RU.pdf

4. Казакстандын социалдык тармактарындагы кастык тилине мониторинг (2017). МЦЖ — Medianet, 2017. // URL: http://www.who.int/violence_injury_prevention/violence/world_report/en/WRVH%20RU.pdf ; https://www.academia.edu/35894758/Мониторинг_языка_вражды_в_социальных_сетях_в_Казахстане_2017.

5. КРдагы шайлоо алдында жана андан кийинки дискурстагы кастык тили. Соңку доклад, —Тынчтык орнотуу жана медиатехнологиялар Мектеби , 14.12. 2020. // URL: http://www.ca-mediators.net/ru/issledovaniya/media-monitoring/

6. Разъясняя «кастык тили»: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция. — Article 19, 2019. // URL: https://www.article19.org/wp-content/uploads/2015/12/A19_Hate-Speech-Report-2018_Russian.pdf

7. Ослон А. Уолтер Липпман стереотиптер жөнүндө: «Общественное мнение» китебинен үзүндү. // Ж/л «Социальная реальность» № 4, 2005.

8. Судаков К. В. Динамические стереотипы, или Информационные отпечатки действительности. — М.: ПЕРСЭ, 2002.

9. Исаев М.И. Словарь этнолингвистических понятий и терминов. — 3-е изд. — М.: Флинта, 2003.

10. На пути к социально ответственным СМИ: преодоление «языка вражды» и развитие гражданских медиа. Журналисттер жана коомдук активисттер үчүн колдонмо. — Симферополь: «Интеграция жана өнүгүү» борбору, 2011. С.10-11.

ММКлардагы публикациялар

1. У каждого было около 200 аккаунтов в соцсетях. Как устроены «фабрики троллей» в Кыргызской Республике. — Kaktus Media, 21.11.2020. // URL: https://kaktus.media/doc/426423_y_kajdogo_bylo_okolo_200_akkayntov_v_socsetiah._kak_ystroeny_fabriki_trolley_v_kr.html

2. Как работают «тролли» Таджикистана и их казахстанские «коллеги» — Радио «Азаттык», 08/05/2019. // URL: https://rus.azattyq.org/a/tajikstan-and-its-troll-factories/29926761.html

3. О работе троллей и ботов в Узбекистане. — Hook Report,18/09/2018. // URL: https://hook.report/2018/09/arrrr-vokrug-trolli/

4. Анна Беляева. Фабрики троллей — новый стандарт в политическом пиаре? — DW, 14/12/2019. // URL: https://www.dw.com/ru/фабрики-троллей-новый-стандарт-в-политическом-пиаре/a-51656603

5. Докатились! В России начали целовать ноги мигрантам. — Царьград, 24/07/2020, // URL: https://tsargrad.tv/articles/dokatilis-v-rossii-nachali-celovat-nogi-migrantam_269137

6. Из-за беспорядков в аэропорту из Москвы не прилетели 23 кыргызстанца — МВД. — Sputnik.kg. // URL: https://ru.sputnik.kg/incidents/20200518/1048343094/migranty-moskva-bishkek-charternyj-rejs-karantin.html

7. Каждые 5 минут — тост, тост, тост. Что удивляет нигерийца, живущего в Алматы, — Tengrinews.kz, 14/01/2019. // URL: https://tengrinews.kz/article/kajdyie-5-minut-tost-tost-tost-udivlyaet-nigeriytsa-1007

8. Свобода слова против языка вражды. // URL: https://share.america.gov/ru/свобода-слова-против-языка-вражды

5-сабак

Тема 5

«Кастык тилинин» объектилери. Корголгон мүнөздөмөлөр

Подтемалар

— «Корголгон мүнөздөмөлөр» конституциялардын жана кылмыш-жаза мыйзамдарынын нормаларында
— Уукуктук жактан алганда «кастык тилине» тыюу салуу

Предметтердин интеграциясы

«Адам укугу», «Эл аралык укук», «Конституциялык укук», «Кылмыш-жаза укугу», «Медиа укук», «Журналистиканын негиздери», «Журналисттин этикасы», «Медиаэтика», «Сынчыл ойломдун негиздери», «Заманбап казак/кыргыз/тажик/өзбек/орус тили» (өлкөгө жараша), «Конфликтологиялык журналистика», «Лингвистикалык экспертиза», «Саясий лингвистика», «Журналисттин ишиндеги социалдык тармактар», «Социалдык журналистиканын типологиясы», «Журналистиканын социологиясы», «Журналистиканын психологиясы», «Маданияттар аралык коммуникациянын теориясы жана практикасы».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

— студенттер «Корголгон мүнөздөмөлөр» деген түшүнүктү түшүндүрүп бере алышат;
— студенттер «корголгон мүнөздөмөлөрдүн» тизмесин санап бере алышат;
— студенттер «кастык тилиндеги» социалдык топтун «корголгон мүнөздөмөлөрүн» айтып бере алышат.

Социалдык-эмоционалдык:

— студенттер теңчилик жана дискриминациясыз принциптерди сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
— студенттер адамдын бардык укуктары менен эркиндигин сыйлоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт;
— студенттер адамдардын айрым бир белгилери боюнча ар башкачалыгын түшүнүү жана кабылдоонун маанилүүлүгүн түшүнүшөт.

Жүрүм-турумдук:

— студенттер кептеги «кастык тилинин» болушун чектей алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт
Сабак өтүү методу	Ачык суроолор, дискуссия, лекциялык презентация, сунушталган методика менен иштөө.
Баалоо методдору	Бышыктоочу суроолор.
Негизги түшүнүктөр	«Жек көрүүчүлүк тилинин объектилери», «Корголгон мүнөздөмөлөр», «Дискриминация», «Стереотиптер», «Алдын ала ынанымдар».
Керектүү ресурстар	Проектор, экран, ноутбук, таш же башка предметтер, мүшөк же коробка, маркер, доска.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге төмөнкү суроолорду талкуулоону сунуштайт:

— «Жек көрүүчүлүк тили», «корголгон мүнөздөмөлөр» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

— Каандай корголгон мүнөздөмөлөрдү билесиңер?

Бул суроолор боюнча дискуссия жүргүзүлөт.

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим корголгон мүнөздөмөлөр камтылган улуттук мыйзамдар (конституция, кылмыш кодекси) жана эл аралык укуктук актылар (АУЖД, ЖСУЭП, Теңчилик Принциптер Декаларциясы — Equal Rights Trust) жөнүндөгү маалыматты PowerPoint презентация формасында сунуштайт жана төмөнкү суроолор боюнча талкуу өткөрөт:

1. Конституциянын жана кылмыш-жаза мыйзамдарынын нормаларында корголгон мүнөздөмөлөрдүн тизмеси кандай?
2. Кандай мүнөздөмөлөр тизмеге кирген эмес?
3. Улутук мыйзамдардын нормалары тизмеге кирбеген мүнөздөмөлөргө да иштейби?
4. Улутук мыйзамдарда корголгон мүнөздөмөлөрдүн тизмесин кеңейтүү керекпи?
5. Кандай мүнөздөмөлөр көбүрөөк коргоого муктаж жана кайсылары «кастык тилинин» объектисине айлануда?

3. АРАКЕТТЕН

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалимге төмөндөгү көнүгүүлөрдүн бирин тандап алуу сунушталат.

ВАРИАНТ 1. «АЛАРДЫН БААРЫ ОКШОШ» КӨНҮГҮҮСҮ

Ар бир студентке бирден таш же башка предмет берип, аны менен «достошуу» керектигин айткыла, б.а. аны жакшылап изилдесин. Бир нече студентти аудиторияга «досун» тааныштыр деп сурангыла: ал туурасында окуялардан айтып берсин, ал канча жашта, ал кайгылуубу же бактылуубу, же ал кантип ушундай болуп калды. Алар бул предмет жөнүндө чакан баяндама жазса болот. Андан соң ал предметтердин баарын мүшөккө же коробкага салып аралаштыргыла. Анан аларды кайра алып чыгып, студенттерге өзүнүн «досун» тап деп сурангыла.

Рефлексия өткөрүп, көз-көрүнөө окшоштуктарды белгилегиле: кандай адамдардын тобу болбосун, алгач баары бирдей сезилет, бирок аларды жакындан биле баштаганда, алар ар түрдүү болуп чыгат: ар биринин өзүнүн тагдыры бар, алардын баары потенциалдуу досторубуз. Бул көнүгүү бул предметтерди жакшылап билүү үчүн убактылу стереотиптерден (мисалы: «таштар — муздак, катуу, кайдыгер») баш тартуу жетиштүү болот деген бүтүмгө келүүгө түрткү берет. Башкача айтканда, эртелей эле бүтүм чыгарууга болбойт.

ВАРИАНТ 2. «АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРДЫ ТАБУУ» КӨНҮГҮҮСҮ

Студенттерге төмөнкү билдирүүлөрдүн кайсынысы стереотип, кайсынысы алдын ала ынаным, кайсынысы пикир билдирүү экенин табууну сунуштагыла:

1. Мен дарыгерлерди жакшы көрөм, анткени алар мээримдүү.
2. Айрым дарыгерлер мага мээримдүү мамиле кылганы мага жагат.
3. Дарыгерлер — мээрман адамдар.

Студенттердин пикирлерин талкуулагыла.

Мугалим үчүн кеңештер.

Правильный ответ: №3 — стереотип; Туура жооп: №3 — стереотип; №1 — алдын ала ынаным; № 2 — пикир билдирүү.

Талкуудан кийин белгилеп койгула, үч билдирүү тең (ой аркылуу контексттик алкакка салынган) дарыгерлерди мээримдүү, кам көргүч адамдар катары эле эмес, мээримсиз, кайдыгер адамдар катары да баалоону кыйындатат. Стереотиптер, алдын ала ынанымдар жана пикирлер адамдарга болгон мамилени кантип алдын ала аныктап коёрун талкуулагыла.

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге сабактын жыйынтыктап, үч суроого кыскача жооп берүүнү сунуштайт:

1. Мен эмне билдим?
2. Эмнени үйрөндүм?
3. Аткарган көнүгүү эмнеси менен пайдалуу/пайдасыз болду?

Маалыматтык обзор

«КАСТЫК ТИЛИНИН» ОБЪЕКТИЛЕРИ. КОРГОЛГОН МҮНӨЗДӨМӨЛӨР

«Кастык тили» белгилүү бир мүнөздөмөлөргө шайкеш келген жеке адамдарга же адамдардын тобуна багытталат. Адам укуктары эл аралык укук бардык адамдар мыйзам алдында бирдей экенин жана эч кандай чектөөсүз мыйзам тарабынан бирдей коргоого алынаарын бекитет. Бул жагынан алганда кандай дискриминация болбосун мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек жана мыйзам бардык адамдарга кандайдыр бир белгисине: расасы, терисинин түсү, жынысы, тили, дини, саясий же башка көз караштары, улуттук же социалдык таандыктыгы, мүлктүк абалы жана башка кырдаалдарга байланыштуу дискриминацияга каршы натыйжалуу жана бирдей коргоо кепилдигин бериши керек.

Этникалык, диний жана тил жагынан азчылыктар бар өлкөлөрдө, мындай азчылыктарга кирген адамдарды ошол топко кирген башка адамдар менен бирге өз маданиятын колдонуу, өз динин тутуу жана анын каадаларын аткаруу, ошондой эле эне тилинде сүйлөө укугунан ажыратууга болбойт.

Ошондой эле, адам укуктары жаатындагы эл аралык документтер мезгилдин өтүшү менен теңчилик принцибинин пайдасына чечмеленип келет, бул жерде аталган термин кеңири маанисинде алынган, ал макулдаштыктарга түздөн-түз киргизилген корголгон мүнөздөмөлөр үчүн да, жана түздөн-түз киргизилбеген негиздемелер үчүн да колдонулуп келет. Көптөгөн мамлекеттер «кастык тилин» тыюу салган улуттук мыйзамдарында теңчиликти жана дискриминациясыздыкты камсыз кылуу боюнча жалпы эл аралык милдеттемелер менен корголгон белгилерди чагылдырган, корголгон мүнөздөмөлөрдү таанышат.

Адам укуктары жаатындагы эл аралык документтерде, Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикаларынын Конституцияларында корголгон мүнөздөмөлөрдүн тизмеси атайын ачык калтырылган, бул кеңейтип чечмелөө жолу менен кошумча мүнөздөмөлөрдү киргизүүгө жол берет, ал эми Тажикстан Республикасы менен Өзбекстан Республикаларынын Конституцияларында бул тизме жабык бойдон калууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренеси:

«Эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, жаш курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес».

Казакстан Республикасынын Конституциясынын 14-беренеси:

«Тегине, социалдык абалына, кызматтык же мүлктүк абалына, жынысына, расасына, улутуна, тилине, динге болгон мамилесине, ынанымдарына, жашаган жерине же башка жагдайлар боюнча эч кимди эч кандай кемсинтүүгө болбойт».

Тажикстан Республикасынын Конституциясынын 17-беренеси:

«Мамлекет ар бир адамга улутуна, расасына, жынысына, тилине, динине, саясий көз караштарына, билимине, социалдык жана мүлктүк абалына карабай бирдей укук жана эркиндикти кепилдик кылат».

Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 18-беренеси:

«Өзбекстан Республикасынын бардык жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, динине, социалдык тегине, ынанымдарына, жеке жана коомдук абалына карабай бирдей укукка жана эркиндикке ээ жана мыйзам алдында бирдей».

Төрт мамлекеттин кылмыш-жаза мыйзамдарындагы аразадашууну/кастыкты козутуу/тутантуу жөнүндөгү беренелеринде да корголгон мүнөздөмөлөрдүн ачык жана жабык тизмелери камтылган, аларга диний, расалык, улуттук, этникалык, аймактык, уруулук же тектик тиешелүүлүк киргизилген (3-теманы кара).

«Жек көрүүчүлүк тилинен» коргоо үчүн негиздер адам укуктары жаатындагы эл аралык укуктардагы дискриминацияга каршы жалпы жоболоруна кирген бардык корголгон мүнөздөмөлөрдү камтышы керек, бирок кээде мындай мамиле талашты да жаратып келет.

«Жек көрүүчүлүк тилинин» айрым бир формаларына жол берген же чектөөнү талап кылган жалпы бир аныктамалардын, милдеттемелердин жоктугунан, алар ар кайсы эл аралык макулдаштыктардан чогултулган.

Бул абалды оорлотот, анткени дискриминацияга байланыштуу бардык эле келишимдер мамлекеттерден «жек көрүүчүлүк тилине» тыюу салууну талап кылбайт. Андан тышкары, тыюу салууну талап кылган келишимдерде да корголгон мүнөздөмолөрдүн тизмеси өтө чакан жана өтө этият берилген. Мунун эки түшүндүрмөсү бар.

1) «Жек көрүүчүлүк тилине» тыюу салуу көп учурда дискриминациялык мүнөздөгү масштабдуу же токтобой улантылган адам укуктарын бузууларга каршы жооп катары түзүлөт,

бул жерде «жек көрүүчүлүк тили» аларга себеп болгон факторлордун бири катары каралат. Мындай тыюу салуулар алар реакция кылган жагдайларды чагылдырат жана ошондой эле ошол маалда коомдо орун алган алдын ала ынанымдарга байланыштуу чектелиши мүмкүн.

2) Эл аралык укуктук документтерде камтылган «жек көрүүчүлүк тилине» тыюу салуу талаптары дайыма талашты жаратып келет, анткени айрым мамлекеттер кээде мындай чектөөлөр пикир билдирүү укугун ашыкча чектейт деген ишенимде мындай кеңири милдеттемелерге каршы турушат.

Эл аралык жана аймактык укуктук документтерден үзүк-үзүк кылып чогултулган нормалар улуттук укуктарда «жек көрүүчүлүк тилинин» ар кандай формаларына карата, анын ичинде корголгон мүнөздөмөлөргө карата түрдүү мамилени жаратат.

Адам укуктарын ишке ашыруу кандай эл аралык документ болбосун андагы баштапкы түзүлгөн ашыкча формалдуу аныктамалар менен, ал тургай алардын авторлорунун ниети менен чектелбеши керек, эгер алар зарылчылыгы жок эле укуктарды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн кыскарта турган болсо.

Пикир билдирүү эркиндигине жетиштүү деңгээлде кепилдик бар болгон учурда «кастык тили» жөнүндөгү жоболор болушунча көп «корголгон мүнөздөмөлөрдүн» тизмесин камтышы керек деп эсептелет. «Корголгон мүнөздөмөлөр» өз ичине төмөнкү негиздерди камтууга тийиш, ошону менен бирге булар менен гана чектелбеши керек:

— раса;
— этникалык тиешелүүлүгү;
— улуту;
— жаш курагы;
— тили;
— дини;
— жынысы;
— майыптыгы;
— түсү;
— сексуалдык багыты;
— гендердик таандыктыгы жана интерсексуалдуулук;
— теги;
— саясий жана башка көз караштары;
— туулганы;
— мигрант же качкын макамы.

Булактардын тизмеси

1. Адам укуктарынын жалпы декларациясы / БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 1948-жылы 10-декабрда 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган..

2. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пакт / Башкы Ассамблея тарабынан 1966-жылы 16-декабрда 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган.

3. Разъясняя «языка ненависти»: Практикалык колдонмо, 2015-жыл, Article 19 — Free Word Centre 60 Farringdon Road London, EC1R 3GA United Kingdom.

4. Теңчилик Принциптер Декларациясы. — Equal Rights Trust, Лондон,Улуу Британия, 3—5 апрель, 2008-ж.

5. Адам укугу/Адам укуктарын окутуу алиппеси. — Басылма БУУ/HR/PUB/DECADE/2003/1/ Женева, май 2003.

6-сабак

Тема 6

«Кастык тилин» колдонууну алдын алуу: методдору жана инструменттери

Подтемалар

— «Кастык тилин» аныктоонун методдору, инструменттери
— «Кастык тилине» жооп кайтаруунун методдору, инструменттери

Предметтердин интеграциясы

«Медиа жана маалыматтык сабаттуулук (ММС)», «Журналисттин этикасы», «Медиа этика», «Заманбап орус тили», «Заманбап кыргыз тили», «Эне тилдин стилистикасы жана кептик мадаияты», «Журналистиканын негиздери», «Сынчыл ойломдун негиздери».

Сабактын максаты

Когнитивдик:

— студенттер медиа сабаттуулук, инвективдик лексика, стилистикалык жактан төмөндөтүлгөн лексика, окказионалдык сөздөр, агрессивдүү метафора деген түшүнүктөрдү түшүндүрүп бере алышат;
— студенттер текстте агрессивдүү лексиканын, «кастык тили» бар экенин баалай алышат;
— студенттер маалымат менен иштей алышат.

Социалдык-эмоционалдык:

— студенттер «кастык тилинин» өз жашоосуна болгон таасирин аныктай алышат;
— студенттер «кастык тилинин» белгилерин, максатын жана аны таркатуу механизмин атай алышат;

— студенттер «жумшак», «орто» жана «катаал» «кастык тилине» эмне кирээрин түшүндүрүп бере алышат.

Жүрүм-турумдук:

— студенттер «кастык тилин» аныктаган бул же тигил методду түшүндүрүп бере алышат;

— студенттер сүйлөшүүдө кантип «кастык тилинен» оолак болуу боюнча өз чечимдерин бере алышат;

— студенттер жек көрүүчүлүк лексикасынын ордуна «тынчтык тилин» колдонууну тандашат;

— студенттер маалымат менен иштей алышат.

Сабактын узактыгы	1 саат 20 мүнөт.
Сабак өтүү методу	Дискуссия, мини-лекция, ачык жана жабык суроолор, маалымат булактары менен иштөө, слайддардын презентациясы.
Баалоо методдору	Өзүн-өзү баалоо баракчасы.
Негизги түшүнүктөр	«Медиасабаттуулук», «маалыматтык сабаттуулук», «фактчекинг», «фейк», «стилистикалык жактан төмөндөтүлгөн лексика», «кептик агрессия».
Керектүү ресурстар	Сабактын максаты (слайдда же флипчартта), демонстрациялык доска, А4 форматындагы баракка жазылган тамгалар, видеопроектор, компьютер, маркер, доска, скотч.

Сабактын планы

1. ЧАКЫРЫК

«ФОТОФИКСАЦИЯ» КӨНҮГҮҮСҮ

Керектүү материалдар: ММК жана социалдык тармактардан алынган 20 басып чыгарылган сүрөт

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим сүрөттөрдү стол бетине жайып, ар бир студентке алардын ою боюнча «кастык тили» / «жек көрүүчүлүк тили» темасы таамай чагылдырылган бир сүрөттү тандап алууну сунуштайт. Сүрөттөр сабак өтүлүп жаткан өлкөдөгү сюжеттерди чагылдырганы оң. Сүрөттүн арткы бетине анын кыскача сүрөттөмөсүн жазып койсо болот, бирок жалпы талкуу болмоюнча аны окубай туруу керектигин студенттерге эскертип коюу керек.

АНАЛИЗ ҮЧҮН СУРООЛОР:

1. Сүрөттө ким чагылдырылган?
2. Сүрөт эмне жөнүндө айтып жатат?
3. Силерде кандай таасир пайда болду?
4. Бул сүрөт силерде кандай сезимдерди жаратты?
5. Кандай деп ойлойсуңар, бул сүрөт кайдан алынган, ким жана эмне үчүн тарткан жана аны кандай колдонуулары мүмкүн?
6. Сүрөттөгү чагылдырылган окуя «кастык тилине» / «жек көрүүчүлүк тилине» катышы бар экенин эмне билдирип турат?
7. Сүрөткө кандай аталыш бермексиңер?

2. МААЛЫМАТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Интернеттеги, социалдык тармактардагы маалымат менен иштөөнүн жүрүшүндө студенттерге үч суроонун айланасында талкуу жүргүзүү сунушталат.

1. Текст менен иштеп жатканда, анда «кастык тилинин» белгилери бар экенин көрүү үчүн эмнеге көңүл буруу керек?
2. Интернеттеги «кастык тилине» кандай жооп кылуу керек?
3. Коммуникациялык мейкиндиктен, жеке сүйлөшүүлөрдөн, Интернеттен «кастык тилин» түп тамыры менен жоготуу үчүн эмне кылуу керек?

3. АРАКЕТТЕН

Онлайн-мейкиндиктеги жүрүм-турум эрежелери менен иштөө.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерди чакан топторго бириктирет, аларга онлайн-коммуникациянын, социалдык тармактарда баарлашуунун эрежелери, этикалык принциптер жөнүндө эскертме-китепче жасоону сунуштайт. Андан соң топтор өз иштери менен таанышты-рып, бири-бирин толуктап, натыйжада бир жалпы эскертме-китепче пайда болот. Бул эскертме «кастык тилинен» «диалог тилине» өтүү боюнча көрсөтмөлөрдүн жыйындысы болуп саналат.

ТАЛКУУ ҮЧҮН СУРООЛОР

— Кандай деп ойлойсуңар, бул эрежелер Интернеттеги ар бир колдонуучу үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү боло алабы?
— Силердин эрежелер эмнеге негизделген?
— Бул эрежелерди, «тынчтык тилинде» сүйлөшүү маданиятын кантип илгерилетүү керек деп ойлойсуңар?
— Биринчи кезекте бул эскертмени кимге сунуштайт элеңер: саясатчыларга, ата-энелерге, группалаштарга, соцтармактагы френддерге? Эмне үчүн?

«МЕН «КАСТЫК ТИЛИН» КАНТИП АЛДЫН АЛАМ / «КАСТЫК ТИЛИ» МЕНЕН КАНТИП КҮРӨШӨМ?» КӨНҮГҮҮСҮ

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Мугалим студенттерге 3-4 адамдан турган чакан топторго биригүүнү сунуштайт, «Кастык тилинен» «диалог тилине» карай менин жолум кандай?» же «Мен «кастык тилин» кантип алдын алам / «кастык тили» менен кантип күрөшөм?» деген суроолордун үстүндө ой жүгүртүү керек, андан соң жоопторун флипчартка жазышат да, жалпы групага сунуштап, бүтүмдөрүн чыгарышат.

Мугалим үчүн кеңештер.

Мындан тышкары студенттерге курстун башындагы «кастык тилине» жолуккан жеке тажрыйбалары туурасында бөлүшкөн, пикир алмашкан, «жек көрүүчүлүк тилин» аныктай турган белгилерди сүрөттөгөн биринчи сабактагы ой толгоолорун эстеп көрүүнү сунуштаса да болот.

БОЛЖОЛДУУ ЖООПТОР:

— ММКлардагы, соцтармактардагы маалыматты туура окуу.
— Онлайн-коммуникация этикаларын үйрөнүү.
— Факт менен фейкти ажырата билүүгө үйрөнүү.
— Зомбулуксуз, сыпайы, толеранттуу лексикага үйрөнүү.
— Сынчыл ой жүгүртө билүү.
— Медиа жана маалымат жаатында сабаттуулукка үйрөнүү.
— Манипуляцияга, пропагандага алданбоо.
— Өз чөйрөңдө маалыматтык жана медиасабаттуулукту өнүктүрүү.
— Маалыматтык жана медиасабаттуулукту илгерилетүү боюнча коомдук кампанияларга катышуу.
— Маалыматтык жана медиасабаттуулук боюнча калктын ар кандай тобуна сабактарды, тренингдерди өтүү.
— ММС принциптерине, адам укуктарына, журналистиканын этикалык нормаларына жана журналистиканын эл аралык стандарттарына негизделген продуктуларды жаратуу жана таркатуу.

4. САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Мен эмне билдим? Эмнеге үйрөндүм?

Сабакты жыйынтыктоо этабында «Анаграмма» көнүгүүсүн аткарууну сунуштайбыз.

«АНАГРАММА» КӨНҮГҮҮСҮ

Керектүү материалдар: фразанын басып чыгарылган тамгалары:

«Б-И-З К-А-С-Т-Ы-К Т-И-Л-И-Н-Е К-А-Р-Ш-Ы-Б-Ы-З! Б-И-З Т-Ы-Н-Ч-Т-Ы-К Т-И-Л-И-Н Т-А-Н-Д-А-Й-Б-Ы-З!»

Тамгалардын көлөмү А4 барагына 4 тамга баткандай болушу керек. Тамгаларды кесип, аралаштырып коюу керек.

Сабакты жүргүзүү методикасы.

Ар бир студент өзүнө үчтөн ашык эмес тамга тандап алат, андан соң мугалим студенттерге 3 мүнөт убакыт берип, бул курстун сабактарынан эмнелерди биле алышты, курс эмнеге арналган, өзүлөрүнүн күтүүлөрү кандай болгону, кандай темалар талкууланганын жана бул процессте алар үчүн эмне маанилүү болгону туурасында ой жүгүртүүнү сунуштайт. Андан кийин алган ар бир тамгага карата курстан алган таасирлерине байланышкан же курсту мүнөздөгөн фраза же сөз жазышат. Ар бир студент өз ишинин натыйжасы менен тааныштырган соң, мугалим курстун 6 сабагынын тең маанисин чагылдыра турган бир жалпы фраза түзүүнү сунуштайт.

Информационный обзор

«КАСТЫК ТИЛИН» АНЫКТООНУН МЕТОДДОРУ, ИНСТРУМЕНТЕРИ

«Кастык тилинин» таркоо чөйрөсү, курстун буга чейинки сабактарынан ынангандай, өтө эле кеңири: мындай тилдин лексикасы расмий-ишкердик коммуникацияда да (саясатчылардын же коомдук ишмерлердин сөзүндө), кесиптик чөйрөлөрдө да (мисалы, журналисттердин, академиялык, педагогикалык, эксперттик коомчулуктун өкүлдөрүнүн социалдык тармактардагы билдирүүлөрү), жана ошондой эле күнүмдүк тиричиликте да (үй-бүлөдө, жубайлардын, балдардын, кесиптештердин сүйлөшүүсүндө, көчөдөгү, транспорттогу формалдуу эмес баарлашууда ж.б.) кездешет. «Кастык тили» бир гана «сары» деп аталып калган прессада гана эмес, ошондой эле кадыр-барктуу, сый-урматка ээ медиада да орун алган. «Кастык тилинин» кооптуулугу айтпаса да түшүнүктүү. «Кастык тили» бир эле демократия баалуулуктары, адам укуктары, толеранттуулук жана маданияттар аралык диалог үчүн гана кооптуу эмес. Ал жек көрүүчүлүктүн айынан адамдарды конкреттүү кылмыштарга түрткөнү менен коркунучтуу.

Кастык тилин иликтөөчү Ю.В. Щербинина белгилегендей, «кастык тили» *«билинбей отуруп заманбап коммуникациянын универсалдуу тилине айлануда, күнүмдүк тиричилик деңгээлинен тездик менен өсүп, социалдык жалпылоо деңгээлине көтөрүлүп барат, аймагы жана чеги жок, анткени бардык кептик мейкиндикти камтыйт, коммуникациянын бардык чөйрөсүн басууда»*. Мунун себебин автор *«ааламдашуу шартында этностор менен чек аралардын чеги жуулуп, бирдейлик жоголуп, айырмачылыктар жаксыздандырылып бара жатканы»* менен түшүндүрөт.

Жаштар трансляторго айланбай, «кастык тилинин» алып жүрүүчүлөрү болбой, «кастык тилинин» тузагына илинбей жана курмандыгына айланбай кое алабы? Кандай жол менен өзүбүздүн коммуникациядан мындай тилдин пайда болушун болтурбай коё алабыз? Лингвистика, медиа, коммуникация, укук жаатында эксперт болбой туруп, канткенде «кастык тили» таанып, алдын алып, жоготууга болот? Негизи эле эмне үчүн «кастык тилин» аныктай билүү, тааный билүү (көрүү, угуу) маанилүү?

Биринчиден, «кастык тилине» этносу, дини, сексуалдык жана гендердик өзгөчөлүгү, жаш курагы, билими, макамы, жашаган жери ж.б. карабай ар бир адам туш болушу мүмкүн.

Экинчиден, «кастык тилинин» өзүнө тиешелүү лексикалык каражаттарынын тобу болот, б.а. бул түз, ачык же көмүскө түрдө кептик агрессияны, негативдүү баа берүүнү камтыган сөздөр,

фразалар. 2018-жылы сентябрь айында кыргызстандык ырчы кыз Зере өзүнүн «Кыз» аттуу ырына клип чыгарган. Ырында ал кыздарга кандай жашаш керектигин таңуулабагыла деп айтат. Социалдык тармактардын колдонуучуларынын арасынан аны сынга алгандар да аз эмес болду: сырткы келбети, кийингенинен тартып, денесине залака келтирүү боюнча да коркутуулар орун алды.

«Кастык тилин» иликтөөчүлөрдүн ою боюнча, заманбап тил илиминде «кастык тилине» киргизе турган лексикалык каражаттардын эки тобу бар. Бул сөздөр бардык тилде бар. Биринчи топко терс баа берүүнү камтыган лексикалык каражаттар кирет: стилистикалык жактан төмөндөтүлгөн лексика, окказионалдык сөздөр, агрессивдүү метафора ж.б. Экинчи топту дискурсивдүү каражаттар түзөт, мисалы, негативдүү маалыматты тенденциялык мүнөздө колдонуу, шылдыңга өтүүчү ирония ж.б.

Социалдык тармактагы кыска пост болобу, саясий плакатпы, журналисттин материалыбы, саясатчынын, коомдук ишмердин эл алдындагы сөзүбү, катардагы жарандын ашканада айтылган сөздөрүбү, айтор мындай лексиканы билүү, аны кандай текстте болбосун көрө билүү, окуй билүү, уга билүү жөндөмү биздин «кастык тилине» туш болгонубузду түшүнүүгө жана ага туура жооп кылууга жардам берет.

Үчүнчүдөн, «кастык тилин» алдын алуу методдору биз бул курстун жүрүшүндө үйрөнгөн «кастык тилинин» классификациясынын негизинде түзүлөт.

Эгер биз кандайдыр бир зомбулукту актоону же түздөн-түз зомбулукка же дискриминацияга чакырыкты, жалпы лозунгдар аркылуу змобулукка же дискриминацияга чакырыкты, ошондой эле көмүскө түрдө змобулукка же дискриминацияга чакырыкты угуп жатсак, көрүп жатсак же окуп жатсак, анда биздин алдыбызда «кастык тили» турат. Мисалы бүгүнкү күндө кыз-келиндерге катыштуу зомбулук жөнүндө социалдык тармактардагы, журналисттик публикациялардын алдындагы комментарийлерде «өзү күнөөлүү» деген мүнөздөгү популярдуу комментарийди көп кезиктирүүгө болот. Мындай кептик түрмөктөр «кастык тилинин» көрүнүшү болуп саналат, анткени ал зомбулукту актап жатат.

Башка мисал. Тажик интернет-сегментинде тажик-кытай ишканасында кытай жараны каза тапканы талкууланганда комментаторлор төмөнкүдөй фразаларды колдонгонго жол беришти: «Алар кара жумушчулар эмес, адистер, анан калса бул завод кытайдын акчасына салынган», «Адистер жергиликтүү калктан даярдалышы керек». Бул учурда «кастык тилине» белгилүү бир этноско таандык адамдардын бүтүндөй бир тобу кабылып отурат.

Азыркы учурда айрым бир саясатчылардан же катардагы жарандардан тарыхый мүнөздөгү зомбулук же дискриминация окуяларын актаган сөздөрдү же бул же тигил этникалык топту кылмыштуулукка жакын деп белгилеген сөздөрдү көп эле кезиктирүүгө болот. Бул да «кастык тилине» кирет. Кандайдыр бир социалдык, жарандык топторду каралоо максатында чет өлкөлүк жарандык, саясий жана мамле-

кеттик түзүмдөр менен байланышы бар деп көрсөтүү да «кастык тили» болуп саналат. Буга байланыштуу кыргызстандык кейсти эске салууга болот, мамлекеттик жана жергиликтүү саясатчылар жарандык уюмдарды жана жарандык коомдун айрым лидерлерин, укук коргоочуларды «чет өлкөлүк агент» деп аташкан. Бул божомолду ММКлар улантып, натыйжада Кыргыз Республикасынын жарандык секторун каралоого алып келди.

«Кастык тилине» кайсы бир этникалык топтун материалдык жактан камсыздыгы боюнча өлчөмдөш эмес артыкчылыгы, бийлик түзүмдөрүндөгү саны ж.б. туурасындагы ой-пикирлер; кайсы бир социалдык топту жалпы коомго, мамлекетке терс таасир тийгизип жатат деп айыптоолор да кирет.

Бүгүнкү күндө ММКлардагы популярдуу фраза «коронавирус — кытай вирусу» деген да «кастык тилине» кирет. Мындай билдирүү логикалык түрдө баарына кытайлар күнөөлүү деген бүтүмгө алып келет, бирок вирустун улуту жок. Буга байланыштуу азыр дүйнөдө азиат түспөлдүү адамдарды кодулоо жүрүүдө.

«КАСТЫК ТИЛИ» МЕНЕН КҮРӨШҮҮ МЕТОДДОРУ, ЖООП КЫЛУУ ИНСТРУМЕНТТЕРИ

Азыр биздин айрым ММКлардан зомбулук лексикасынан, мазактаган терминдерден жана алдын ала ынанымдардан кантип оолак болууга боло турган мисалдарды кезиктирүүгө болот. Мисалы, өлкөдөгү айрым ММКлар ЛГБТ-коомчулугунун жашоосу, майыптыгы бар адамдар туурасында сылык-сыпаа материалдароды чагылдырып келишет. Тилекке каршы, бул борбордук ММКларга гана тиешелүү. Региондордо мурдагыдай эле абал көңүл жубатарлык эмес. Мунун себептеринин бири регионалдык журналистердин атайын даярдыктарынын жоктугу.

Интернет-журналистика жана социалдык тармактарга катыштуу кырдаал андан да татаалыраак. Бул жерде дагы деле «кастык тили» көп санда жолугат. «Кастык тили» менен кантип күрөшүүгө болот жана ага кандай жооп кылуу керек?

Биринчиден, эстен чыгарбоо керек, бүгүнкү күндө «кастык тилин» таап жана аны менен күрөшкөн онлайн-сервистер жана алгоритмдер бар. Кыргыз Республикасында 2020-жылы hatespeech.kg сайты иштелип чыккан, анда жергиликтүү ММКлар тарабынан «кастык тилин» колдонуу боюнча жүргүзүлгөн анализ сунушталган. Бул сервистин жардамы менен каалаган текстти «кастык тилине» карата текшерип алса болот. Сайтта атайын жарандарга, айрыкча журналистерге жардам катары «Текшерүү» деген функция киргизилген. Ошондой эле, текшерүүдөн кийин тексттин тоналдык деңгээлин тастыктаган сөздөрдүн тизмеси берилет.

Экинчиден, чындыкка дал келген маалыматты фейктен ажырата билүүгө үйрөнүү керек. Бүгүнкү күндө биздин өлкөлөрдө ММКларда да, соцтармактарда да фейк маалыматтардын пайда болушун алдын алуу максатында журналисттер тарабынан түзүлгөн маалыматтарды текшерүү боюнча онлайн-сервистер иштейт. Андан тышкары, бул ресурстар каалагандардын бардыгы үчүн маалыматты текшерүү көндүмдөрүнө ээ кыла турган тернинг жана семинарларга катышууга да жол берет. Маалыматты текшерүү боюнча factcheck.kz/ онлайн-ресурсу биринчи жолу Казакстан Республикасында 2017-жылы пайда болгон.

Бир жылдан кийин, 2018-жылы Кыргыз Республикасында — factcheck.kg иштеп баштаган. Андан соң мындай ресурстар Өзбекстан жана Тажикстан Республикаларында пайда болду. Бул ресурстардын бардыгы International Fact-Checking Network (IFCN) эл аралык фактчекинг тармагынын мүчөсү болуп саналат.

Маалымат менен иштөөдө, бул журналисттик материал болсун же соцтармактагы публикация болсун, ар бир адам фактыны пикирден айырмалай

билүүсү керек. Бул да «кастык тилине» каршы туруунун бир куралы болуп саналат. Ар бир колдонуучу, маалыматтын керектөөчүсү эсинен чыгарбашы керек, «кастык тилинин» бул же тигил кептик каражаттарын колдонуу атайлап жасалышы мүмкүн (кандай мүнөздө болбосун кастыкка максаттуу түрдө чакыруу) жана ойлонулбай жасалышы мүмкүн (мисалы, журналисттин кептик каражаттарды тандоодогу этиятсыздыгы). Иликтөөчү Г.В. Кожевникованын ою боюнча, журналисттердин катачылыктарынын типологиясы төмөндөгүдөй:

— Журналисттик шалаакылык,
— Одоно баш сөз же анонс,
— Стилистикалык «азгырыктар»,
— Социалдык көйгөй менен этникалык риториканын аралашып калышы,
— Этникалык принциптин негизинде жарандыкты тануу ж.б.

Мындай кептик шалаакылык да «кастык тилине» алып келиши мүмкүн.

«Кастык тили» интернет-мейкиндикте өтө көп экенин биз эскертип өттүк. Мындай лексикага каршы турууга болот. «Артикль 19» эл аралык өкмөттүк эмес уюмунун «Интернеттеги «кастык тилине» кантип каршы туруу керек» деген маселе боюнча кыскача кеңештери менен таанышып алгыла .

ИНТЕРНЕТТЕГИ «КАСТЫК ТИЛИНЕ» КАНТИП КАРШЫ ТУРУУ КЕРЕК: КЫСКАЧА КЕҢЕШТЕР

— Жек көрүүчүлүк тилинен жапа чеккендерге колдоо көрсөткүлө. Аларды колдогон комментарийлерди калтыргыла, тилектештигиңерди көрсөткүлө.
— Аргумент келтиргиле. Тармакта жалган мифтер, адамдар жөнүндө стереотиптер таратылышы мүмкүн. Бул жалган экени көпчүлүк адамдардын оюна да келбеши мүмкүн, бирок мифтерди факт аркылуу төгүндөгөнгө болот.
— Толеранттуу жана токтоо болгула. Кайра жек көрүүчүлүк тили менен, мазактоо менен жооп кайтарууга өзүңөргө жол бербегиле. Токтоо болгула, же соцтармактагы мындай дискуссияларга көңүл бурбагыла.

Үчүнчүдөн, «кастык тилине» маалымат жайылтуу аркылуу каршы турууга болот. Мисалы, бир текст окудуңар же сюжет көрдүңөр, анда «кастык тили» бар экенин көрдүңөр: одоно лексика, стереотиптер, стигматизация жана дискриминация, — бул турасында журналистке, редакторго, посттун авторуна жазып, тексттин негативдүү тоналдыгына көңүл бурдуруу керек, өз пикириңерди «тынчтык тилинде» билдирүү зарыл. Ушундай жол менен адамдар «кастык тилин» көбүрөөк байкап, ага көбүрөөк көңүл бура башташат. Ушун-

дай жол менен «кастык тилине» кабылган коомчулук көзгө көрүнүп, ММКлар болсо акырындык менен алардын аудиториясында да азчылыктар бар экенин, демек аларды мазактоого жол бербеш керек экенин түшүнө башташат. Биз көп эле кездештиребиз, журналисттердин белгилүү бир жашаган жери жок адамдар жөнүндөгү одоно макалаларын («бомж» деген сөз негативдүү түскө ээ), же майыптыгы бар адамдар туурасында, же ЛГБТ-коомчулугунун өкүлдөрү жөнүндө, же эмгек мигранттары туурасында да журналисттер «гастарбайтерлер» деп көп аташат.

ММКларда «кастык тилин» болтурбоо үчүн журналисттер дайыма өзүн өнүктүрүп туруусу керек: адатка айланган лексикасын өзгөртүп, сыпайы лексикага үйрөнүү, журналистиканын этикалык принциптерин карманууу. Журналистика бийликтин маанилүү институтунун бири катары, «кастык тилинин» адамдардын мээсинде, аң-сезиминде орун алышына каршы турушу керек. Ушундай жол менен гана, жарандык коом менен мамлекеттик бийликтин өнөктөштүгүнүн аркасында мектептер, коллеждер, университеттер менен биргеликте медиа жана маалыматтык сабаттуулукту илгерилертүү аркылуу коомдогу чыңалууну, кептик агрессияны жеңип жана аны алдын алууга болот, бул өз кезегинде биздин аймактын көп улуттуу мамлекеттеринин бүтүндүгүн жана биримдигин бекемдейт.

Медиа жана маалыматтык сабаттуулук жаатындагы дээрлик бардык эл аралык жана улуттук эксперттердин пикири бир, «кастык тилине» жоп кылуунун жана аны менен күрөшүүнүн эң мыкты амалы — бул калкка үзгүлтүксүз түрдө билим берүү, агартуу иштери менен алектенүү.

«Жек көрүүчүлүк тилине» каршы күрөшүүнүн башка амалдары:

— Эркиндикке, теңчиликке, дискриминациясы жашоого болгон укук сакталган чөйрө түзүү;
— ММКлардын теңчилигин жана көп түрдүүлүгүн камсыздоо;
— Терсаяктыкка каршы жарандардын ачык эл алдында сүйлөө мүмкүнчүлүгү.

«Артикль 19» эл аралык өкмөттүк эмес уюмунун жек көрүүчүлүк риторикасы боюнча эксперти Йоанна Шиманьска кыргызстандык ММКларга берген интервьюсунда мындай деп белгилеген, *«кастык тилине» каршы күрөштө мамлекеттин жардамы абдан маанилүү».*

Культуролог Оксана Мороз «Пост-Наука» сайтындагы видео-лекцияларынын биринде угармандары менен «кастык тилине» каршы кантип күрөшүү боюнча ой-пикири менен бөлүшкөн: «*Дүйнө жүзүндө hate speech көрүнүштөрүнөн адамдарды кантип коргоо керектиги боюнча негизги эки амал бар. Биринчиси начар иштейт, натыйжалуулугу да төмөн, бул коомдук тартипти тескөө аракети менен байланыштуу, коммуникацияны жана коомдук жүрүм-турумду калыпка салуу, адамдарга жек көрүү турсун, мазактоо ниетин билдирүүгө да тыюу салынат. Бул нерсе жакшы иштебейт, анткени кайсы бир айтылган сөз ушунчалык көп сандаган адамдарга таасир эткенин далилдөө өтө оор. Б.а. бул учурда айрым бир айтылган сөзгө өзүнчө баа берүү кыйын, ал болуп жаткан окуялардын ачыктуулук*

жана саясий мүнөзүнө анча деле таасир эте албайт. Экинчи жагынан алганда, жалпыга ачык мейкиндикти толук тескөө эмес, белгилүү бир сандагы адамдарды мазактоолордон, алардын ар-намысына шек келтирген ар кандай кылмыштардан коргоо аракети бар».

«Кастык тилинин» кандай түрү болбосун коргонуунун маанилүү куралы болуп медиа-маалыматтык сабаттуулук (ММС) эсептелет. Медиа-маалыматтык сабаттуулук жана маалыматтык маданият деңгээли жетиштүү болгон ар бар жаран терс таасирлерден өзүн гана эмес, өзүнүн айланасындагыларды, коомду, мамлекетти, дүйнөнү да коргой алат. Күндөн күнгө маалыматтын, анын ичинде санариптик маалыматтын адамга карата таасири өсүүдө.

ЮНЕСКОнун 2007-жылы сунуштаган медиа-маалыматтык сабаттуулук (ММС) боюнча комплекстүү түшүнүгү бүгүнкү күндө санариптик дүйнөдөгү адамдын фундаменталдык укугу болуп саналат. Буга чейин сөз болгон ошол эле фактчекинг, ошондой эле маалыматты эч кимге зыян келтирбестен туруп, жогорку жигердүүлүк менен, мыйзамдык жана этикалык нормаларга ылайык, адам укуктарын сактоо менен окуу, анализдөө, баалоо, пайдалануу, жаратуу жана таркатуу медиа-маалыматтык сабаттуулуктун (ММС) негизги инструменти болуп саналат жана бул XXI кылымдагы эң керектүү жөндөм.

«Кастык тилинен» оолак болуп, аны түп-тамырынан бери жок кылып, тилибизде алып салууга, «тынчтык тилине», диалогго айлантууга болот. Жөнөкөй эмес темалар менен маселелерди талкуулоо учурунда да бул мүмкүн. Россиялык чыгаан филолог С. Тер-Минасова мындай дейт: «*Тилдик сыпайылык инсандын сезимдерине жана ар-намысына шек келтире турган, одоно жана/же бетке чабар тилдик адаттар менен адамдардын укуктарын басмырлаган сөздөрдүн ордуна жаңы тил каражатарын табууга умтулуу менен аныкталат...*». Жана ар бирибиз Адам укуктарынын жалпы Декларациясынын биринчи беренесинде айтылган бардык адамдардын теңчилиги боюнча негизги принципти дайыма эсибизге түйүшүбүз керек: «*Бардык адамдар эркин жана тең укуктары жана нарк-касиет менен жарык дүйнөгө келет. Алар аң-сезимдүү жана абийирдүү жана бири-бирине боордош мамиледе болууга тийиш*». Бул принцип биринчи даражадагы маанилүүлүккө ээ болгон акыйкаттык жана теңчилик принцибинин негизин түзөт.

Кошумча материалдар

1. Веб-сайт Hate Speech Кыргызстан. // URL: http://hatespeech.kg/about

2. Метин Джумагулов. Кастык тили. Бул эмне жана эмне үчүн баарыбызга тийиштүү экенин талдайбыз. [Электрондук ресурс Kloop.kg]. // URL: https://kloop.kg/blog/2018/12/18/hate-speech/

3. Article 19. «Разъясняя «кастык тили»: Практикалык колдонмо. 2015-жылдагы редакция. — Лондон, 2019.

4. Оксана Мороз. Феномен hate speech. [Электрондук ресурс «ПостНаука»]. // URL: https://postnauka.ru/video/68876

5. FACTCHECK.KZ — Казакстан Республикасынын маалыматтарды текшерүү боюнча онлайн-ресурсу. // URL: https://factcheck.kz/

6. FACTCHECK.KG — Кыргыз Республикасынын маалыматтарды текшерүү боюнча онлайн-ресурсу. // URL: https://factcheck.kg

7. FACTCHECK.KG —Тажикстан Республикасынын маалыматтарды текшерүү боюнча онлайн-ресурсу. // URL: https://factcheck.tj

8. Кыргыз Республикасынын журналисттеринин этикалык Кодекси. [Электрондук ресурс «Журналисттер» КБ]. // URL: https://journalist.kg/ru/codex/

Булактардын тизмеси

1. Верховский А.М. Язык мой… Проблема этнической и религиозной нетерпимости в российских СМИ / А.М. Верховский. — М.: РОО «Центр ‘Панорама’», 2002. — 200 б.

2. Евстафьева А. В. «Язык вражды» в средствах массовой информации: лингвистические и экстралингвистические факторы функционирования / А. В. Евстафьева: автореф. дис.... филол...ил... канд. — Тамбов, 2009. — 26 б.

3. Кроз М.В., Ратинова Н.А. Экспертная оценка материалов, направленных на возбуждение вражды и ненависти / М.В. Кроз, Н.А. Ратинова. // Цена ненависти. Национализм в России: сб. ст.; түз. А. Верховский. — М.: Центр «Сова», 2005. — С. 75 –92.

4. Чепкина Э. В. Все как один: язык согласия в корпоративной прессе / Э. В. Чепкина. // Урал мамлекеттик университети. — 2006. — № 40. — С. 136– 146.

5. Щербинина Ю.В. Речевая агрессия. Территория вражды / Ю.В. Щербинина. — М.: Форум, 2012. — 400 б.

ТИРКЕМЕ

1-тема.
"Кастык тили": формалары, белгилери, жиктемеси, негизги түшүнүктөр

Теориялык тесттер:

1. Европа Кеңешинин Министрлер комитети берген "кастык тилинин" аныктамасын тандаңыз (туура жооп кыскартылган түрдө берилген):

- ☐ «Кастык тили» - өз пикирин билдирүүнүн бардык формалары, алар расалык жек көрүүчүлүктү, ксенофобияны, антисемитизмди же сабырсыздыктын негизиндеги жек көрүүчүлүктүн башка түрлөрүн жайылтууну, көкүтүүнү, түрткү берүүнү же актоону камтыйт.
- ☐ «Кастык тили» бул Интернетте же күнүмдүк жашоодо камтылган уят сөздөр.
- ☐ «Кастык тили» - мамлекеттин коопсуздугуна, анын бүтүндүгүнө жана конституциялык түзүлүшкө каршы багытталган сөздөрдүн бардык түрлөрү.

2. А.М. Верховскийдин жиктемеси боюнча "кастык тилинин" кандай түрлөрүн билесиз?

- ☐ «*Катаал кастык тили*» зомбулукка же басмырлоого түз жана түздөн-түз чакырыктарды түшүндүрөт;
- ☐ «*Агрессивдүү кастык тили*» оппоненттердин дарегине терс лексиканы жана кемсинтүүчү сөздөрдү гана колдонууну, ар кандай форматтарда жана түрлөрдө фейк маалыматты колдонууну түшүндүрөт;
- ☐ «*Орточо кастык тили*» басмырлоонун жана зомбулуктун тарыхый окуяларын актоону түшүндүрөт;
- ☐ «*Нейтралдуу кастык тили*» терс лексиканы түз колдонуусуз, жабык лексиканы, кастыкты, жек көрүүчүлүктү, кемсинтүүлөрдү билдирүүнүн ар кандай вербалдуу эмес ыкмаларын түшүндүрөт;
- ☐ «*Жумшак кастык тили*» этностук топтун терс образын түзүүнү түшүндүрөт; этностук топтун аталышын кемсинтүүчү өңүттө айтуу;;

3. Тизмеден "Сова" МАБ шкаласынан "кастык тилинин" белгилерин тандаңыз:

- ☐ өз пикирин коомдук мейкиндикте айтуу;
- ☐ зомбулук объектин көрсөтүү менен, конкреттүү кырдаалдагы зомбулукка чакырыктар
- ☐ басмырлоого чакырыктар, анын ичинде жалпы ураан түрүндөгү чакырыктар;
- ☐ башка адамдын же адамдардын тобунун дарегине жаргондук лексиканы колдонуу;

Практикалык тесттер

1. Төмөндөгү туюндурмалар “кастык тилине” киреби? Эгерде кирсе, кандай белги боюнча экенин аныктаңыз (*жооптор тапшырма аяктагандан кийин калкып чыгат*)**:**

- ☐ «Бул кыз зордукталганына өзү күнөөлүү! Ал жеңил ойлуу кыз экенин баары билишет». (Ооба – зомбулукту алгылыктуу каражат менен жарыялоо, ага карата зомбулуктун себебине курмандыкты айыптоо).
- ☐ «Биз аларга өлкөбүздө баш калка бердик, жаманчылыкта жардам кылдык, ал эми алар бизге зомбулук менен жооп кылышты, алар саткынчылар жана бизге бир тууган эмес!» (Ооба – тексттин же анын фрагментинин тиешелүү тону менен берилген этностук же диний топтун терс образы).
- ☐ «Бул билимсиз, жапайы көчмөндөр окуганды билишпейт, талап-тонгонду жана өлтүргөндү гана билишет!” (Ооба – тигил же бул Этностук же диний топтун начардыгы жөнүндө билдирүү (маданияттуулуктун, интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүнүн жетишсиздиги, жаратман эмгекке жөндөмсүздүк).

2. Кайсы сөз айкаштарында “кастык тили”, ал эми кайсыларында – пикирин билдирүү бар экенин аныктагыла?

- ☐ «Бул бандиттер өздөрүн шаарда кожоюндай алып жүрүшөт». (Жок – бул пикир)
- ☐ «Орто Азиядан чыккан бул чуркалар биздин жерди каптап кетишти, алар көйгөй гана жаратышат!» (Ооба – этностук же диний топту же анын өкүлдөрүн басынтуучу же кемсинтүүчү контекстте айтуу).
- ☐ «Мен бул иштермандарды жек көрөм! Алардын айынан баарыбыз кеңседе көпкө тыгылып отурганга туура келет. (Жок – иштермандан бул адамдар тобунун корголбогон мүнөздөмөсү)
- ☐ Менимче, дүйнө кыйрап жок болот – “көгүштөрдүн” айынан адамдар өлүп жоголот! (Жок – бул пикир).

3. “Кастык тилинин” түрүн аныктаңыз – жумшак, орточо, катаал:

- ☐ «Аял дагы президент боло алмак беле?». - «Жумшак».
- ☐ «Биздин байлыкты талап тоноону каалаган кытайлардын баарын өлкөдөн кууп чыгыш керек! Бул жердеги заводдорунун баарын өрттөп салуу керек!» - «Катаал».
- ☐ «Албетте, демейдегидей эле, кавказ улутундагы адамдар күнөөлүү болгон!» - «Орточо».

2-тема.
Сөз эркиндиги vs «кастык тили»

Теориялык тесттер:

1. “Сөз эркиндигинин” кайсы туюндурмасын сиз туура деп эсептейсиз? Жоопту тандаңыз:

- ☐ Сөз эркиндиги – ар бир жарандын мыйзам менен корголгон анын тууралыгын текшерүү милдеттенмеси жок каалаган маалыматты эркин жайылтуу укугу.
- ☐ Сөз эркиндиги — адамдын өз пикирин карманyy, маалыматты жана идеяны бийлик тарабынан кандайдыр бир кийлигишүүлөрсүз жана мамлекеттик чек аралардан көз карандысыз эркин алуу жана жайылтуу укугу.
- ☐ Сөз эркиндиги – ар бир жаран үчүн мамлекеттик органдардын, бизнес-компаниялардын, саясат, дин, маданият жана искусство чөйрөсүндөгү барктуу адамдардын үгүттөө билдирүүлөрүн ыктыярдуу жайылтуу мүмкүнчүлүгү.

2. Эл аралык укукта кайсы документ ар бир адамдын сөз эркиндигине укугун коргойт? Туура жоопту тандаңыз:

- ☐ Адам укуктарынын жалпы декларациясы (АУЖД).
- ☐ Адам укугу жөнүндө эл аралык пакты (АУЭП).
- ☐ Жарандардын жалпы укуктары жөнүндө (ЖЖУХ).

3. Кайсы документтер “пикирин эркин билдирүү” укугун сактоо менен “кастык тили” үчүн чекти кантип аныктоо керектигине жардам берет?

- ☐ Рабат иш-аракеттер планы, БУУ калкасында иштелип чыккан.
- ☐ Пайдалануу жана сактоо тыюу салынган экстремисттик адабияттык тизмеси, КМШ өлкөлөрүнүн коопсуздук боюнча жыйыны тарабынан иштелип чыккан.
- ☐ Пикирин билдирүү эркиндиги жана теңдик боюнча Кемден принциптери, Article 19 тарабынан иштелип чыккан.
- ☐ ӨЭУ ишмердигин жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын жыйнагы, УИА ИИИ иштеп чыккан.

Практикалык тесттер:

1. Пикирин билдирүү эркиндиги үчүн санкцияларды колдонууда укук коргоо органдарында кандай негиздер болушу мүмкүн (БАда ММКга жана соцтармактарга мониторинг жүргүзүү жыйынтыктары боюнча):

- ☐ «Өзгөчө абал шарттарында атайлап жалган маалыматты жайылтуу».
- ☐ Өлкөнүн эркек саясатчыларына каршы багытталган эл алдында чыгып сөз сүйлөө.

- ☐ Контентти “элдин улуттук менталитетине карама-каршы” катары цензурага алуу.
- ☐ Коомдо улуттар ортосунда жана региондор ортосунда араздашууну тутандыруу.

2. Рабат иш-аракеттер планынын тестине ылайык, “кастык тилин” аныктоодо ушул айтылган сөздөрдө кандай критерийлерди белгилөөгө болот:

Миңдеген шайлоочулардын алдында сөз сүйлөп жатып президенттикке талапкер АБС билдирди: «Эгерде коңшу эл бизге тоскоолдук кылууга бел байласа, биз алар ар бир айткан сөзүнө жана аракетине өкүнгөндөй, болгон куч-кубатыбыз менен жооп кылабыз! Эч кандай ырайым болбойт!»

- ☐ Оратор
- ☐ Ниет
- ☐ Географиялык жайгашуусу
- ☐ Жарыя деңгээли

3. Бул ой пикирин билдирүү эркиндигинин же “кастык тилинин” көрүнүшү болуп саналабы:

«Эгерде америкалыктар улут катары өлүп жоголсо, же Штаттар суунун астында калса, жанар каптап калса, калган бүтүндөй дүйнө эркин дем алат жана ыракмат гана айтат».

- ☐ Ооба
- ☐ Жок

3-тема.

«Кастык тили» жана укук улуттук жана эл аралык мыйзамдарда. Басмырлоо коомдук дискурста жана пикир эркиндиги жана аларды эркин билдирүү укугу

Теориялык тесттер:

1. Туура аныктаманы тандаңыз – эл аралык укук деген эмне?

- ☐ Бул мамлекеттер аралык мамилелерди жөнгө салган ченемдердин жыйындысы, ошондой эле эл аралык келишимдер жана мамлекеттер тааныган каадалар эл аралык укуктун булактары болуп саналат.
- ☐ Бул ТИМ жана мамлекеттин чет өлкөлөрдөгү элчиликтери алардын иштөөсүн жакшыртуу үчүн түзгөн бардык келишимдер.

2. Эл аралык укук боюнча басмырлабоо принциби үч курамдык бөлүктөн турат, сунушталгандардын ичинен туура 3 курамдык бөлүктү тандаңыз:

- ☐ адамга же адамдар тобуна каршы бардык айырма, четтетүү, чектөө же артыкчылык,
- ☐ адам укуктары жаатында эл аралык укук менен таанылган, корголгон мүнөздөмөгө негизделген,

- ☐ өз максатына же адам укуктарын жана саясый, экономикалык, социалдык, маданий жана коомдук жашоонун башка жактарындагы негизги эркиндиктерин тең баштарышта жок кылуу, же таанууну азайтуу, пайдалануу же жүзөгө ашыруу кесепетине ээ,
- ☐ мамлекетте башкача ой жүгүртүүнү басуу максатына ээ.

3. Улуттук коопсуздук бул (туура жоопту тандаңыз):

- ☐ Жарандардын мамлекеттик маанилүү объекттерге – маморгандардын имаратына, мамкызматчылардын үйлөрүнө, автоунаасына жана алардын менчигинин башка түрлөрүнө жетүү мүмкүндүгүн чектөө үчүн шарттарды камсыздоо.
- ☐ Адамдын, коомдун жана мамлекеттин өтө маанилүү кызыкчылыктары тышкы жана ички коркунучтардан корголгондугу кепилденген абал.
- ☐ Алардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучтардан коргоо үчүн мамлекеттик органдардын жетекчилеринин, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жакындарынын коопсуз иштөөсү жана эс алуусу үчүн шарттарды түзүү.

Практикалык тесттер:

Ар бир блокто башка блоктон аргументтер бар, аларды аныктаңыз:

1. Коомдогу 100% сөз эркиндигинин позитивдүү жактары жана сөз эркиндигин чектөөлөргө каршы аргументтер:

- ☐ Бийликти сынга алуу
- ☐ Коомдогу көйгөйлөр жөнүндө эркин талкуулоо
- ☐ Бийликтин айкындуулугу, жарандарга отчеттуулук
- ☐ Коомдогу тез-тез болуучу чыр-чатактар, жалпы туруксуздук.

2. Коомдогу 100% сөз эркиндигинин негативдүү жактары жана сөз эркиндигин чектөөлөрдүн пайдасына аргументтер:

- ☐ Ачык мейкиндикте жаман лексиканы кеңири жайылтуу
- ☐ Рейтингдин артынан түшүп ММК жаңжалдарды, фейктерди колдонот, этикалык стандарттарды бузат
- ☐ Бийлик бир колдо топтолуп жана элди ар дайым катуу контролдоо керек.
- ☐ Саясый атаандаштык, эркиндик жана шайлоо процессинин чынчылдыгы.

3. Кемсинтүү бул инсанды же адамдын тышкы түрүн, анын сапатын, жүрүм-турумун белгиленген жүрүм-турум эрежелерине жана жалпы адамзат моралына карама-каршы келген формада негативдүү баалоо. Төмөндөгү туюндурмалар кемсинтүүбү аныктаңыз:

- ☐ «Бүтүк көз жапайылар» (монголоид расасындагы адамдар жөнүндө).
- ☐ "Тойбогон жырткыч" (коррупционер атка минерлер жөнүндө).
- ☐ "Мигрант-Джамшут" (скетч-шоу каарманынын атынан БАдан чыккан эмгек мигранттары жөнүндө)
- ☐ Унчукпаган кул (авторитардык режимдеги мамлекеттердин калкы).

4-тема.

«Кастык тили» Борбор Азия өлкөлөрүндөгү заманбап салттуу жана жаңы медиада

Теориялык тесттер:

1. Чыр-чатак деген эмне? Туура туюндурманы тандаңыз:

- ☐ Чыр-чатак ар кандай позициялардын, көз караштардын, дүйнө таанымдын, адамдар ортосундагы карама-каршылыктын кесепети.
- ☐ Чыр-чатак бул адамдын же адамдар тобунун дарегине эч негизсиз сөз агрессиясын билдирүү.
- ☐ Чыр-чатак бул алардын бириники туура болгондо, бир индивиддин башкалар менен негизсиз талашуусу.

2. Кайсы ММК салттуу деп аталат? Тизмеден тандаңыз:

- ☐ Гезиттер, журналдар, ТВ, радио.
- ☐ Интернет-басылма, спутник ТВ, кабельдик каналдар.
- ☐ ТВ, радио программаларды алып көрсөтүү үчүн эскирген жабдуу.

3. Виртуалдык же маалыматтык согуш деп эмнени аташат? Туура жоопту тандаңыз:

- ☐ Окуяны сапаттуу жана ишенимдүү чагылдыруу максатында аскердик операциялар, куралдуу чыр-чатактар орун алган жерлерде журналисттердин болушу.

- ☐ Оппонентти, каршылашты ашкерелөө, анын беделин төмөндөтүү, өз позициясын илгерилетүү, аудиториянын көзүнчө өзүнүн беделин көтөрүү үчүн ММКны, “троллдор фабрикасын”, пропаганда жана үгүт методдорун колдонуу.
- ☐ Кимдир бирөөнү ашкерелөө жана кемсинтүү максатында жаштар чөйрөсүндөгү хейтинг, буллинг.

Практикалык тесттер:

1. Сиз бул билдирүүнүн социалдык тармактарда бөлүшөсүзбү? “Жок, фейк” же “Ооба, бул чындык” белгисин тандаңыз:

- ☐ «МААНИЛҮҮ! Бүгүн шаарда COVID-19 дезинфекциясын тик учак менен жүргүзүшөт. Бардык туугандарыңызга жана жакындарыңызга эскертип коюңуз!». ФЕЙК
- ☐ «Өзүн өзү дарылоо, өзгөчө антибиотиктерди же катталбаган дары каражаттарын алуу өлүмгө жана оордошууларга алып келиши мүмкүн». ЧЫН
- ☐ «Окумуштуулар коронавируска каршы мыкты каражатты аташты – сарымсак, бал, лимон жана имбирь. Рецептти төмөн жактан караңыз!Өзүңдү жана жакындарыңды сакта!». ФЕЙК
- ☐ «Талморсуу симптомдору: дене табы, жөтөл, алсыздык болгон учурда, жашаган жери боюнча дароо медициналык мекемеге кайрылуу же COVID-19 маселелери боюнча бирдиктүү номерге – 112 чалуу керек». ЧЫН.

2. Кытайга, кытайларга, кытай товарларына, ашканасына ж.б. карата жактырбастык, сабырсыздык кандай аталат? Сунушталгандардын ичинен туура жоопту тандаңыз:

- ☐ Чайнафобия
- ☐ Синофобия
- ☐ Синафлан
- ☐ Ксенофобия

3. “Кастык тилинин” төмөндөгү мисалы кандай “макулдук тили” менен алмаштырууга болот - “Эмне үчүн бул жүздөгөн дамбалчан сакалчандарды киргизип коюшту? Вирус менен Аравияда отура берип жана куткар деп Кудайга сыйынып отура берсе болсок!”. Сунушталгандардын ичинен туура вариантты тандаңыз:

- ☐ «Кооптуу ооруну жуктурган, ажылыктан келген адамдардын аэропортко келиши жергиликтүү жашоочулардын негиздүү кооптонуусун жаратат. Өлкөдө эпидемия толкунун жаратпаш үчүн, бийлик мындай топтордун өлкөгө учуп келишине жол бербеши керек».
- ☐ «Бул динге ишенген адамдар бизге вирус алып келишти, ошондуктан аларды мечитте обочолонтуп, шаарга киргизбей жана алардын динине ылайык, дарылабай коюш керек болчу». ТУУРА ЭМЕС
- ☐ «Оору жуктуруу деңгээли жогору болгон өлкөлөрдөн зарыл текшерүүсүз жана аэропортто обсервацияга алуусуз адамдардын агымынын келиши өлкөдө оорунун күчөшүнө алып келет деп тынчсызданабыз. Бардык келген адамдар текшерилип жана обсервациядан өтүшү керек». ТУУРА

5-тема.
"Кастык тилинин" ообъекттери. Корголгон мүнөздөмөлөр

Теориялык тесттер:

1. Туура туюндурманы тандаңыз - "кастык тилинин" объекти деген эмне?

- ☐ Бул мамлекеттик органдар, чиновниктер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү.
- ☐ Бул "кастык тили" багытталган топтор жана адамдар (өлкөнүн мыйзамдары жана эл аралык укук менен корголгон мүнөздөмөлөр боюнча).
- ☐ Бул эл аралык уюмдар, долбоорлор, ӨЭУ.

2. Адамды басмырлоодон коргогон ченемдер кайда камтылган? Туура жоопторду тандаңыз:

- ☐ Улуттук мыйзамдарда – Конституцияда, Жазык кодексинде
- ☐ 1964-жылдагы адамдарды басмырлоодон коргоочулардын эл аралык хартиясы.
- ☐ Эл аралык укуктук актыларда: **Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Жарандык жана саясый укуктар жөнүндө эл аралык пакт**, Теңдик принциптеринин декларациясы — Equal Rights Trust.
- ☐ Бириккен улуттардын Дүйнөлүк Конституциясында.

3. Эл аралык ченемдер менен адамды басмырлоонун кандай түрлөрүнө уруксат берилген?

- ☐ Адамдардын курагы боюнча.
- ☐ Саясый ынанымдары боюнча.
- ☐ Сексуалдык багыты боюнча.
- ☐ Бардык түрлөргө тыюу салынат.

Практикалык тесттер:

1. Тизмеден эл аралык укукка ылайык басмырлоодон корголгон мүнөздөмөлөрдү тандаңыз:

- ☐ Улуттук азчылыктар
- ☐ Вегетарианцтар
- ☐ Майып адамдар
- ☐ Филателисттер

2. Төмөндөгү туюндурмалар кемсинтүү болуп саналабы:

- ☐ Бүтүк көз жапайылар
- ☐ Пайдасыз кызматкер ЖОК
- ☐ Семиз эже
- ☐ Коррупцияга баткан атка минерлер ЖОК

3. Туюндурманын түрүн аныктаңыз: пикир, стереотип, калыс эмес пикир:

- ☐ Мен дарыгерлердин жакшы көрөм, анткени алар дайыма мээримдүү. Калыс эмес пикир
- ☐ Айрым дарыгерлердин мага мээримдүү болгону жагат. Пикирин билдирүү
- ☐ Дарыгерлер – мээримдүү адамдар. Стереотип

6-тема.
“Кастык тилин” колдонуунун алдын алуу: методдор жана куралдар

Теориялык тесттер:

1. “Жек көрүүчүлүк тилине жок деп айт” (No Hate Speech Movement кыймылы жөнүндө эмнени билесиз?

- ☐ Кыймыл социалдык тармактарда “кастык тилинин” алдын алуу үчүн Борбор Азия өлкөлөрүнүн өкмөттөрүн тарабынан түзүлгөн.
- ☐ Кыймыл Европа Кеңешинин жаштардын укук коргоочу онлайн-кампаниясы болуп саналат.
- ☐ Кыймыл үй-бүлөдөгү аялдарга жана кыздарга карата зомбулукка каршы Индияда аялдар уюмдары тарабынан түзүлгөн.

2. Медиа-маалыматтык сабаттуулук (ММС) деген эмне?

- ☐ Адамдын өз оюн жазуу, баяндоо жана ММК окуу, ар кандай форматтарда максималдуу санда медиапродукцияны көрүү жөндөмдүүлүгү
- ☐ Адамдын маалымат алуу жөндөмдүүлүгү эске алынган атайын орто билим берүү мекемесин аяктаганы жөнүндө күбөлүк.
- ☐ Көйгөйлөрдү талдоо жана чечим кабыл алуу үчүн колдонулган маалыматты алуу, түшүнүү, баалоо, ыңгайлаштыруу, өндүрүү, сактоо жана берүү үчүн керектүү компетенциялардын топтому.

3. Сиздин алдыңызда фейк маалымат турганын кантип аныктайсыз? Туура жоопторду тандаңыз:

- ☐ Соцтармактарда пост кылып жана көрүүлөрдүн санын карап. Көп санда көрүүлөр болгон учурдагы тыянак – бул фейк эмес.
- ☐ Маалыматты ишенимге татыктуу болгон кеминде 2-3 булактан, анын ичинде расмий булактардан кайра текшерүү.
- ☐ Фото, видео фейкти текшерүү үчүн заманбап техникалык каражаттарды, тиркемелерди пайдаланып.
- ☐ Маалыматты жакын досторунан жана туугандарынан тактап.

Практикалык тесттер:

1. Сиз социалдык тармактагы бул постко кандай реакция кыласыз – “Мен бардык майыптарды мурдагыдай талаага алып барып, ошол жерге таштап салмакмын. Эң күчтүү жана дени сактар гана жашасын – бул табигый тандоо!”:

- ☐ Анын контентин өз түрмөгүңүздөн көрбөш үчүн колдонуучуну же аккаунтту бөгөттөңүз.
- ☐ Пост же комментарий, видео, фото коомдоштуктун эрежелерин бузуп жатканын белгилеп, модераторго даттануу жазыңыз.
- ☐ Ал туура эмес пост жазганын болушунча көбүрөөк адамдар көрүш үчүн постту таратыңыз.

2. Редактор журналистке көбүрөөк хейт жана көрүүлөр болушу үчүн, макала даярдоо жана каармандын жаман өңүттөгү сүрөтүн табуу тапшырмасын берет. Журналист кандай кылышы керек:

- ☐ Тапшырманы аткарышы керек, анткени ал редакторго баш ийет.
- ☐ Редактор ага жогорку гонорар төлөп бере турган шарт менен тапшырманы аткарууга макул болуу, анткени макала көрүүлөрдүн эсебинен кошумча киреше алып келет.
- ☐ Тапшырмадан баш тартуу жана планеркада мындай материалдарга жол берилбестигин талкуулоо, колдоо жок болсо – өз ишиндеги этикалык стандарттарды бузбаш үчүн иштен бошонуу.

3. ЖОЖдогу профессор ачык пост жазган: «...Аялдарды сабаса болот, кээде сабаш керек». Сиз кандай аракет көрөсүз:

- ☐ Анын постун колдоңуз жана аны бөлүшүңүз, анткени ал көпчүлүк эркектердин позициясын билдирген.
- ☐ Посттун астында комментарий жазыңыз, “кастык тилинин” кандай белгилерин көргөнүңүздү көрсөтүп жана постту өчүрүүнү жана аялдардан кечирим суроону сунуштаңыз.
- ☐ Пикирлешиңиз менен макулдашып жана анын артына “Мен аялды жаман көрөм жана зордукчумун” жазуусун чаптап коюңуз!».

ТИРКЕМЕ 2

КЫЗЫКТУУ ФАКТЫЛАР



1.

Нидерландда дискриминацияга каршы катаал мыйзам кабыл алынып жана 95% учурларда авторго же сайттын ээлерине материал мыйзамсыз деп айтуу менен эле аны өчүрүүгө мүмкүн болуп калган. Ал эми мунун баары жергиликтүү коомдук фонддордун биринин «кастык тилине» жооп кылуусунан башталган. «Маджента» фонду өзүнүн Интернеттеги дискриминацияга байланыштуу даттануу бөлүмү аркылуу Интернеттеги «кастык тилинин» миңден ашуун көрүнүшүн өчүртүүгө жетишкен. Бул алардын авторлоруна же сайттын ээлерине «кастык тили» камтылган контентти өчүрүү талабын жолдоо аркылуу ишке ашкан.

2.

2016-жылы Европа комиссиясы жана социалдык тармактардын төрт негизги платформасы «Интернетте жек көрүүчүлүктү мыйзамсыз тутантууга каршы туруу үчүн жүрүм-турум Кодексин» кабыл алышкан (Жалпы саясий кеңештер ЕКРН № 15 Негизги темалар. — С.2. //URL: https://rm.coe.int/-15-/16808b7673). Бул документте Европада мындай контенттин таркашына каршы күрөшүү максатында Facebook, Twitter, YouTube жана Microsoft компаниялары кабыл алган бир катар милдеттемелер камтылган.



3.

Фейк маалыматты жасоо боюнча заманбап технологиялар мүнөт сайын өнүгүүдө. Эгер он жыл мурда биз текст менен сүрөттү оңой эле жасап койсо болот, эң ишенимдүү маалымат – бул видео деп эсептеп келсек, бүгүн болсо deep fake технологиялары пайда болду, анын жардамы менен каалаган адамдын келбети, үнү менен кадимки чындыктан айырмаланбаган видео жасап коюуга болот, аны жасоочулардын колунда ал адамдын реалдуу каалаган видеосу болсо эле болду. Бирок фейк жасоо технологиялары менен бирге эле аларды айырмалап таануу методдору да иштелип чыгууда – веб-сайттар, платформалар, жасалган сүрөт, видеолорду аныктоо боюнча тиркемелер, алар фото менен видеонун түпкү булагын, тартылган ордун жана убактысын аныктап бере алышат, ошондой эле плагиатты, текстке карата манипуляцияны аныктаган ресурстар бар. Албетте, кайсы бир технологиялар антифейктик ресурстардан озуп алдыда болот, бирок аларды билүү жана жаңы иштеп чыгууларды билип туруу, аларды колдоно билүү – заманбап медиа кызматкеринин милдеттүү жөндөмү болуп саналат.



4.

Америкалык соцтармактар колдонуучулар үчүн өкмөттүк ММКлардын контенттерин белгилеп коюшат, мамлекет тарабынан берилген пропаганда жана агитацияны аныктоо үчүн.



5.

Англиялык жазуучу Агата Кристинин детектив романы 1939-жылы «Он негрлер» (англ. Ten Little Niggers) деген ат менен басылган, Америкда болсо китеп бир жылдан кийин «Эми эч ким калган жок» (англ. And Then There Were None). Деген ат менен жарык көргөн. АКШда жалпыга ачык мейкиндикте niggers деген сөздү колдонбоону чечишкен.



6.

«Нью Йорк таймс» гезитинин сайтынын контент-менежерлери, Франциск папасы жөнүндөгү материал чуулгандуу болоорун билип, колдонуучулар үчүн эреже киргизишкен: комментарий калтыраардан мурда тесттен өтүү керек болгон, натыйжада комментарий сайттагы дискуссиянын керектүү бөлүмүнө барып түшкөн, анткени, бир катар этикалык талаштарда оппоненттер бири-бирин эч качан укпайт жана мындай талаштардын чеги жок, эч найтыжага алып келбейт.



7.

Социалдык тармактардын модераторлору жумушуна байланыштуу абдан катуу стресске кабылышат. Мисалы, YouTube каналынын модераторлору тыюу салынган контентти көрүү жана иргөө боюнча 3 айлык иштен кийин психологго кайрылышат, фото жана видео материалдар аларга абдан катуу психологиялык жарааттарды алып келип жатканына даттанышат. Айрымдар чыдабай жумуштан кетишет, бошонуп кеткенден кийин да көпкө чейин стресстен арыла алышпайт.



8.

Интернет 5 деңгээлден турат:

1) Биринчи деңгээли Surface Web деп аталат. Бул деңгээле жалпы интернеттин 4% гана түзөт. Бул биз күнүгө колдонгон интернет: социалдык тармактар, издөө системалары, жаңылыктар, блогдор, онлайн-кинотеатрлар.

2) Интернетин экинчи деңгээл — кызыкчылыктар боюнча контент, катардагы колдонуучулар үчүн жабык.

3) Үчүнчү деңгээл — мыйзамсыз ишмердүүлүк кылган уюмдардын тыюу салынган веб-сайттары.

4) Төртүнчү жана бешинчи деңгээл — DarkNet. Адамдын аң-сезиминен сырткаркы контент, адамдарга карата эксперименттер ж.б.

9.

Telegram 2018-жылы терорризмге каршы күрөш деген максатта жабылган. Ошондон бери мессенжерде коргонуунун кошумча каражаттары, экстремисттик пропаганданы табуу жана өчүрүү методдору пайда болду, андан тышкары, дүйнөдө теракттарды алдын алууга жол берген механимздер киргизилди, ошол эле учурда колдонуучулардын купуялуулугуна зыян келтирилбейт. Мессенжердин негиздөөчүсү Павел Дуров мындай дейт: «Биздин соңку 6 жыл ичиндеги ондогон өлкөлөрдөгү ишибиздин тажрыйбасы көрсөткөндөй: терроризмге каршы күрөш жана жеке кат алышуудагы купуялуулук укугу бири-бирин жокко чыгарбайт. Дүйнөлүк тажрыйба жана заманбап технологиялардын өзгөчөлүктөрү Россиянын мыйзам чыгаруучуларына бул эки милдетти айкалыштырууга жардам берет деп ишенем».

ТИРКЕМЕ 3

ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУНУН ГЛОССАРИЙИ

ВСПЫШКА — тез жана структуралаштырылган кайтарым байланышты түзүү методу. Бул метод ошондой эле, адамдар ортосундагы коммуникацияны жакшыртуу үчүн да колдонулат, анда ар бир адамдын пикирин эркин билдирүүсү кубатталат. Талкуу убагында айтылган пикирлерди башка студенттер да, мугалим да комментарий кылбайт. Мугалим студенттерге кайтарым пикирлери жана кайтарым байланышы үчүн ыраазычылык билдирсе болот.

ДИСКУССИЯ — белгилүү бир маселе боюнча ачык жана эркин көз караштарды алмашууга негизделген окутуу методу. Студенттердин билдирүүлөрү өзүлөрүнүн жеке пикирин чагылдырып же башка адамдардын пикирине таяна алат. Дискуссия эки адамдын ортосунда, чакан топтордо же жалпы группанын катышуусунда өткөрүлүшү мүмкүн.

КАЗУС (ОКУЯ, ЖАГДАЙ) — окуудагы же жашоодогу кандайдыр бир мисал, окуя, аны анализдөө менен маселенин чечимине алып келе турган жалпылоого келүүгө болот. Казус менен иштөөнүн формаларынын бири — моралдык диллема методу. Чечүүгө сунушталып жаткан дилеема бир нече талаптарга жооп бериши керек:

— мазмуну жагынан жеткиликтүү болушу керек;

— чынында эле маанилүү нравалык маселелерди козгошу керек;

— укуктук да, моралдык да чечимге ээ болушу керек.

КЕЙС — реалдуу кырдаалды сүрөттөгөн окуу мисалы. Ал студенттерге окуу практикасы менен социалдык реалдуулукту байланыштырууга жардам берет. Кейс ошондой эле, окуу программасына талаштуу темаларды кошуу менен, студенттер үчүн дискуссиянын абстрактуулугун төмөндөтөт.

ПРЕЗЕНТАЦИЯСЫ МЕНЕН ЛЕКЦИЯ — студенттерди контекст менен байланыштуу учурдагы процесстер, медиа чөйрөдөгү тренддер менен, лекцияга киргизилген негизги түшүнүктөр, терминдер менен таанышырган метод.

1 МҮНӨТТҮК СУРАМЖЫЛОО — тез жана структуралаштырылган кайтарым байланышты түзүү методу. Сабактын аягында студенттерге алдын ала даярдалган үч суроо жазылган баракча таратылат, алардын ар бирине бир мүнөттүн ичинде жооп берүү керек (купуя түрдө):

— Бүгүнкү сабакта кандай маанилүү маалыматка ээ болдуң?

— Бүгүн кандай манилүү нерсеге үйрөндүң? (Кандай манилүү көндүмгө үйрөндүң бүгүн?)

— Эмнени таптакыр түшүнгөн жоксуң?

Көпчүлүк учурда студенттерге жооп-

торун жазууга болжол менен 5 мүнөт талап кылынат.

ЧАКАН ТОП МЕНЕН ИШТӨӨ — интерактивдүү окутуунун эң манилүү методдорунун бири. Ишти баштоодон мурда мугалим студенттерди төмөнкү ыкмалардын бири менен чакан топторго бириктирет: кызыктуу оюну аркылуу, балдар санагычы менен, «биринчи-экинчи» деп саноо аркылуу, жакшыр көргөн жылы же түсү ж.б. боюнча. Топ менен иштөө татаал окуу тапшырмасы же жашоодогу көйгөй боюнча жамааттык чечим иштеп чыгууга багытталган. Топтун ишинин жыйынтыгы жалпы аудиторияга эркин формада тааныштырылат (презентация). Чакан топтор менен иштөө үчүн берилчу убакыттын узактыгы чечүүгө муктаж болгон маселенин оордугунан көз каранды болот, 10-30 мүнөт.

МААЛЫМАТ БУЛАКТАРЫ МЕНЕН ИШТӨӨ / PQ4R МЕТОДУ БОЮНЧА ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ — жекече иштөөдө да, чакан топ менен иштөөнү уюштурууда жаңы билимдерди берүү жана аларды өздөштүрүү этабында колдонула турган интерактивдүү окутуу методу. Методдун аталышы аны колдонууда аткарылчу ар бир кадамдын баш тамгалары менен чечмеленет.

P (preview/алдын ала обзор): студенттер баш сөздөрдү, текстти, сүрөттү бир көз жүгүртүп карап чыгышат.

Q (question/суроолор) — студенттер баш сөзгө, текстке, сүрөткө суроо түзүшөт.

R (read/окуу) — ар бир студент текстти өз ичинен кунт коюу менен окуп чыгып, суроолорго жооп берүүгө аракет кылат. Тексттеги маанилүү жерлер белгиленет жана туура келген негизги фразалар түрүндө жазылып алынат.

R (reflect/ой калчоо) — студенттер негизги түшүнүктөргө окшоштуктарды же мисалдарды табууга аракет кылышат, маселенин айланасында ой жүгүртүп же тексттеги маалыматты колдонуунун пайдасы жөнүндө ойлонуашт, суроо беришет: тексттин мазмуну баш сөз менен шайкешпи, журналистиканын этикалык принциптери бузулган жокпу, адам укуктары сакталганбы ж.б.

R (recite/оку) — ар бир студент кыскача ой топтомдорун жазып же изилденип жаткан материалдын негизги мазмунун графикалык түрдө түшүрөт жана аны башкалар менен талкуулап же жазгандарын өзүнө үн чыгарып окуп берет.

R (review/резюме) — маалыматтын булагы менен иштөөнүн бул этабында студент өз бүтүмдөрүн чыгарат.

Кайтарым байланыш — башка адамга (же гурппага) анын аракеттери кандай кабылданып жатканы, ал башка

адамдарга, жалпы кырдаалга кандай таасир этип жатканы туурасындагы маалыматты берүү. Кайтарым байланыш окуутууда ал процесстин катышуучуларына таасир этүүгө жол берет, аларды өз ойлорун, сезимдерин, туюмдарын, аракеттерин анализдөөгө түрткү берет. Кайтарым байланыш сыпайы, сылык, адептүү болууга тийиш.

Бул курста студенттерден тез кайтарым байланыш алуу үчүн эки метод сунушталат: «1 мүнөттүк сурамжылоо» жана «Жарк этүү».

БААЛООЧУ БАРАК — материалды өздөштүрүү процессин так аныктай турган метод: сабактын башында баалоо – студенттердин предмет боюнча билим деңгээли кандай, сабактан кийин — студенттер алган билимдерин кандай өздөштүрүштү, негизги түшүнүктөрдү, терминдерди эстеп калганын, түшүнгөнүн баалоо. Баалоону окутуу учурунда өздөштүрүү деңгээли кандай болуп жатканын аныктоо үчүн сабактын ортосунда да жүргүзсө болот.

САБАКТАР ОРТОСУНДА ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ — бул метод студенттерге сабактын предмети менен иштөө убактысын көбөйтүүгө жол берет, керектүү маалыматты ар кандай булактардан издөөгө (мугалим мындай тизме берсе болот), предмет туурасында көбүрөөк көлөмдө маалымат алууга, изилденип жаткан предмет туурасында ар кандай позициялар, пикирлер менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышат.